Бул долбоор Европа Биримдиги тарабынан каржыланат

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН "ЖАЛПЫГА МААЛЫМДОО КАРАЖАТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ" МЫЙЗАМЫНА УКУКТУК ТАЛДОО

А. К. Алагушев
С. Ч. Исабаева

Бишкек 2021

УДК 659
ББК 76
А 45

**Алагушев Акмат Кыргызбаевич,**
**Исабаева Сырга Чоробековна**

А 45 Кыргыз Республикасынын “Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө” мыйзамына укуктук талдоо. – Б.: “Медиа Полиси Институту” коомдук фонду, 2021. – 102 бет.

ISBN 978-9967-9316-2-6

Бул басылма Кыргыз Республикасынын “Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө” мыйзамын жана анын чектеш укуктарды жөнгө салуучу мыйзамдар менен байланыштуулугун укуктук талдоого арналды.

Бул укуктук талдоонун максаты: “ЖМК жөнүндө” мыйзамдын өзүндөгү айрым карама-каршылыктарды, кемчиликтерди айкындап, жалпы эле медиага тиешелүү мыйзамдардагы маселелерди иликтөө.

Авторлор медиа чөйрөнү укуктук жөнгө салуу механизмдерин кылдат изилдеп, сыпаттап, укук колдонуу практикасын карап чыгып, мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча нускоолорду сунуш кылышты. Бул изилдөөнүн тыянактарын бышыктоо үчүн авторлор өз тажрыйбасындагы мисалдарды келтиришти.

Изилдөөдөгү он бөлүмдө медиа чөйрөнүн ар кайсы жааттары каралат да, КР “Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө” мыйзамы 1992-жылы кабыл алынгандан азыркы кезге чейинки мезгилди камтыйт. Документтин электрондук версиясы www.media.kg сайтында жеткиликтүү.

Бул басылма Кыргызстандагы жалпыга маалымдоо каражаттарынын ишмердигин укуктук жөнгө салуу маселелерине кызыккан окурмандардын баарына арналат. Изилдөө медиа мыйзамдарын жакшыртууга умтулуп, жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркин өнүгүшүн жактаган институттарга пайдасы тиет деп үмүттөнөбүз.

Изилдөөнүн авторлору “Медиа Полиси Институтундагы” кесиптештерине: деректир Б. Д. Усеновага жана юристтер Н. И. Алишева менен Н. К. Сыдыковго бул талдоого жана басылманы даярдоого салым кошкондугу үчүн алкыш айтышат.

Бул изилдөө “Медиа Полиси Институту” коомдук фонду тарабынан “Медиа Диалог” долбоорунун алкагында, Европа Биримдигинин каржылык колдоосу менен жүргүзүлүп, басылып чыкты. Бул басылманын мазмунуна “Медиа Диалог” долбоору жооптуу, анда Европа Биримдигинин көз карашы чагылдырылбайт.

Бардык укуктар корголгон. Материалдарды пайдаланганда ушул басылмага милдеттүү түрдө шилтеме жасоо керек.

ISBN 978-9967-9316-2-6 УДК 659
ББК 76

© Алагушев А. К., 2021
© Исабаева С. Ч., 2021
© “Медиа Полиси Институту» КФ, 2021

## МАЗМУНУ

Кириш сөз ........................................................................................ 5

Киришүү ............................................................................................ 7

**I бөлүм.** Чектеш мыйзамдар ........................................................ 13

**II бөлүм**. КР "Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө" мыйзамдагы түшүнүктөрдүн аныктамасы ................................... 19

**III бөлүм.** Цензурага тыюу салуу .................................................. 37

**IV бөлүм.** ЖМКны каттоо ............................................................ 45

**V бөлүм.** Редакция жана Жобо ..................................................... 51

**VI бөлүм.** ЖМКнын ишмердигин токтото туруу жана токтотуп салуу ............................................................................................... 57

**VII бөлүм.** ЖМКнын эркиндигин кыянаттык менен пайдаланууга жол берилбестиги ........................................................... 67

**VIII бөлүм.** Маалыматтын жеткиликтүүлүгү. Укуктар жана милдеттер ......................................................................................... 73

**IX бөлүм.** ЖМКнын башка жактар менен мамилеси ................ 81

**X бөлүм.** ЖМКнын жоопкерчилиги жана андан бошотуу учурлары ............................................................................................... 85

Тыянак ............................................................................................... 93



# КИРИШ СӨЗ

## Сөз эркиндиги

“...Басма сөз эркиндиги илимди өнүктүрүп, бийик деңгээлге чыгарат, зыяндуу токтомдордун баарын жоёт, бардык мансапкорлордун адилетсиздигин чектейт жана эркин мамлекеттеги Өкмөттүн эң ишеничтүү коргоочусу болуп саналат, анткени ал ушундай тариздеги башкарууну жалпы элдин жакшы көрүшүнө өбөлгө түзөт...”[1]. “...Ошондуктан акылман Өкмөт, бир жагынан, элдин нааразылыгын курал-жарак менен эмес, калем-кагаз менен билдиришине шарт түзөт, экинчи жагынан, ызы-чуу жана башаламандыкты тынчытып, анын алдын алат...”[2].

Бул цитаталар скандинавиялык чыгаан ойчул Петер Форссколдун “Жарандык эркиндик жөнүндө” трактатынан алынган. 1759-жылы жазылган бул эмгек Швецияда басма сөз эркиндигин кепилдеген дүйнөдөгү алгачкы мыйзамдын 1766-жылы кабыл алынышына өтө зор таасир эткен.

Кийин Швециянын тарыхында басма сөз эркиндиги жөнүндө мыйзам үч жолу (1812, 1849 жана 1982-жылдарда) өзгөргөн. Бирок ар бир швед бийликтин тоскоолдугусуз маалыматты алууга жана таратууга укуктуу деген принцип өзгөрүүсүз кала берген. 1991-жылы Швецияда пикир айтуу эркиндиги жөнүндө мыйзам кабыл алынган (2003-жылы ага түзөтүүлөр киргизилген), ал боюнча маалыматка кол жеткирүү жана медианын бардык түрлөрүн эркин колдонуу принциби таратылган.

Кыргызстандын жалпыга маалымдоо каражаттары үчүн башкы мыйзамы (“ЖМК жөнүндө” мыйзам) 1992-жылы кабыл

[1] Форсскоь П. Жарандык эркиндик жөнүндө ойлор. Түп нускадан түшүндүрмөлөрү менен кошо которулган. – Москва: М. В. Ломоносов ат. ММУ, журналистика факультети, 2010. – 14-бет
http://www.peterforsskal.com/pdf/fullrussiantext.pdf. сайтында жеткиликтүү (Кайрылуу датасы: 20.08.2020 ж.).

[2] Ошол эле жерде. – 15-бет

алынган. Шведдердикинен айырмаланып, бул мыйзамда басма сөз эркиндиги жөнүндө принцип катары айтылбагандыктан, аны реформалоо зарылдыгы жок деп биз мактана албайбыз.

Жалпысынан алганда, ЖМКнын иштөө эрежелери кыйла туруктуу бойдон калып, узак мезгил аралыгында өзгөрбөгөндүгү жакшы бааланып келди. Бул ЖМК өз жоопкерчилигинин чегин билиши керек, ал эми мамлекет укуктар менен милдеттерди жүзөгө ашыруунун бирдей “стандартын” камсыздоого тийиш деген “оюн эрежелерин” процесске катышуучулардын түшүнүшүнө өбөлгө түздү.

Экинчиден, азыркы кезде мыйзам моралдык жактан эскирип калды, анткени жаңы технологиялардын өтө тез өнүгүп жатканына байланыштуу мурдатан калыптанган “оюн эрежелери” медиа жааттарын жаңы көйгөйлөрдөн коргой албай жатат.

Ошентсе да, журналисттер коомчулугу каалагандай алдыңкы демилгелер ЖМК үчүн коргоочу эмес, чектөөчү мүнөзгө ээ болот деп чочулайт. Мындай кооптонуунун негизи бар, себеби Жогорку Кеңештеги атаандаштыктын жоктугу, айрыкча соңку кездеги бир беткейлик мыйзам чыгаруу ишинин өтө начарлап кетишин шарттады. Парламентте айрым мыйзамдар эч талкууланбай, сынга алынбай, далилсиз эле кабыл алынганын баарыбыз көрүп турдук. Мунун айынан мыйзамдар чала иштелип, зыяндуу болуп жатат.

Буга карабастан жаңы демилгелерге, сунуштарга жана алардын талкууланышына тыюу салынбашы керек. Анткени, бир жагынан, журналисттер коомчулугу өз позициясын биргелешип сактап калуу үчүн жетиштүү мүмкүнчүлүккө ээ, экинчи жагынан, бийликтин сөз эркиндигин чектөөгө багытталган демилгелери дагы эле түшүп жатат.

Дал ошондуктан биздин уюм жүргүзгөн “Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө” мыйзамдын укуктук анализин карап чыгууга сунуштайбыз.

**Бегаим Усенова,**
**“Медиа Полиси Институту”**
**коомдук фондунун деректири**

## КИРИШҮҮ

Кыргыз Республикасында сөз эркиндигин жана пикир айтуу эркиндигине болгон укукту КР Конституциясы, КР “Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө” мыйзамы[3] (мындан ары – КР “ЖМК жөнүндө” мыйзамы), КР “Журналисттин кесиптик ишмердигин коргоо жөнүндө”[4], КР “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагындагы маалыматтын жеткиликтүүлүгү жөнүндө” мыйзамы[5] ж.б. ченемдик-укуктук актылар жөнгө салат.

Бирок мыйзам ченемдери айрым өксүктөрүнө, чийки жактарына же ачакей чечмеленишине байланыштуу дайым эле ЖМК менен журналисттердин укуктарын коргой албайт. Укук талаасындагы жалаа менен акарат кептердин жазык жоопкерчилигинен четтетилиши, Президенттин “ар-намысын жана кадыр-баркын коргоо” максатында Башкы прокурордун доо өндүрүшүн козгоо үчүн Президенттен уруксат алышы сыяктуу кээ бир жакшы өзгөрүүлөр менен катар иш жүзүндө ЖМК жана журналисттердин укуктары менен ишмердигин чектөөчү көптөгөн эреже бузуулар жана укуктарды чектеген жосундар болуп жатканын айтуу керек. Мисалы, көп сандаган доо арыздар, мунун ичинен айрым ЖМКлардын (“Сентябрь” жана “Апрель” телеканалдарынын) жабылышына алып келгендери, чектегич жаңы мыйзам демилгелери, саясий куугунтуктар, кастык тилине байланышкан жазык иштери (КР ЖзК 299-, 313-бер.), суракка чакыруулар, ошондой эле медиа өкүлдөрүнө кол салуулар жөнүндө да сөз кылуу керек.

Укуктук маселелер менен катар, медиа чөйрөдөгү жагдай-

[3] http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/819 сайтында жеткиликтүү
[4] http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/588 сайтында жеткиликтүү
[5] http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202010?clөru-ru сайтында жеткиликтүү

га азыр журналисттердин кесипкөйлүк деңгээлинин төмөндүгү, стандарттарды сактабай жатканы, материалдык ресурстардын жетишпестиги, эмгек акынын аздыгы да таасир этүүдө.

Демократиялык тескөө жаатындагы эл аралык консультант Альбан Бьёса жана "Медиа Полиси Институту" КФ деректири Бегаим Усенова Европа Биримдигинин Кыргыз Республикасындагы Өкүлчүлүгү үчүн жүргүзгөн өздөрүнүн «Media institutions as drivers of democracy» изилдөөсүндө жогоруда айтылган көрүнүштөрдүн баарын журналисттердин өзүн-өзү чектөөсүнүн себеби деп көрсөтүшөт.Эксперттер 2020-жылкы парламенттик шайлоо өкмөттүн ЖМК жаатындагы кызыкдар тараптардын баары менен ЖМК чөйрөсүндөгү саясатты реформалоо жана бул секторду өнүктүрүү маселелери боюнча иштешүүсүнө жакшы мүмкүнчүлүк түзмөк дешет. Шайлоо алдында негизги реформаларды аныктап, шайлоодон кийин жүзөгө ашырууну пландоо үчүн Кыргызстандагы кызыкдар тараптардын иш-аракетин координациялоо талап кылынат.

Чындыгында 2020-жылдагы парламенттик шайлоо – бул депутаттык корпустун жаңыланышы. Ошондуктан тармактык мыйзамдарды ЖМК менен журналисттердин тажрыйбасында кездешүүчү реалдуу жагдайларга шайкеш келтирүү максатында текшерүү алардын мыйзам чыгаруу ишмердигинин жакшы башталышы жана ата мекендик массмедиа үчүн чоң колдоо болмок.

Кыргыз Республикасынын "Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө" мыйзамына укуктук талдоо Европа Биримдиги каржылаган "Медиа диалог" долбоорунун алкагында даярдалды. Бул документти иштеп чыгууда укук коргоочулар, ЖМК жана медиа уюмдардын өкүлдөрү менен жолугушуулар жана кеп-кеңештер өткөрүлдү. Жолугушуулар медиа мыйзамдарындагы негизги маселелерди аныктап, аларды ченемдик-укуктук актыларды өзгөртүү аркылуу чечүү жолдору талкуулоо максатында уюштурулду. Ошондой эле журналисттер, эксперттер коомчулугу, юристтер, жарандык активисттер жана саясат таануучулар катышкан тегерек стол да өткөрүлдү. Бул иш-чаранын максаты укуктук талдоодо сунушталган нускамаларга баа берип, жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркин, ке-

сипкөй жана коопсуз иштешин камсыздоо үчүн кошумча таянычтарды иштеп чыгуу эле. Бул документти медиа коомчулугу кабыл алды.

Бул талдоонун эң орчундуу өзгөчөлүгү – ага авторлордун, адвокаттардын жеке тажрыйбасынан мисалдар камтылды. Бул чоң мааниге ээ, анткени мыйзам ченемдеринин практикада колдонулушу алардын кемчиликтерин айгинелейт.

“Медиа Полиси Институтунун” улуттук мыйзамдарга жана укук колдонуу практикасына көңүл бурушу менен катар, “Артикль 19” “ЖМК жөнүндө” мыйзамын да талдап, анын эл аралык стандарттарга канчалык ылайык келерине басым жасады. “Артикль 19” өзүнүн бул документинде биздеги кызыкдар тараптарга ЖМКнын бардык формаларын тескөөгө багытталган алкактык мыйзам пайдалуу мыйзамдык каражатпы деген суроону караштырууну сунуштайт. Бул уюмдун эксперттери КР “ЖМК жөнүндө” азыркы мыйзамында көп кемчиликтер бар экенин белгилешет. Ошентсе да, алар муну камтуусу жана ыгы боюнча окшош башка алкактык мыйзам менен алмаштырууга убакыт сарптоонун кажети жок дешет. “Артикль 19” ЖМК жөнүндө мыйзамдарды реформалоо үчүн ЖМКнын айрым түрлөрү же конкреттүү маселелери боюнча адистештирилген мыйзамдарды иштеп чыгууга же өркүндөтүүгө, ошондой эле ЖМК менен байланышпаса да, ЖМК үчүн өзгөчө мааниси бар чектеш маселелерге тиешелүү мыйзамдарды иштеп чыгуу же өркүндөтүү керек деп эсептейт.

Эми талданып жаткан укуктук актынын өзүнө келели. КР “Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө” мыйзамы 1992-жылы 7-июлда кабыл алынып, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтому менен күчүнө кирген. ЖМК жөнүндө улуттук мыйзамдардын калыптануу баскычында ал басма сөз менен телерадио берүүнү өнүктүрүү жагынан чоң роль ойногон. Көпкө чейин бул мыйзам мезгил талабына жооп берип, “чөйрө” катышуучуларынын баарына ыңгайлуу болуп келген.

Бүгүнкү күндө аталган мыйзамда бир катар так эместиктер, кемчиликтер жана карама-каршылыктар кездешет, анын көп-

төгөн ченемдери түп тамырынан бери өзгөртүүлөрдү талап кылып турат. Медиа эксперттер, юристтер жана ЖМК өкүлдөрү да мыйзам ченемдеринин жеткилең эместигин белгилеп келишет. “Мыйзамды жакшыртуу керекпи?” деген суроо медиа чөйрөлөрдө да көп ирет талкууга алынды. Мындай өзгөртүүлөрдү колдогондор болгон, бирок ага каршы пикирдегилер көпчүлүктү түзгөн. Ал тургай парламенттин депутаттары жана кызматкерлери интернетти маалымат каражаттарынын аныктамасына киргизебиз деп бир нече ирет аракет кылышты. Жыйынтыгында “ЖМК жөнүндө” мыйзамды толуктоочу телекөрсөтүү жана радиоуктуруунун техникалык жагына, лицензия алууга ж.б. тиешелүү бир катар башка мыйзамдар жана ченемдик-укуктук актылар[6] кабыл алынды.

“ЖМК жөнүндө” мыйзам, бир нече түзөтүүлөрдү эске албаганда, бүгүнкү күнгө чейин дээрлик өзгөрүүсүз иштеп келген деп айтууга болот. Мыйзамга биринчи түзөтүү 1993-жылы 8-майда киргизилген[7]. Ал жалпыга маалымдоо каражаттарын уюмдаштыруу укугун тактоо жөнүндө 5-беренеге тиешелүү эле.

Экинчи түзөтүү 20 жылдан кийин, 2013-жылы 22-февралда[8] киргизилип, ал өзгөртүүлөр субъекттерди толуктоо менен “Көзөмөлдөгү жана милдеттүү нускалар” жөнүндөгү 11-беренеге тиешелүү болгон, ал эми Кыргыз Республикасынын “Теле жана радио берүү жөнүндө”[9] (мындан ары – ТРБ жөнүндө) мыйзамында буга окшош жана кеңейтилген ченемдер бар болгондуктан, “Теле-радио материалдарды сактоо” жөнүндөгү кереги жок 12-берене алып салынган.

2014-жылы бүтүндөй тексттеги “Кыргызстан Республикасы” “Кыргыз Республикасына” алмаштырылып, жарнама туу-

---

[6] «КР ЖМКнын өнүгүшү жана ишмердиги үчүн укуктук чөйрө». Алагушев А.К., Алишева Н.И., Бишкек, 2010-ж. http://media.kg/publications/pravovaya-sreda-dlya-razvitiya-i-deyatelnosti-smi-v-kr/ сайтында жеткиликтүү

[7] КР “Кыргыз Республикасынын Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» мыйзамы, 8.05.1993-ж. №1228-XII. http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/767?cl=ru-ru сайтында жеткиликтүү

[8] КР «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөр менен толуктоолорду киргизүү жөнүндө” мыйзамы, 22.02.2013-ж. № 29. http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/203836?cl=ru-ru сайтында жеткиликтүү

[9] http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202317?cl=ru-ru сайтында жеткиликтүү

ралуу 18-1-берене кошулган жана 23-беренени толуктоо менен, жалпыга таратылбай турган маалыматтардын тизмеги кеңейтилген. 2017-жылы эки ирет, январь жана май айларында 1-, 3-, 5-, 15- жана 23-беренелерге жана 2018-жылдын май айында 1-, 5-, 6-беренелерине өзгөртүүлөр киргизилип, анда мыйзам чыгаруучулар субъекттерди жана ЖМКны каттоонун мөөнөттөрүн өзгөртүп, акылга сыярлык түргө келтиришкен, ал эми кереги жок болуп калган айрым ченемдер күчүн биротоло жоготкон (7-берене).

2020-жылдагы парламенттик шайлоо – бул депутаттык корпустун жаңыланышы, буга байланыштуу иш жүзүндө ЖМК жана журналисттер туш болгон чыныгы көйгөйлөрдү тармактык мыйзамдардын ченемдерине шайкеш келтирүү үчүн аларды текшерүү депутаттардын мыйзам чыгаруу иш-аракетиндеги жакшы саамалык жана ата мекендик жалпыга маалымдоо каражаттары үчүн чоң жардам болмок.



# I БӨЛҮМ.

# ЧЕКТЕШ МЫЙЗАМДАР

Кыргыз Республикасынын “Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө” мыйзамы кабыл алынгандан беш жыл өткөн соң, өлкөнүн парламенти тарабынан жалпыга маалымдоо каражаттарына караганда журналисттердин ишмердигин көбүрөөк жөнгө салуучу дагы эки мыйзам кабыл алынды. Алар: Кыргыз Республикасынын “Журналисттин кесиптик ишмердигин коргоо жөнүндө”[10] жана “Маалыматтын жеткиликтүүлүгүнүн кепилдиги жана эркиндиги жөнүндө”[11] мыйзамдары. Эки мыйзам тең 1997-жылы 5-декабрда кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын “Журналисттин кесиптик ишмердигин коргоо жөнүндө” мыйзамы журналисттин кесиптик ишмердигине байланыштуу мамилелерди жөнгө салат, анын укуктарын жана милдеттерин аныктайт, ошондой эле жоопкерчилик чараларын белгилөө менен бирге, укуктук жана социалдык кепилдиктерди берет.

Аталган мыйзамдын мазмунун эске алып, аны Кыргыз Республикасынын “Жалпыга маалымдоо каражаттары” жөнүндө мыйзамына, тагыраак айтканда, анын “Журналисттин укуктары жана милдеттери тууралуу” IV бөлүмүнө толуктоо катары эсептөөгө болот. Эки мыйзамда тең[12] бир катар оң элементтер камтылып, дээрлик бирдей укуктар каралган. Ошол эле мезгилде аларда көптөгөн жөнү жок чектөөлөр дагы орун алган. Андагы чектегич ченемдердин мазмуну да кыйла бүдөмүк жана кайталанып берилген.

---

[10] http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/588 сайтында жеткиликтүү

[11] http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/589 сайтында жеткиликтүү

[12] “Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө” жана “Журналисттин кесиптик ишмердигин коргоо жөнүндө” мыйзамдары тууралуу сөз болуп жатат

Журналисттин ишмердиги жөнүндөгү мыйзамда журналисттин кесиптик ишмердигине алгач ирет мыйзамдуу түрдө кепилдик берилет[13]. Ошондой эле журналист түшүнүгүнө аныктама берилип, журналисттин көптөгөн кесиптик укуктары чагылдырылган. Алар: журналисттик иликтөө жүргүзүү, мамлекеттик органдардан маалымат чогултуу, жазып алуу, ачык сот отурумдарына катышуу жана коомдук бирикмелерге кирүү укуктары. Журналисттин жарандардын укуктарына, эркиндиктерине жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына тиешелүү, коомдун кызыгуусун жараткан маалыматты алуу мүмкүнчүлүгүн чектөөгө болбойт.

Мыйзамда чет элдик журналисттин макамы да каралган. Ал Кыргыз Республикасынын аймагында аккредитациядан өткөн шартта жергиликтүү журналист менен бирдей укуктарга жана милдеттерге ээ болот. Чет өлкөлүк журналист өзүнүн кесиптик ишмердигин жүзөгө ашырууда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын сактоого милдеттүү (11-берене).

Журналисттин кесиптик ишмердигине кийлигишүүгө мыйзам тыюу салат. Анын коомдук кызыкчылыкка, жарандардын укуктарына, эркиндиктерине жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына тиешелүү маалыматтарды алуу мүмкүнчүлүгүн чектөөгө болбойт. Мамлекет анын өздүгүнүн кол тийбестигин камсыздайт жана кесиптик ишмердигин аткаруу учурунда коргоого алат.

Ал эми мамлекеттик органдардын, ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын кызмат адамдары журналисттин укуктарын бузгандыгы (ар кандай цензура, журналисттин ишмердигине тоскоолдук кылгандыгы, аккредитациядан негизсиз баш тарткандыгы, журналистке кысым көрсөткөндүгү, журналисттик материалдарды тартып алгандыгы жана журналистке такталбаган жана бир беткей маалыматтарды бергендиги) үчүн жекече жоопко тартылат (13-берене).

Маалыматты жашыруу же бурмалоо максатында журналисттин белгиленген укуктарын пайдаланууга мыйзам жол бербейт жана аны коргоого алат. Журналисттик иликтөөнүн

[13] КР "Журналисттин кесиптик ишмердигин коргоо жөнүндө" 1997-жылдын 5-декабрындагы №77 мыйзамынын 8-беренеси

жүрүшүндө алынган материалдарды жана документтерди сот талап кылгандан башка учурларда журналисттен тартып алууга жана аларды аӊтарууга жол берилбейт (9-берене).

Жогоруда белгиленген журналисттин бардык укуктары декларативдик гана мүнөздө болгондуктан, кимдир бирөөлөрдү жоопко тарткыдай укуктук таянычы жок.

Жогоруда сөз болгон эки мыйзам теӊ бир күндө кабыл алынып, "ЖМК жөнүндө" мыйзамга толуктоо катары демилгеленген. Жалпысынан, бул эки мыйзам теӊ цитата катары мисал келтирүүгө же кыйла белгилүү аныктамаларга шилтеме катары пайдаланууга жарагыдай кандайдыр бир иштиктүү натыйжаларды берген жок. Журналисттин кесиптик ишмердигине байланыштуу келип чыккан мамилелерди жөнгө салуу, анын укуктарын жана милдеттерин аныктоо, ошондой эле жоопкерчилик чараларын белгилөө менен бирге укуктук жана социалдык кепилдиктерди камсыз кылууга тийиш болгон "Журналисттин кесиптик ишмердигин коргоо жөнүндө" мыйзам, биздин оюбузча, алгач ал "ЖМК жөнүндө" мыйзамда жетишпей жаткан жана иш жүзүндө иштей турган, так белгиленген мөөнөттөрү менен даталары бар ченемдердин "тартыштыгын" жөнгө салуу максатында иштелип чыккан эмес.

Ар бир жарандын маалыматты эркин жана тоскоолдуксуз издөө, алуу, изилдөө, өндүрүү, берүү жана таратуу укугун жүзөгө ашыруу процессинде келип чыккан мамилелерди жөнгө салуучу "Маалыматка жетүүнүн кепилдиктери жана эркиндиги жөнүндө" мыйзам боюнча да ушундай эле пикир айтууга болот. Бул мыйзамда эч кандай "сандар", "мөөнөттөр" көрсөтүлгөн эмес, ал эми айрым ченемдер мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, коомдук бирикмелер, ишканалар, мекемелер, уюмдар жана кызмат адамдары ар бир жаранга анын укуктарына жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына тиешелүү болгон документтер, чечимдер жана башка материалдар менен таанышуу мүмкүнчүлүгүн берүүгө милдеттүү экендигин көрсөтүү менен, жеткиликтүү маалыматтар чөйрөсүн чектеп койгон.

"ЖМК жөнүндө" мыйзам сыяктуу эле, 2008-жылы кабыл алынган жалпыга маалымдоо каражаттарынын ишмердиги-

нин жалпы шарттарын белгилөөчү акт – КР "Теле жана радио берүү жөнүндө" мыйзамы – Кыргыз Республикасынын тарыхынын жаңы доорундагы 12 жыл аралыгында алты ирет өзгөрүүгө учурап, анын бешөө жөнгө салуу жагынан анча мааниге ээ болгон эмес. Макамы өзүнчө мыйзамдык акт менен бекитилген коомдук берүүнүн ишмердигин жөнгө салуу маселеси да ушундайча каралбай калган.

Бардык түзөтүүлөрдүн ичинен бирден-бир, бирок олуттуу түзөтүү 2017-жылдын май айында киргизилген. Түзөтүүлөр колдонуудагы "ТРБ жөнүндө" мыйзамдын 37-беренесине жана 48-беренесине тиешелүү. Өзгөртүлгөн беренелердин көпчүлүгү "телерадио берүү уюмдары" деген терминдин "телерадио уюмдар" деген терминге алмаштырылгандыгы менен негизделген. Бул өзгөртүүлөр Кыргыз Республикасынын санариптик берүүгө өтүү зарылчылыгы менен шартталбаса, анчейин деле олуттуу мааниге ээ болмок эмес.

Телерадио берүүлөргө тиешелүү эң урунттуу 8-беренеге өзгөртүү киргизилген. Бул берене телерадио уюмдарынын маалыматтык ишмердигин жөнгө салып, ал каналдардын мамлекеттик жана расмий тилдерде көрсөтүлүшүнүн пайыздык катышын, ата мекендик өндүрүштөгү телекөрсөтүүлөрдүн үлүшүн жана алардын эфирге чыгуу убактысын аныктайт. "Улуттук аудиовизуалдык өнүм" деген түшүнүк мыйзамдан алып салынып, "өздүк өндүрүш" түшүнүгү "ата мекендик өндүрүш" дегенге алмаштырылган. Мыйзамдан эки берене кыскартылган, булардын бири – берүүнү токтотуп салууга мүмкүндүк берүүчү ченем.

Мыйзамдын 9-беренеси да олуттуу өзгөрүүгө учураган, анда аудиовизуалдык өнүмдөрдүн, телерадио берүүлөрдүн авторлорунан, телерадио уюмдарынан, телерадиоберүү операторлорунан турган телерадиоберүү тутумунун субъекттери келтирилген, алардын көпчүлүгүнө өз ишмердигин жүзөгө ашыруу үчүн лицензия талап кылынбайт.

Бул түзөтүүлөрдөн улам келип чыккан негизги өзгөртүү телерадио берүү уюмунун лицензиялык түрдөн уруксат берүүчү түргө өткөндүгүнө байланыштуу болсо керек.

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши-

нин депутаттарын шайлоо жөнүндө" 2011-жылдын 2-июлдагы конституциялык мыйзамын[14], тагыраак айтканда, 2017-жылдын 5-июнунда кабыл алынган айрым түзөтүүлөрдү айта кетели. Мыйзамдын түшүнүк аппаратын камтыган 1-беренесине үч жаңы термин киргизилген:

Интернет – маалыматты сактоо жана таратуу үчүн глобалдык (дүйнө жүзү боюнча) компьютердик тармак (бириктирилген компьютердик тармактар тутуму);

Интернет басылмалары – Кыргыз Республикасында тескелүүчү (модерацияланууччу) жаңылык, маалымат-талдоо, көңүл ачуу жана башка мүнөздөгү материалдарды камтыган же болбосо Кыргыз Республикасынын жарандары жана (же) юридикалык жактары тарабынан, эгерде интернет-басылмага киргендердин саны суткасына 500 уникалдуу колдонуучудан же айына 1000 уникалдуу колдонуучудан ашып кетсе, Интернетке кирүүгө эркин мүмкүнчүлүк берүүчү интернет-блогдордон жана жеке адамдардын социалдык тармактардагы жеке баракчаларынан тышкары турган интернет-сайт (портал, форум);

Уникалдуу колдонуучу же уникалдуу IP-дареги бар колдонуучу – бул уникалдуу мүнөздөмөлөргө ээ болгон жана белгилүү бир убакыт аралыгында Интернет-басылмага кирип туруучу, кайталанбас колдонуучу.

Албетте, "интернет басылмалары" термини авторлордун эң көп кызыгуусун жараткан. Анткени ал ушул эле түзөтүү менен мыйзамдын башка беренелерине да киргизилген. Бирок, негизинен, бул термин "Шайлоо жана шайлоо алдындагы үгүт иштери жөнүндө" мыйзамдын 22-беренесинде эң көп колдонулган. Бул толуктоолор, чындыгында, интернет басылмаларын мыйзамдаштырып, аларга жалпыга маалымдоо каражаттары менен катар президенттик жана парламенттик шайлоолорго катышуу мүмкүнчүлүгүн берди.

«Үгүт иштерин жыйындарда, митингдерде, жалпыга маалымдоо каражаттары, ошондой эле интернет басылмалары аркылуу жүргүзсө болот. Үгүт жүргүзүүнүн түрлөрү жана ык-

[14] http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111583?cl=ru-ru сайтында жеткиликтүү

малары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына шайкеш келүүгө тийиш" (Мыйзамдын 22-бер. 9-пункт, 2-пунктчасы).

Бирок, кызыгы, мыйзам чыгаруучулар шайлоо учурунда үгүт жүргүзүү каражаттарынын жана формаларынын тизмегин 22-березенин 13-пунктунда аныктап, ал жерге онлайн басылмаларды киргизген эмес – ал 13-пункттун 4-пунктчасында ушул түшүнүк камтылган деп эсептеген болушу мүмкүн:

**13. Шайлоо алдындагы үгүт иштерин төмөндөгүдөй жолдор менен жүргүзүүгө болот:**

1. жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу;
2. калктуу конуштардын стадиондорунда жана көчөлөрүндө концерттерди жана театрлаштырылган оюн-зоокторду, ошондой эле спорттук иш-чараларды кошпогондо, коомдук иш-чараларды (митингдерди, чогулуштарды, теледебаттарды) өткөрүү менен;
3. басылма, аудиовизуалдык жана башка үгүт материалдарын чыгаруу жана жайылтуу жолу менен;
4. ушул конституциялык мыйзамда тыюу салынбаган башка формаларда. (22-бер. 13-пункту).

Көпчүлүк учурларда 22-березенин пункттарында "интернет-басылма" деген түшүнүк "жалпыга маалымдоо каражаттары" деген терминден кийин кездешет. Кандай болбосун, бул өзгөрүүлөрдү прогрессивдүү жана шайлоо мезгилинде көбүрөөк плюрализмдин болушуна өбөлгө түзөт деп эсептөөгө болот.

# II БӨЛҮМ.

# “ЖАЛПЫГА МААЛЫМДОО КАРАЖАТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ” МЫЙЗАМДАГЫ ТҮШҮНҮКТӨРДҮН АНЫКТАМАСЫ

Кыргыз Республикасынын “Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө” мыйзамынын учурдагы редакциясындагы эң башкы кемчилик – анда “жалпыга маалымдоо каражаттары” деген бирдиктүү түшүнүк киргизилген эмес. Ошол жылдары мыйзам чыгаруучулар “уюмдаштыруучу”, “ЖМК органы”, “редакция” деген терминдердин маанисин ажырата албагандыктан, алардын ар бирине өзүнө гана таандык мүнөздөмө бере албаганы көрүнүп турат. Ошондуктан акылга сыйбаган ченемдер келип чыккан. Жогоруда айтылгандарды эске алсак, “ЖМКга болгон өзгөчө укук кимге таандык?” деген мыйзам ченемдүү суроо пайда болот.

Жалпыга маалымдоо каражаттарына карата бардык өзгөчө укуктар аны түзгөн же иш учурунда анын бир бөлүгүнө же ага толук бойдон ээлик кылган адамда гана боло турган укуктук түзүмдүн болгону эң туура. Ал уюмдаштыруучубу же менчик ээсиби? Бирок мыйзамда анын ээси тууралуу таптакыр айтылбайт. Жалпыга маалымдоо каражаттарына ээлик кылуу укугу институту өз алдынча түрдө кароону талап кылган, укуктук изилдөө үчүн эң кызыктуу жана татаал объектилердин бири болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын “Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө” мыйзамынын 1-беренесинде берилген ЖМКнын аныктамасы анын башка беренелеринин ченемдерине толук дал келе бербейт. Мындай мамиле жалпыга маалымдоо каражаттарынын ишине терс таасирин тийгизиши мүмкүн жана мамлекеттик бийликтин айрым субъекттерине ушул мыйзамдын жоболорун ар кандай чечмелөөгө мүмкүнчүлүк берет. Айрым бир учурларда ЖМК объект катары, кээде тиешелүү

укуктук мамилелердин субъектиси катары каралат. Ушул эле катарда гезиттер, журналдар, бир жолку басылмалар ... жана кино жана видео студиялар да бар[15].

Биздин пикирибиз боюнча, "китептер" жана "бир жолку басылмалар" сыяктуу категориялар өздөрүнүн табияты жагынан да жалпыга маалымдоо каражаттары категориясына кирбеши керек эле. Бул эски түшүнүктөрдү мыйзамдан таптакыр алып салуу зарыл.

Авторлор жалпыга маалымдоо каражаттары деген түшүнүктү аныктоодо маалыматтык укук мамилелеринин объектилерин санап отурбай эле, анын ордуна квалификациялык белгилери бар аныктамага же критерийлер тизмеси менен индикаторлорун келтириш керек деп эсептешет.

Балким, башка көптөгөн варианттар дагы бардыр, бирок бул эки ыкма же стандарттар бизге кыйла кызыктуу. Бул – орусиялык тажрыйба жана Европа Кеңешинин стандарттары, биз аны ачып берүүгө аракет кылабыз.

Географиялык жакындыгын эмес, мыйзам чыгаруу мүнөзүнүн окшоштугун эске алуу менен, алгач Орусиянын тажрыйбасын карап көрөлү.

Орусияда жалпыга маалымдоо каражаттары деген түшүнүккө туруктуу аталышы бар, жылына бир жолудан кем эмес басылып чыгып турган, чектелбеген сандагы адамдарга арналган мезгилдүү таратуунун басма, аудио, аудиовизуалдык жана башка түрлөрү кирет.

Орусиялык ыкма мыйзамга ылайык жалпыга маалымдоо каражаты катары катталган "Интернет" маалыматтык-телекоммуникациялык тармагындагы сайт деп эсептелген интернет басылмаларды каттоодон өткөрүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылып, жаңы ЖМКларды мыйзамдаштырган.

Бул жерде Орусиянын "Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө" мыйзамынын 8-беренесине ылайык, "Интернет"

---

15 «КР ЖМКнын өнүгүшү жана ишмердиги үчүн укуктук чөйрө». Алагушев А.К., Алишева Н.И., Бишкек, 2010-ж.

маалыматтык-телекоммуникациялык тармагындагы сайт бул мыйзамга ылайык тармактык басылма катары катталышы мүмкүн экендигин тактоо зарыл.

Жалпыга маалымдоо каражаты катары катталбаган "Интернет" маалыматтык-телекоммуникациялык тармагындагы сайт жалпыга маалымдоо каражаты болуп эсептелбейт. Башкача айтканда, мыйзам интернет басылмаларды ыктыярдуу каттоого жол берет, бирок алар салттуу жалпыга маалымдоо каражаттарынын мүнөздөмөсүнө дал келбейт деп айтууга болот.

Жалпыга маалымдоо каражаттарынын жарык көрүү жыштыгы басма сөз жана телерадиоберүү үчүн "жылына кеминде бир жолу" деп аныкталат. Интернет басылмалардын жарыялануу жыштыгы деген эмне жана аны кантип аныктаса болот? – "ЖМК жөнүндө" мыйзамда бул тууралуу эч нерсе айтылбайт, бирок онлайн басылмалардын редакторлору сайттын мазмунун жылына бир жолудан кем эмес ирет жаңыртып турушу керек окшойт. Маалыматтын жалпыга арналгандыгы "ЖМК жөнүндө" мыйзам маалыматка (билдирүүлөргө, маалыматтарга), алардын формаларына карабастан, чектелбеген сандагы адамдардын чөйрөсүнө даректелгенин билдирет.

Жалпыга маалымдоо каражаттарынын продукциясы деген түшүнүк мезгилдүү басылманын өзүнчө чыккан нуска санынан же ТВ программасынын чыгарылышынан тышкары, "интернет басылманын өзүнчө чыгарылышы же жаңылануусу" дегенди да билдирет. Массалык маалыматты жайылтуу басма сөз басылмаларын милдеттүү түрдө сатууну (жазылууну, жеткирүүнү, таратууну), телекөрсөтүү жана радио программаларын көрсөтүүнү (уктурууну) билдирет. Бул түшүнүк интернет басылмаларынын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууну да камтыйт. Демек, интернетте маалыматты жайылтуу – бул таратуу гана эмес, сайтка кирүү да мүмкүнчүлүгү[16].

Салттуу ЖМКларды гана эмес, жаңы катышуучулардын келишин да эске алуу менен медиа секторундагы өзгөрүүлөрдү

[16] Журналистиканын укуктук негиздери. Окуу китеби. А. Г. Рихтер – 2016-ж.

терең изилдегендиктен, европалык ыкма биз үчүн кыйла кызыктуу болду. Буга байланыштуу мүчө мамлекеттерге ЖМКнын жаңы концепциясы боюнча министрлер комитетинин CM/Rec (2011)7 Сунуштары[17] менен кыскача таанышып чыгууну сунуштайбыз.

Европа Кеңешинин бардык мүчө-мамлекеттери “Адам укугун коргоо боюнча Европа конвенциясынын” (“Конвенция”, №5 СЕД) 10-беренесине ылайык өз юрисдикциясындагы ар бир адамдын адам укуктарын коргоо боюнча ой-пикир билдирүү жана маалымат эркиндигине болгон негизги укугун камсыз кылууга милдеттенме алышкан. Мындай укук абсолюттук укук деп эсептелбейт; ал милдет жана жоопкерчилик менен коштолот, ошондой эле Конвенциянын 10-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык чектөөлөргө кабылышы да мүмкүн.

Адам укуктары боюнча Европа конвенциясынын (АУЕК) 10-беренесинин 2-пункту – ой-пикир билдирүү эркиндигине карата мүмкүн болгон чектөөлөр жөнүндөгү кеңири ченемдерди түшүндүрөт жана ал жалпыга маалымдоо каражаттарынын жөнгө салынышына да тиешелүү:

Сөз эркиндигин жүзөгө ашыруу – милдеттерди жана жоопкерчиликтерди жүктөө менен катар, мыйзамдарда каралган жана улуттук коопсуздукту, аймактык бүтүндүктү же коомдук тартипти коргоо, тартипсиздиктин жана кылмыштуулуктун алдын алуу, ден соолукту жана адеп-ахлакты коргоо, башкалардын кадыр-баркын же укуктарын коргоо, купуя түрдө алынган маалыматтарды ачыкка чыгаруунун алдын алуу же адамдын беделин жана сот адилеттүүлүгүн камсыз кылуу максатында демократиялык коомдо талап кылынган айрым жол-жоболор, шарттар, чектөөлөр же санкциялар менен байланыштырылышы мүмкүн. Бул эскертме үч бөлүктөн турган критерий катары чечмеленет, ага ылайык Европа Кеңешиндеги өлкөлөрдөгү ар кандай чектөөлөр: а) мыйзамдар аркылуу каралышы керек, б) белгиленген максаттардын бирин көздөшү керек жана в) демократиялык коомдо зарыл болушу керек. Белгилей кетүүчү

[17] Министрлердин туруктуу өкүлдөрүнүн 1121-отурумунда Министрлер комитети кабыл алган

жагдай, бул критерийлер дээрлик толугу менен Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесине шайкеш келип жатат, анда "Улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын жана адеп-ахлагын, башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо максатында адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери Конституция жана мыйзамдар менен чектелиши мүмкүн деп белгиленген... Киргизилүүчү чектөөлөр белгиленген максаттарга ылайык келиши абзел", – деп көрсөтүлгөн.

ЖМКны жөнгө салуучу тарыхый ченемдер ЖМКнын коомго жана жеке адамдардын укуктарына тийгизген зор таасирин эске алуу менен негизделип, аныкталган; жөнгө салуу ошондой эле коомдук кызыкчылык үчүн чектелген ресурстарды башкаруунун каражаты да болгон. Жалпыга маалымдоо каражаттарынын демократия үчүн маанилүүлүгүн эске алуу менен, алар Европа Кеңешинин ченем түзүү жаатындагы чоң ишмердигине негиз болгон. Анын милдети – жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигин эң жогорку деңгээлде коргоо жана алардын милдеттери менен жоопкерчиликтери боюнча сунуштамаларды берүү. Кандай гана жөнгө салуу иштери болбосун, кийлигишүүнүн бир түрү катары, Адам укуктары жана негизги эркиндиктери боюнча Европа конвенциясынын 10-беренесинде көрсөтүлгөн талаптарга, ошондой эле Адам укуктары боюнча Европа Сотунун тиешелүү прецеденттик практикасынан жаралган ченемдерге шайкеш келиши керек.

Европа Кеңеши көп жылдар бою ЖМК боюнча стандарттардын кеңири топтомунун үстүндө иштеп, медиа саясатчылардын ЖМКнын талаптагыдай иштеши үчүн зарыл болгон коргонууну камсыз кылуу багытындагы зарыл аракеттерине көмөктөштү.

Ушул максатта Европа Кеңешинин аракеттеги стандарттарына таянуу менен, өкмөттөргө ЖМК чөйрөсүндөгү стандарттарды жаңы жалпыга маалымдоо каражаттарындагы иш-чараларга, кызмат көрсөтүүлөргө же анын процесстеринин катышуучуларына карата кантип колдонуу керек экендиги тууралуу сунуштар берилет.

ЖМК чөйрөсүндөгү саясатты аныктай турган жетекчилерге ишмердиктин, кызмат көрсөтүүлөрдүн белгилүү бир түрлөрүн же катышуучуларды жалпыга маалымдоо каражаттары катары эсептөө маселесин карап жатканда белгилүү бир критерийлерди эске алуу сунушталат.

Төмөндө келтирилген алты критерийдин ар бири индикаторлордун топтому менен толукталып, бул өз кезегинде жаңы шартта өкмөткө ЖМК жана ЖМКнын ишмердигин аныктоо мүмкүнчүлүгүн берет. Критерийлердин канчалык деңгээлде аткарылгандыгы жаңы байланыш кызматынын жалпыга маалымдоо каражаттарына теңдеш экенин аныктайт же ЖМК кызматтарына ортомчу же көмөкчү ишмердигинин таасир этүү деңгээлин аныктоого мүмкүнчүлүк түзөт. Индикаторлор белгилүү бир критерийдин сакталып жаткандыгын жана сакталган болсо, ал канчалык деңгээлде аткыларын аныктоого мүмкүндүк бериши абзел. Бардык индикаторлор белгилүү бир критерийге жооп бериши шарт эмес. Айрым индикаторлор, мисалы, кесиптик стандарттар жана ЖМК этикасы менен байланыштуу болгон индикаторлор, ар түрдүү критерийлерге да тиешелүү болушу мүмкүн.

**1-критерий – ЖМК катары иш алып баруу ниети.**

**Индикаторлор:** ЖМК катары өзүн-өзү аныктоо. ЖМКга мүнөздүү болгон иштөө ыкмалары. Кесипкөй ЖМК стандарттарын сактоо. Массалык коммуникацияларды ишке ашыруу боюнча практикалык чаралар.

ЖМК катары иш алып баруу ниети субъективдүү ыкмалар (мисалы, маалымат каражаттары катары иштөө тууралуу арызы, өзүн-өзү аныктоо, маркасы, милдети тууралуу билдирүүсү же ЖМКнын же журналистиканын максаттарын чагылдырган бизнес план) менен да туюнтулушу мүмкүн, ал тургай ачык-айкын же расмий түрдө катталган болушу ыктымал (компаниянын уставында максаттары тууралуу билдирүү жасалган учурда ишкердикти каттоо сыяктуу көрүнүштөр). Бул субъективдүү индикаторлор башка, мисалы, тапшырма (мисалга, үзгүлтүксүз жаңыланып туруучу жаңылыктарды жайылтуу чечими), редакциялык көзөмөл же кесиптик стандарттар сыяктуу критерийлерге дагы тиешелүү болушу мүмкүн.

Тактап айтканда, ниет белгилүү бир редакциялык саясатты тастыктоо же жалпыга маалымдоо каражаттарына мүнөздүү болгон кесиптик жана адептик стандарттарды кармануута милдеттенүү түрүндө дагы билдирилет.

**2-критерий – ЖМКнын максаты жана негизги милдеттери.**

**Индикаторлор:** Медиаконтентти өндүрүү, жалпылоо же жайылтуу. Биргелешкен түрдө интерактивдүү массалык коммуникацияларга же жалпыланган түрдөгү (мисалы, социалдык тармактарга) массалык коммуникацияларга көмөктөшүүчү тиркемелерди жана платформаларды иштетүү. Контентти үзгүлтүксүз алмаштырып, жаңыртып туруу.

Медиалык экосистеманын өзгөрүшүнө карабастан, калктын кеңири катмарына контентти жеткирүү же жайылтуу жана ар кандай интерактивдүү иш-чараларды өткөрүү үчүн мейкиндик түзүү жөнүндө сөз болгондо, жалпыга маалымдоо каражаттарынын максаты жана милдеттери негизинен өзгөрүүсүз бойдон калууда. Маалымат каражаттары сөз эркиндигинин эң маанилүү куралы болуп эсептелет.

Жалпыга маалымдоо каражаттарынын негизги милдетин аткаруу үчүн коомдук дебаттар жана саясий диалог үчүн мейкиндикти уюштуруу жана камсыз кылуу, коомдук пикирди калыптандыруу жана ага таасир этүү, баалуулуктарды жайылтуу, көзөмөлдү камсыз кылуу жана ачык-айкындык менен отчёттуулукту жакшыртып, агартуу иштерин жүргүзүү керек.

**3-критерий – Редакциялык көзөмөл**

**Индикаторлор:** Редакциялык саясат. Редакциялык процесс. Жөнгө салуу.

Редакциянын кызматкерлери.

Редакциялык эркиндик же редакциялык көз карандысыздык – жалпыга маалымдоо каражаттары үчүн маанилүү талап; ал сөз эркиндигине жана Адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин коргоо боюнча Европа конвенциясынын 10-беренесинин негизинде кепилдик берилгендей, ой-пикир билдирүү жана маалымат алуу жана таратуу укугуна түздөн-түз байланышкан. Европа Кеңешинин учурдагы бир катар стандартта-

рынын катарында редакциялык эркиндикти же көз карандысыздыкты сактоого жана өнүктүрүүгө багытталган сунуштар камтылган. Бул жагдайдын экинчи бир тарабы ЖМКга карата өзүнүн редакциялык көзөмөлүнүн болушу же анын мазмунун жана редакциялык чечимдер үчүн жоопкерчилигин көзөмөлгө алуу болуп саналат.

**4-критерий – Кесиптик стандарттар**

**Индикаторлор:** Милдеттер. Сактоо жол-жоболору. Даттануу жол-жоболору.

Ыйгарым укуктарды, укуктарды же артыкчылыктарды бекитүү.

ЖМК узак жылдар бою өз кызматкерлеринин, тактап айтканда, журналисттердин компетенттүүлүгү жана кесипкөйлүгү менен ишенимге ээ болуп келди. Жалпысынан, ЖМК өз баалуулуктарын сактап калууну жактагандарын көптөгөн билдирүүлөрдө, хартияларда жана кодекстерде билдиришти, алар бул баалуулуктарды ушул чөйрөдө жайылтууга жана аны кесиптештерине, айрыкча, кесипке жаңы келгендерге өткөрүп берүүгө аракеттенип келишет. Конкреттүү маалымат каражаттары мындай ыкманы ички практикалык кодекстерди, кызматкерлердин жүрүм-турумун жөнгө салуучу ченемдерди же нускамалар жана стилдик кодекстерди кабыл алуу аркылуу бекемдешкен. Өзүн өзү жөнгө салуу аракети жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана журналистиканын биздин коом үчүн, айрыкча демократия үчүн канчалык маанилүү экендигин да көрсөтүп турат. Кандай гана формада айтылбасын, өзүнүн адептик ченемдерин, кесиптик адепти жана стандарттарды сактоо ЖМКнын күчтүү индикатору болуп саналат; бул контекстте көп келтирилген стандарттар – чынчылдык, жоопкерчилик, сөз эркиндиги, теңдик, калыстык жана журналисттин көз карандысыздыгы. Ал эми жаңы ЖМК тууралуу айта турган болсок, блогерлердин жүрүм-турум кодекси же адептик стандарттары, жок дегенде Интернеттеги журналистикалык коомдоштуктардын ичинде кабыл алынган. Бирок блогерлердин ишмердиги белгиленген критерийлерге тиешелүү деңгээлде жооп берген учурда гана алар ЖМК катары каралышы зарыл.

**5-критерий – Камтуу чөйрөсү жана жайылтылышы**

**Индикаторлор:** Реалдуу жайылтылышы. Жалпыланган түрдөгү массалык коммуникациялар. Камтуу чөйрөсү үчүн ресурстар.

Жогоруда көрсөтүлгөн максаттарга жетүү үчүн ЖМК көп сандагы адамдарды тартууга аракет кылат. Жалпыга маалымдоо каражаттары салттуу түрдө кеңири аудиторияга багытталган жана ачык-айкын коомдук коммуникациялар деп аныкталган. Ошондуктан камтуу чөйрөсү же иш жүзүндө бөлүштүрүлүшү (нускасы, көрүүчүлөрдүн же колдонуучулардын саны) маалымат каражаттарын аныктоодогу жана алардын жеке байланыштан, анын ичинде коомдук мейкиндиктеги жеке байланыштан айырмачылыктарын аныктоодогу маанилүү индикатор болуп саналат (ал өзүнчө маалымат каражаты эмес, бирок жалпыга маалымдоо каражаттарына же бириктирилген түрдө массалык коммуникацияга киргизилиши мүмкүн). Бирок массалык же кеңири аудитория деген эмне экендиги тууралуу бирдиктүү пикир жок; бул аймактык жамаат, кызыкдар топ же башка топ (мисалы, жергиликтүү, кесипкөй же кызыкчылыктары бирдей жамааттардын максаты болгон аудитория) жана ошол эле учурда глобалдык аудиторияга чейин (спутниктик телекөрсөтүүдө же айрым Интернет кызматтарында) болушу ыктымал.

Жаңы, тездик менен өнүгүп жаткан чөйрө ЖМКнын башка маалымат каражаттарынын чөйрөсүндө оңой иш алып барышына же кээде алардын арасындагы чекти жоюп, операторлордун ортосундагы кайталоону камсыз кылып турууга шарт түзөт. Андыктан алардын жоопкерчилик деңгээлин аныктоо үчүн өздөрүнө мүнөздүү ролдорун айырмалоо дагы абдан маанилүү. Бул контентти чыгарган же ага салым кошкон колдонуучуларды ага эч негизсиз эле киргизе берүү менен, ЖМК түшүнүгүн ашыкча кеңейтип жибербеш үчүн да зарыл.

**6-критерий – Коом эмнелерди күтөт?**

**Индикаторлор:** Жеткиликтүүлүк. Плюрализм жана көп түрдүүлүк. Ишенимдүүлүк. Кесиптик жана адептик стандарттарга шайкештик. Отчёттуулук жана ачык-айкындык.

Негизинен, адамдар жалпыга маалымдоо каражаттары менен эсептешет жана маалымат алуу үчүн аларга көбүрөөк ишеним артышат. Алар учурдагы кесипкөй стандарттарга ылайык контент даярдалат деп күтүшөт. Демократиялык коомдо калк маалымат булактарынын түркүн түрдүүлүгүнө карап, алардын мазмуну ар тараптуу, коомдун ар кайсы тармактарынын кызыкчылыктарына ылайык келишин каалайт. Адамдардын үмүтү көбүнчө жогоруда белгиленген критерийлер менен байланыштуу. Адамдар жалпыга маалымдоо каражаттары жеткиликтүү жана керектөөчүгө зарыл маалыматты берип турат деп күтүшөт.

Критерийлердин баары эле бирдей олуттуу жана маанилүү боло бербейт. Максаты жана милдеттери (2-критерий), редакциялык көзөмөлү (3-критерий) же камтуу чөйрөсү жана жайылтылышы (5-критерий) сыяктуу кээ бир критерийлердин жоктугу белгилүү бир түзүмдү жалпыга маалымдоо каражаты деп эсептөө мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат. Ниеттер (1-критерий) же коомчулуктун күтүүсү (6-критерий) сыяктуу айрым бир критерийлер сакталбашы же алар толугу менен ачык-айкын болбой калышы мүмкүн, бирок мындай критерийлер сакталган шартта бул жагдайдын өзү эле түзүмдүн ЖМК деп эсептелишин автоматтык түрдө жокко чыгарбайт.

Европалык тажрыйбаны изилдеп чыгышкан авторлор мындай ыкма абдан ийкемдүү деген жыйынтыкка келишип, ЖМКга карата критерийлерди окшоштугуна карай иликтөөнү сунушташты.

Бул берилген алты критерийди жалпыласак, Европанын стандарттары бизге ЖМК жөнүндө төмөнкүдөй түшүнүктү берерин көрөбүз: бул – кесипкөй стандарттар боюнча, жалпы кабыл алынган адептик ченемдерди сактап иштеген, редакциялык саясаты бар, ЖМК катары катталган болушу да ыктымал (ыктыярдуу катталган), аталышы бар, маалыматты кеңири таратуучу (нускасы, көрүүчүлөрүнүн же пайдалануучуларынын саны), кыйла тез-тез жана ар түрдүүчө, жеткиликтүү маалымат берип турган (жаңылыктарды чыгаруучу) журналисттер жамааты.

Биздин мыйзам чыгаруу системасынын жана укук колдонуу практикасынын реалдуулугунан алып караганда, бардык критерийлердин ичинен тармактык же интернет-басылмалардын “ыктыярдуу катталуусуна” өзгөчө көңүл буруу зарыл. Интернет басылмаларынын жалпыга маалымдоо каражаттары катары катталуу мүмкүнчүлүгү алардын ишмердигине кандайдыр бир артыкчылыктарды бериши мүмкүн. Бул учурда де-юре жалпыга маалымдоо каражаты катары иш алып барышы үчүн белгилүү бир ресурстарды ыктыярдуу түрдө тандап алуусу негизги фактор болушу керек.

Жалпыга маалымдоо каражаттарынын оң жана терс жактарын Кыргыз Республикасынын Жазык кодексин, Жоруктар кодексин жана Бузуулар жөнүндө кодексин сактабагандыгы үчүн келип чыгуучу жоопкерчиликке байланыштуу карап көрүүнү чечтик.

Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинде жоболоруна карай “маалымат каражаттарын пайдалануу менен” же “маалымат каражаттарында сүйлөө учурунда” деген кошумча квалификациялык белгилер камтылган төрт берене бар. Алардын үчөөндө “маалымат каражаттарын же Интернет тармагын колдонуу аркылуу” деп айтылган. Маалымат каражаттары тууралуу сөз болбогон Жазык кодексинин эки беренесинде квалификациялык белгилерге ээ деп “Интернет тармактары” көрсөтүлгөн. Демек, кылмыштардын квалификациялык белгилеринин саны боюнча “Интернет тармактары” же “маалыматтык-коммуникациялык тармактар” түшүнүгү салттуу маалымат каражаттарынан озуп кеткенин көрөбүз. Оор кылмыштардын баары үчүн жоопкерчилик Интернетте маалымат таратууга байланыштуу келип чыгышы мүмкүн.

### 242-берене. Террордук аракеттерди жасоого ачык чакыруу

1. Террордук аракеттерди ишке ашырууга же терроризмди актоого жарыя чакырыктар – II категориядагы эркиндигинен ажыратуу менен жазаланат[18].

[18] II категория: жашы жетелектер үчүн - бир жыл алты айдан эки жыл алты айга чейин, башка адамдар үчүн - эки жыл алты айдан беш жылга чейин. http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111527 сайтында жеткиликтүү

2. Жалпыга маалымдоо каражаттарын же Интернетти пайдалануу менен жасалган ушул эле аракеттер үчүн үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызматтарды ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен III категориядагы эркиндигинен ажыратуу жазасы каралган[19].

**310-берене. Бийликти күч менен басып алууга ачык чакыруу**

1. Бийликти күч менен басып алуу же күч менен кармап туруу, ошондой эле конституциялык түзүлүштү күч менен өзгөртүү боюнча коомдук чакырыктар IV категориядагы коомдук жумуштар[20] же белгилүү бир кызматтарды ээлөө же III категориядагы айрым иш-аракеттер менен алектенүү укугунан ажыратуу[21] же III категориядагы түзөтүү жумуштары[22] же IV категориядагы айып пул[23] менен жазаланат.

2. Ушул эле жосундар:

1) маалымат каражаттарын же маалыматтык-коммуникациялык тармактарды пайдалануу;

2) алдын ала макулдашуу боюнча адамдардын тобу тарабынан жасалса, – IV категориядагы түзөтүү жумуштары[24] же V категориядагы айып пул төлөө[25] же I категориядагы эркиндигинен ажыратуу[26] менен жазаланат.

---

[19] III категория: жашы жетелектер үчүн - эки жыл алты айдан төрт жылга чейин, башка адамдар үчүн - беш жылдан жети жыл алты айга чейин

[20] IV категория: жашы жетелектер үчүн - 100дөн 120 саатка чейин, башка адамдар үчүн - 280ден 360 саатка чейин

[21] III категория - үч жылдан төрт жылга чейинки мөөнөткө

[22] III категория: жашы жетелектер үчүн - алты айдан тогуз айга чейин, башка адамдар үчүн - эки жылдан эки жыл алты айга чейин

[23] IV категория: жашы жетелектер үчүн - 800дөн 1000 эсептик көрсөткүчтөргө чейин, башка адамдар үчүн - 1800дөн 2200 эсептик көрсөткүчтөргө чейин

[24] IV категория: жашы жетелектер үчүн - тогуз айдан бир жылга чейин, башка адамдар үчүн - эки жыл алты айдан үч жылга чейин

[25] V категория: жашы жетелектер үчүн - 1000ден 1200 эсептик көрсөткүчтөргө чейин, башка адамдар үчүн - 2200дөн 2600 эсептик көрсөткүчтөргө чейин

[26] I категория: жашы жетелектер үчүн - бир жыл алты айга чейин, башка адамдар үчүн - эки жыл алты айга чейин

**313-берене. Расалык, этностук, улуттук, диний же аймактар аралык кастыкты (жек көрүүчүлүктү) козутуу**

1. Ачык түрдө же маалымат каражаттарын, ошондой эле Интернет тармактарын колдонуу менен жасалган расалык, этностук, улуттук, диний же региондор аралык кастыкты (жек көрүүчүлүктү) козутууга, улуттук кадыр-баркты кемсинтүүгө, ошондой эле жарандардын динге болгон мамилесинин, улуттук же расалык тегине карай өзгөчөлүгүн, артыкчылыгын же төмөндүгүн айтып жиктешүүгө үгүттөөгө багытталган иш-аракеттер – III категориядагы эркиндигинен ажыратуу менен жазаланат.

Жалпыга маалымдоо каражаттарында гана маалымат таркатуу үчүн жоопкерчиликти бир кыйла катаалдаштырган бирден-бир эреже Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 186-беренесинде каралган. Ушул берененин экинчи бөлүгүндө 1 категориядагы эркинен ажыратуу чарасы белгиленген.

**186-берене. Жеке жашоонун кол тийбестигин бузуу**

1. Мыйзамда белгиленген учурларды кошпогондо, адамдын макулдугусуз адамдын жеке жашоосу жөнүндө жашыруун маалыматты мыйзамсыз чогултуу, сактоо, пайдалануу жана жайылтуу, коомдук жумуштун IV категориясы же III категориядагы түзөтүү жумуштары же айыптын IV категориялары менен жазаланат.

2. Жалпыга маалымдоо каражаттарында же башка эл алдында сүйлөгөндө жеке же үй-бүлөлүк жашыруун сырды мыйзамсыз пайдалануу же жайылтуу, – IV категориядагы түзөтүү жумуштары же V категориядагы айып пул салуу, же I категориядагы эркиндигинен ажыратуу менен белгилүү кызматтарды ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан эки жылга чейинки мөөнөткө ажыратуу менен (же мунсуз эле) жазаланат.

КРнын Жоруктар кодексинде – “Атайылап жарыяланган жалган жарнама” деген бир берене бар, анын экинчи бөлүгү ошол эле аракеттер үчүн “маалымат каражаттарын пайдала-

нуу менен жасалгандыгы үчүн” жазалоону билдирет. Бирок бул кылмыштын субъекти болуп жарнама берүүчүлөр эсептелет.

КРнын Бузуулар жөнүндө кодексинин эки беренесинде жоболору боюнча жалпыга маалымдоо каражаттары да айтылат, алардын биринин квалификациялык белгиси экинчисинин бир бөлүгүн түзөт. Бул эки ченем шайлоо мезгилиндеги укуктук мамилелерди жөнгө салат, алардын бири – “Шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүүнүн шарттарын бузуу” тууралуу 44-берене, анын экинчи бөлүгүндө шайлоо өнөктүгүндө ЖМКда мыйзам бузууларга жол берилген болсо, жоопкерчиликти күчөтүү ченеми каралган. Бузуулардын бул түрү үчүн 1 жана 2-бөлүктөрдөгү, ошондой эле 4 жана 5-бөлүктөрдөгү санкциялар бир категориядан айырмаланат. Кодекстин экинчи ченеми, “Талапкердин ар-намысын, кадыр-баркын жана ишкердик беделин түшүргөн маалыматты жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу жайылтуу” деген ченемдерди камтыган 46-берене көптөгөн суроолорду жаратып, учурда Жогорку Кеңеште анын мазмунун өзгөртүү максатында түзөтүүлөр киргизилди.

Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин 46-беренесинде шайлоону дайындагандан баштап, шайлоонун натыйжаларын расмий жарыялаганга чейинки мезгил аралыгында талапкердин же саясий партиянын ар-намысын, кадыр-баркын жана ишкердик беделин кемсинткен маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттары тарабынан жайылтылгандыгы үчүн айып пул салынат жана мындай мыйзам бузуулар шайлоо комиссиялары тарабынан каралат деп белгиленген. Борбордук шайлоо комиссиясында буга чейин жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланган маалыматтарды чындыкка дал келбейт деп таануу тажрыйбасы бар.

Ошол эле учурда ар-намысты, кадыр-баркты жана ишкердик беделди коргоо боюнча иштер “татаал” иштердин категориясына кирээрин жана Кыргыз Республикасынын Жарандык процессуалдык кодексине ылайык алар райондук жана район аралык сотторго караштуу экенин эске алуу зарыл. Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 18-беренеси жа-

рандарга жана юридикалык жактарга алардын ар-намысына, кадыр-баркына жана ишкердик беделине шек келтирген маалыматтарды сотто гана төгүндөөнү талап кылуу укугун берет.

Ар-намысына, кадыр-баркына жана беделине шек келтиргендиги үчүн жарандык-укуктук жоопкерчилик үч шарт бир учурда орун алганда пайда болот: биринчиси - талаштуу маалымат таркатылган учурда; экинчиден, алар башка адамдын аброюна шек келтирген учурда; үчүнчүдөн, алар чындыкка дал келбеген учурда. Мында маалыматка баа берүүгө, б.а. аларды кадыр-баркка шек келтирди деп таанууга сот гана укуктуу, ал жабырлануучулардын өздөрү берген баасынан эмес, объективдүү критерийлерден келип чыгышы керек. Ар-намысты, кадыр-баркты жана ишкердик беделди коргоо боюнча талаштартыштарды чечүүдө соттор, бир жагынан, жарандардын ар-намысын, кадыр-баркын жана ишкердик беделин коргоо укугу менен Кыргыз Республикасынын Конституциясы кепилдеген башка укуктар менен эркиндиктер – ой, сөз, жалпыга маалымдоо эркиндигинин ортосундагы тең салмактуулукту, ар кандай мыйзамдуу жол менен маалыматты эркин издөө, алуу, берүү, өндүрүү жана жайылтуу укугун, жеке турмуштун, жеке жана үй-бүлөлүк сырлардын кол тийгистигине болгон, экинчи жагынан, мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кайрылуу укугун камсыз кылышы керек[27].

Мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөрдө маалыматтын мазмунун баалоону соттун кароосуна калтыруу, ал эми талапкердин же саясий партиянын жообунун жарыяланганын же жарыялоодон баш тартылганын карап чыгуу укугун БШКга бекитип берүү сунушталды.

Бул боюнча “Маалымат агенттиктери” (МА) терминине, алардын макамын так белгилөө менен аныктама берүү кый-

---

[27] “Ар-намысты, кадыр-баркты, ишкердик беделди коргоо тууралуу талаштарды чечүү боюнча соттук тажрыйба жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленумунун №4 токтому, 2015-жылдын 13-февралы. http://media.kg/law/postanovlenie-plenuma-verxovnogo-suda-kr/ сайтында жеткиликтүү

ла маанилүү болмок. Ошол эле учурда, түшүнүк аппаратында ага аныктама берүү менен эле чектелбей, аны өзүнчө берене менен бөлүп көрсөтүү зарыл. Мында Европа Кеңешинин тажрыйбасы боюнча жалпыга маалымдоо каражаттарына карата жогорудагы критерийлерди колдонсо болот.

Мыйзамда "маалымат агенттиктери" терминине эч кандай аныктама берилген эмес, анын мазмуну жана маанисин мыйзам авторлору 90-жылдардын башында пайда болгон жагдайлардагы түшүнүктүн негизинде гана жазган.

Маалымат агенттиктери салттуу маалымат каражаттарын (гезиттерди, журналдарды, телекөрсөтүүлөрдү жана радиолорду) хроника жана расмий жаңылыктар менен камсыздоо милдетин аркалаган кызматтар катары каралып келген. Алардын өз алдынча аткаруучу ролу жана медиа тутумунда көз карандысыздыгы болгон эмес. 90-жылдардын соңундагы постсоветтик мейкиндиктин аналитикалык жана илимий басылмалары маалымат агенттиктерине бирдей эмес, көпчүлүк учурда аларды гезит, журнал, телекөрсөтүү жана радиоуктуруу үчүн маалымат булагы болгон маалымат каражаттары үчүн кызмат кылган орган катары аныктама беришкен.

2000-жылдардын башында маалымат агенттиктери Интернет-ЖМК катары калыптануу баскычынан өтүп, керектөөчүлөргө контентти жеткирүүнүн заманбап механизмдерин өздөштүрүү менен азыркыга чейин өзгөрүп келе жатышат. Алар өздөрүнүн веб-сайттарын түзүү аркылуу салттуу ЖМК үчүн маалымат булагы катары гезиттерге, радиого же телекөрсөтүүгө жарыялабай эле, билдирүүлөрдү дээрлик үзгүлтүксүз түрдө түздөн-түз соңку керектөөчүгө жеткире башташты.

Мыйзамдын 1-беренесинде маалымат агенттиктери чыгарган программалар жөнүндө белгиленген, ошондой эле 26-беренеде эгерде маалымат агенттиктеринен маалымат алынган болсо, аны жайылтуунун ушул субъекти катары ЖМК органы жоопкерчиликтен бошотула турган учурлардын бири ушул. Маалымат агенттиктери тууралуу мыйзамдарда булардын баары белгиленген.

Жогоруда айтылгандардын бардыгын жыйынтыктай келгенде, биздин оюбузча, идеалдуу маалымат агенттиги – бул биринчи кезекте жаңылыктар камтылган маалыматтарды берген, ЖМК режими колдонулган аймактардагы кабарчы бөлүмдөрү же кабарчылар түйүнү бар редакция.

Кыргыз Республикасында иш жүзүндө ЖМК макамына толугу менен туура келгидей бир нече интернет басылмалар бар.

Авторлор ЖМК катары иш алып бара жаткан алдыңкы беш маалымат агенттигин белгилешкен:

1. “АКИpress” маалымат агенттиги, 2001-жылдан бери иш алып барат. Сайттын өзүндө жарыяланган маалыматка ылайык, маалымат агенттиги күн сайын социалдык тармактарда 500гө чейин жаңылыктарды чыгарып, 3.000.000дой окурманды, 500.000дей катталуучуну топтойт.

2. “24.kg” маалымат агенттиги өзүнүн сайтында күн сайын 60 миң уникалдуу колдонуучу келип тураарын көрсөткөн, бул айына 1.800.000 кирүүчүнү түзөт.

3. “Kaktus.media” жаңылыктар порталы ай сайын 12 миллион 665 миң барак 1 миллион 318 миңден ашуун окурмандар тарабынан көрүлөөрүн билдирген. Ал эми иш күндөрү 190 000ден ашуун келүүчү жана 200 000ден ашык карап көрүү болуп турат.

4. “K-News” маалымат агенттиги да өзүн маалымат ресурсу катары көрсөтөт. Көрүүлөр айына 969 116га чейин, же жумасына 291 390 баракты түзөт.

5. “Кабар” Кыргыз улуттук маалымат агенттиги (КУМА) – жападан жалгыз мамлекеттик маалыматтык-аналитикалык мекеме жана Кыргыз Республикасынын ички жана эл аралык маалымат саясатынын координатору. Ал 1937-жылы негизделген КирТАГ агенттигинин базасында түзүлгөн. Агенттик – башка жалпыга маалымдоо каражаттарына расмий маалымат жеткирип турган, мамлекеттик бийликтин негизги маалымат таратуучусу. 2001-жылы “Кабар” КУМА болуп кайрадан түзүлгөн. Сайтта колдонуучулар жана келүүчүлөр жөнүндө маалымат жок.

Жогоруда аталган маалыматтык ресурстар, биз жогоруда белгилеген европалык жана орусиялык стандарттарга ылайык, маалымат агенттиктеринин критерийлерине да, жалпыга маалымдоо каражаттарынын критерийлерине да көбүрөөк деңгээлде жооп берет. Мындан тышкары, алардын баарында Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги тарабынан берилген жалпыга маалымдоо каражаты катары катталгандыгы тууралуу күбөлүгү жок.

Ошол эле учурда бардыгы ЖМК режимин жана адептик стандарттарды сактоого аракет кылышат. Мисалы, "Kaktus.media" жаңылыктар порталы өзүнүн веб-сайтындагы "Колл борбор" деген бөлүмдө: "Бул жерде сиз өзүңүз күбө болгон бардык жагдайлар, Кыргызстанда болуп жаткан окуялар тууралуу маалымат калтырсаңыз болот. Бул бөлүмдүн артыкчылыгы – эгерде сиздин маалыматыңыз жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө мыйзамга каршы келбесе, анда ал сөзсүз түрдө биздин веб-сайттын башкы бетинде пайда болот, демек, биздин колдонуучулар сиздин жаңылыктарыңызды билип турушат", – деп жазышкан. Маалымат ресурсу де-юре жалпыга маалымдоо каражаты болбой туруп, иш жүзүндө өзүн ушундай позицияда көрсөткөндүгү абдан жакшы мисал. Укуктук мамиленин дал ушундай түрдө туюнтулушу редакция өз жоопкерчилигин жакшы түшүнө тургандыгынан кабар берет.

# III БӨЛҮМ.

# ЦЕНЗУРАГА ТЫЮУ САЛУУ

Кыргыз Республикасынын “Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө” мыйзамынын 1-беренесинин 2-пунктуна ылайык, “ЖМКны цензуралоого жол берилбейт”. Кыргыз Республикасынын “Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу жөнүндө” мыйзамынын 5-беренесинде да телерадио уюмдарынын маалыматтык ишмердигин цензуралоого тыюу салынган. Ошондуктан журналисттен билдирүүлөр жана материалдар боюнча алдын ала макулдашууну талап кылууга, ошондой эле текстти өзгөртүүнү же материалды же билдирүүнү басуудан (көрсөтүүдөн, уктуруудан) толугу менен алып салууну талап кылууга эч кимдин укугу жок[28]. Практика көрсөтүп тургандай, өзүн-өзү цензуралоо журналисттин ишмердигиндеги эң күчтүү чектөөлөрдүн бири болуп саналат. Бул маселе боюнча көптөгөн, ар түрдүү жана кээде бири-бирине карама-каршы келген ой-пикирлерди да угууга болот. Ага журналистика тармагынын жетекчилери, саясатчылар, илимпоздор, медиа эксперттер жана журналисттер да өз үлүштөрүн кошуп келе жатат.

Бул учурда, негизги көйгөй айрым ЖМК институттарындагы, телекөрсөтүү же басма чөйрөсүндөгү ченемдердин чачыранды болгондугунда, мыйзамдардын ар түрдүүлүгүндө, ошондой эле бул ченемдерди бузгандыгы үчүн жоопкерчиликке тартуу чарасынын жетишсиздигинде экени байкалат. Мындан тышкары, мыйзамдарда кездешкен цензуранын ар түрдүү аныктамалары ушул социалдык көрүнүштүн маңызын түзүп жаткан кооптуу жагдайлардан ЖМКларды коргой албайт.

Цензура деп маалыматты таратууга тоскоолдук кылуу максатында тикелей кысым көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн эле эмес,

[28] КР “Журналисттин кесиптик ишмердигин коргоо жөнүндө” мыйзамынын 4-беренеси

ЖМКнын ишмердигинин мазмундук жагына кийлигишип, өзгөртүү максатында кыйыр түрдө таасир этүүнү да түшүнүү керек. Ар түрдүүчө, ЖМК активдерин мыйзамсыз улутташтыруу же өткөрүп берүү, кадыр-баркты жана ишкер абройду коргоо иштери боюнча өтө оор айып салуу, мүлктү камакка алуу да ушундай аракетке кирет деп таануу керек. ЖМК ишмердигин жүргүзгөн чөйрөдө чектөөлөрдү киргизүү, жарандык жүгүртүүгө чыгарылып калган маалыматтын таралышын чектөө (талаптагыдай эмес делген маалыматтын таралышын токтото туруу же токтотуп салуу), кесиптик милдетин аткарышына чек коюу үчүн журналисттерге карата күч колдонуу же опуза кылуу, жалпыга маалымдоо каражаттарын рейдерлик басып алуу – булардын баары цензура максатында жасалат.

Көбүнчө сот органдары өздөрүнүн иш-аракети менен цензуралык милдет аткарып жатышат. Бул учурда доогерлердин сот аркылуу ар кандай маалыматты андан ары таратууну токтото турууга жол-жоболук мүмкүнчүлүк бар экени негиз болуп берүүдө.

Ата мекендик маалымат каражаттарына карата цензуранын бир нече учурларын карап чыгуу керек.

**Мисал.** Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотуна Григорий Яковлевич Бубел (Мамлекеттик жаза аткаруу кызматынын мурунку башчысы, отставкадагы генерал, учурда пенсионер / ишкер) доо арыз менен кайрылган. Анда ал "Деньги и Власть" гезитинин (жума сайын чыгуучу, жеке менчик гезити) 2012-жыл, 8-июндагы 22-(104) санында жарыяланган "BUBELGATE SCANDAL" же "Кыргызстанда маркумдардан жана тирүүлөрдөн кантип акча жасоого болот?" деген аталыш менен жарыяланган Максим Корсаковдун повестиндеги маалыматты чындыкка дал келбейт деп табууну жана 50 000 000 (элүү миллион) сом өлчөмүндөгү моралдык зыяндын ордун толтуруп берүүнү суранган. 2012-жылдын 14-июнунда Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотунун судьясы Г.Я.Бубелдин доо арызын карап чыгып, анын доо талаптарын канааттандыруу, ар-намыс жана кадыр-баркын коргоо максатында "Деньги и Власть" гезитинин редакциясына, айыпталуучуларга повесттин толук вариантынын уландысын жарыялоого тыюу салган.

Мындай чаралар кабыл алынбаса соттун чечимин аткаруу татаалдашы мүмкүн болгондуктан, сот бул макаланы жарыялоого тыюу салуу жөнүндөгү арыз канааттандырылышы керек деп эсептеди. Бул жерде материалды улантып жарыялоого тыюу салуу мыйзамсыз жана негизсиз болгон, анткени коюлган доо талаптарынын негизиндеги соттун чечими кызматкерлердин ысымдары автор тарабынан өзгөртүлгөн чыгармалардын жарык көрүшүнө таасирин тийгизе албайт. Андан ары текст эч кандай соттук талаш-тартыштардын предмети болушу мүмкүн эмес эле, анткени ал буга чейин басма сөздө жарыяланган жана ЖМКнын мыйзамдарын же болбосо башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин бузууга байланыштуу кандайдыр бир сот чечимдерине ылайык тыюу салынган эмес эле.

Чындыгында, соттун бул чечими – көмүскө цензура, соттун жарыялоого тыюу салган материал менен таанышып да койбогондугу (окубагандыгы) – анын ачык-айкын белгиси.

Сот тутумундагы өзүм билемдиктер, каралоого байланышкан талаш-тартыштар (ар-намыс жана кадыр-баркты коргоо) боюнча иш алып барган соттор доо талаптарды канааттандырууда, доогерлердин чындыкка жатпаган жана кадыр-баркына шек келтирген маалыматтарды төгүндөөдө мындай маалыматты алып салуу чечимине чейин барышына алып келип жатат. Бул доомattардын көпчүлүгү маалымат агенттиктерине же интернет басылмаларына тиешелүү.

> **Мисал.** 2020-жылы 24-январда Бишкек шаарынын Биринчи Май райондук сотунун чечими менен Казакстан Республикасынын жараны К.А.А.нын ар-намысын, кадыр-баркын жана ишкердик беделин коргоо боюнча доо арызы канааттандырылып, анда К.А.К.га “ПроМЕдиа Плюс” КФ (kaktus.media) жана башкы редакторго жалпы суммасы 80 083 (сексен миң сексен үч) сомду түзгөн моралдык зыяндын, жол чыгымдарынын ордун толтуруудан тышкары, сот талаштуу материалдарды алып салуу чечимин чыгарган.

Сотто ушул категориядагы иштерди маңызы боюнча карап, такталбаган маалыматтарды токтотууга же алып салууга

байланыштуу чечимдерди кабыл алуу үчүн мыйзамдуу мүмкүнчүлүгү жок. Арыз ээси (эгер ал ага тиешелүү болсо) мыйзамдуу түрдө күчүнө кирген, ага ылайык тигил же бул маалымат чындыкка коошпойт жана кадыр-баркына шек келтирди деп таанылган чечимди колуна алгандан кийин, бул маалымат башка маалыматтык ресурстарга таратылганда гана аны алып салууну талап кыла алат. Бул сыяктуу мисалдар аз эмес.

Мындай жараксыз практика Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун (ЖС) Пленумунун "Ар-намысты, кадыр-баркты жана ишкердик беделди коргоо учурларындагы талаш-тартыштарды чечүүдөгү соттук практика жөнүндө" 2015-жылдын 13-февралындагы токтому кабыл алынгандан кийин колдонула баштады. Жогорку соттун пленардык отуруму өз токтомунда 13-пунктту соттор төмөндө келтирилген ченемдин чечмеленишин түшүнө албай, укук колдонуу практикасын ачакей кылып белгилеген. Доо арыздардын окшош предметтери боюнча дагы ар кандай чечимдер кабыл алынат.

«Кыргыз Республикасынын «Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө» мыйзамынын 1-беренесине ылайык, Интернет тармагы жалпыга маалымдоо каражаттарына кирбейт.

Интернет тармагында маалыматты жайылтууга байланыштуу доо арыздарды кароодо маалыматтын таркатуу булагын жана соттолуучунун турган жерин аныктоо керек.

Маалыматты жайылтуу булагын аныктоодо, маалыматтык ресурста доогер жокко чыгарууну талап кылган маалымат камтылгандыгын же болбосо мындай маалымат ресурста жайгаштырылбастан, анын ичинде гана чагылдырылгандыгын (киргизилген коддорду, embed технологиялар, iframe жана башка ушул сыяктуу технологияларды) аныктоо зарыл.

Эгерде ресурс жалган маалыматтын булагы болбосо, бирок башка ресурстар тарабынан жайылтылган маалыматтарды техникалык жактан гана чагылдырса, сот бул ресурстун ээсин доогердин укугун бузган аракеттерди токтотууга милдеттендирет, бирок аны маалыматты төгүндөөгө милдеттендирбейт.

Иш-аракеттерди токтотуу жөнүндөгү соттун аныктамасы ушул ресурска көрсөтүлгөн иш боюнча соттун чечимин бир эле мезгилде жайгаштыруу менен, көрсөтүлгөн маалыматты

блоктоо, чектөө жана алып салуу талабын камтышы мүмкүн”[29].

Соттор тигил же бул маалыматты алып салуу же анын жайылышын токтотууну камтыган ушул категориядагы иштер боюнча чечимдерди кабыл алууда жарандардын маалыматты билүү боюнча конституциялык укуктарын бузушат. Кыргыз Республикасында расмий тыюу салынган темалар жок. Экстремисттик тизмеге кирген материалдар сот тарабынан таанылган учурда гана жайылтылбайт жана алынып салынышы керек.

**Мисал.** Бул учурда жаран Б.Е.В.дин чындыкка коошпогон маалыматтарды төгүндөө жана моралдык зыяндын ордун толтуруу менен катар, бардык талаштуу маалыматтарды өчүрүүнү талап кылып “AKИpress” маалымат агенттигинин (МА) үстүнөн беш доо арыз бергени абдан эле ыксыз көрүнөт. Кызыгы, укук колдонуу практикасы ар кандайча жүрдү. Эки учурда соттор маалыматтарды алып салуу чечимин кабыл алышты, дагы бир учур боюнча доонун бул бөлүгүндөгү доогердин талаптары четке кагылды. Үч чечим тең мыйзамдуу түрдө күчүнө кирген. Учурда соттор эки доо арыз боюнча ишти кароону улантышууда. Төртүнчү учурда апелляциялык инстанция аныктама чыгарып, биринчи инстанциядагы соттун чечимин күчүндө калтырган – ага ылайык “АКИпресс” маалымат агенттиги сот чындыкка дал келбейт деп тапкан жана доогердин ар-намысына жана кадыр-баркына шек келтирген маалыматтарды жарыялоого жана андан ары таратууну токтотууга милдеттендирилди.

Жалпыга маалымдоо каражаттарынын ишине негизсиз кийлигишүүнүн үчүнчү мисалы соттордун чечимдери жана ал чечимдер соттолуучулардын банк эсептерин камакка алуу менен байланышкан.

**Мисал.** 2017-жылы 14-мартта Бишкек шаарынын Ленин райондук соту Кыргыз Республикасындагы банк мекемелеринен “Азаттык Медиа” мекемесинен, “Про Медиа” коомдук фондуна таандык

[29] “Ар-намысты, кадыр-баркты, ишкердик беделди коргоо тууралуу талаштарды чечүү боюнча соттук тажрыйба жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленумунун №4 токтому, 2015-жылдын 13-февралы

> банктык, эсептик жана башка эсептердин бар экендиги жөнүндө маалыматтарды талап кылып, эгер мындай фактылар табылса, анда "Азаттык Медиа" мекемесинен талап кылынган моралдык компенсациянын чегинде – 10 000 000 (он миллион) сом, "Про Медиа" коомдук фондунан – 3 000 000 сом, өлкөнүн бардык алдыңкы банктарын санап чыгуу менен алардагы эсептерин камакка алуу чечимин чыгарган.

Чечим чыгарууда сот тескөө укугундагы чектөөлөр, ишкердик жана башка экономикалык иш-аракеттер эркиндиги менен биргеликте адилеттүүлүк, акылга сыярлык жана өлчөмдөштүк талаптарына жооп бериши керектигин эске алган жок. 10 000 000 сом жана 3 000 000 сом өлчөмүндөгү акча каражаттарын камакка алуу терс кесепеттерге алып келди, анткени "Азаттык Медиа" мекемесинин жана "Про Медиа" КФнын бардык каржылык иш-аракеттерине бөгөт коюлуп, алардын коомчулукка маалымат берүү милдеттерин аткарышы мүмкүн болбой калды. Ал эми Кыргыз Республикасынын Жарандык процессуалдык кодексинин 226-беренесине ылайык, соттун аныктамасында корутунду чыгарган себептери жана сот жетекчиликке алган мыйзамдарга да шилтеме жасалышы керек эле.

Бирок сот өз аныктамасында Кыргыз Республикасынын Жарандык процессуалдык кодексинин 140-141-беренелерине шилтеме берүү менен гана чектелип, ошол эле убакта доогердин өкүлдөрүнүн өтүнүчүн канааттандырып жатканда, "Азаттык Медиа" мекемесинин жана "ПроМедиа" коомдук мекемесинин каржылык абалын кыйындаткан камакка алуунун чыныгы зарылчылыгын жана өлчөмдөштүгүн аныктаган жок. Мындай категориядагы иштерде доогердин пайдасына чечим чыккан учурда, доо талабын камсыз кылуунун кажети жок болчу. Каралоого тиешелүү доо арыздар боюнча соттук териштирүүлөр жүрүп жаткан шартта биринчи орунда адамдын кадыр-баркы, андан кийин гана, балким, кимдир-бирөөгө келтирген моралдык зыян турат.

Мындан тышкары, Жогорку соттун Пленумунун жогоруда аталган токтомунда Жогорку сот адеп-ахлактык, социалдык функциясын аткарууда моралдык зыяндын ордун толтуруу институту адамдын кол тийбестигин коргоо милдетин алдына

койгонун көрсөттү. Моралдык жабыр тартуунун материалдык өлчөмүн аныктоодо соттор жарыяланган материалдын мүнөзүн жана мазмунун, жалган маалыматтын канчалык таратылганын жана башка көңүл бурарлык жагдайларды эске алуу менен, акылга сыярлык жана калыс талаптарды эске алышы зарыл.

Соттун бул сунуштары айыпталуучу юридикалык же жеке жак болобу, моралдык зыян үчүн компенсацияны төлөй албай тургандай сумманы сот бекитпеши керектигин көрсөтүп турат.

ЖМКларга таасир этүүчү административдик механизмдердин жана алардын редакциялык саясатына таасир этүүдө колдонулуучу ыкмалардын тизмеси абдан кеңири болушу мүмкүн жана алар сөзсүз түрдө жаңы варианттар менен толукталып турат.

Жогоруда айтылгандарды эске алып, учурдагы мыйзамга "цензура" түшүнүгү боюнча бир гана берене менен чектелбестен, өзүнчө бөлүм киргизүү зарыл деп эсептейбиз. Сот өндүрүш практикасында буга чейин болгон, ошондой эле төмөндө айтыла турган учурлардагы ыктымал бардык ыкмалар кеңири баяндалышы зарыл. Ошондой эле башка өлкөлөрдүн тажрыйбасын кошумча изилдөө менен цензуранын пайда болушун да алдын алуу зарыл.

Мыйзам чыгаруучуларга ыктымал түзөтүүлөрдөн кийин Кыргыз Республикасынын "Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө" мыйзамында аныктала тургандай мааниде цензура жасагандык үчүн кылмыш жоопкерчилигин өзүнчө кылмыш курамы катары бекитүүнү сунуштоо зарыл.

Ошондой эле журналисттин кесиптик ишмердигине тоскоолдук кылгандыгы (кылмыш жоопкерчилигине тартылбаган журналисттердин ишине, мисалы, жөн эле жайылтуу үчүн эмес, маалымат чогултуу – митингдерди, жүрүштөрдү чагылдыруу ж.б.у.с. тоскоолдук кылган аракеттери) үчүн административдик жоопкерчилик каралышы керек же Жоруктар кодексинин учурдагы 89-беренесине, толуктоолорду киргизүү менен укук бузуулардын субъекттер чөйрөсүн кеңейтүү кажет.

Журналисттин ишмердигине тоскоолдук кылууну кылмыштын кууш диспозициясы деп түшүнүүгө болот. Журналисттер-

дин кесиптик ишмердигине тоскоолдук кылгандыгы үчүн жазалоо практикасы дээрлик жок экени жөн жеринен эмес.

Ошондой эле мыйзам долбоорун иштеп чыгууда, ал жарамсыз болуп калбашы үчүн ченемдик укуктук актылардын жоопкерчиликке тиешелүү бузууларынын (олуттуу материалдык чыгым, денеге зыян келтирүүнүн милдеттүү түрдө болушу) квалификациялоочу белгилерин татаалдаштырбоо сунушталат.

Муну менен катар Кыргыз Республикасынын Жазык кодексине журналисттин ишине тоскоолдук кылгандыгы үчүн, ага же жакындарына карата зомбулук көрсөтүү же алардын мүлкүнө зыян келтирүү же жок кылуу (мисалы, видео жабдууларын бузуу) жана ушундай мүнөздөгү зомбулук коркунучу менен айкалыштырган беренени киргизүү да зарыл деп эсептейбиз.

Жалпы эле массалык медиа тармагынын негизги көйгөйлөрүнүн бири – бул Кыргыз Республикасынын «Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө» мыйзамынын баркы төмөндөп кеткени. Дээрлик толугу менен аракет жөндөмсүздүгү жана жоболорунун чийкилиги, ошондой эле окшош ченемдерди камтыган кошумча мыйзам актыларынын кабыл алынышы жана маалыматты "жеткирүү" үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдүн пайда болушу, Кыргыз Республикасынын «Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө» мыйзамынын колдонулбай калышына алып келди.

"Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө" мыйзамдын өзүндө ЖМК мыйзамдарынын курамын аныктаган 4-беренеде анын негизги мыйзам катары ролу аныкталган эмес.

Бул маселени чечүү үчүн "Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө" мыйзамды модернизациялоо жана универсалдаштыруу, массалык медиага тиешелүү башка ченемдик укуктук актыларга карама-каршы келген учурда артыкчылыкка ээ болгон маалымат жүгүртүү чөйрөсүндөгү негизги принциптерди белгилөө жана ага катар башка мыйзам актыларын өнүктүрүү, анын ичинде маалымат каражаттары тууралуу негизги мыйзам менен шайкеш келтирүү сунушталууда. Биздин оюбузча, бул чечим азыркы учурга кыйла ылайыктуу жана мыйзам чыгарууну өнүктүрүү талаптарына жооп берет.

# IV БӨЛҮМ.

# ЖМКны КАТТОО

“Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө” колдонуудагы мыйзамга ылайык, жалпыга маалымдоо каражаттарын түзүү укугу Кыргыз Республикасынын жеке жана юридикалык жактарына таандык.

Төмөндөгүлөр уюмдаштыруучу боло албайт:

- он сегиз жашка толо элек же соттун өкүмү менен эркиндигинен ажыратуу жайларында жазасын өтөп жаткан же сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп табылган Кыргыз Республикасынын жараны;
- мыйзамга ылайык сот тарабынан ишмердигине тыюу салынган юридикалык жактар.

Мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын ишинин токтотулушун каттоо (мындан ары – каттоо) жалпыга маалымдоо каражаттарынын мамлекеттик реестрине киргизүү, жалпыга маалымдоо каражаттарынын ишин түзүү, кайра каттоо жана токтотуу жөнүндө маалыматты киргизүү аркылуу 10 жумушчу күн ичинде жүргүзүлөт.

Жалпыга маалымдоо каражаттарын каттоо Кыргыз Республикасында жалпыга маалымдоо каражаттарын каттоо тартиби жөнүндө жобого ылайык жүргүзүлөт[30]. Бул документ жалпыга маалымдоо каражаттарын уюмдаштырууга жана каттоого байланыштуу мыйзамга өзгөртүүлөр кабыл алынгандан кийин бекитилген.

“Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө” мыйзамдын 6-беренесинде маалымат каражатын каттоодон негизсиз баш тартуу же анын кечиктирилиши административдик иш жана административдик жол-жоболор жөнүндө мыйзамдарга ыла-

[30] КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 15-мартындагы №121 токтому менен бекитилген. http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/12993 сайтында жеткиликтүү

йык даттанууга жатат деп белгиленген. Административдик ишмердик Кыргыз Республикасынын "Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө" мыйзамы менен жөнгө салынат. Аталган мыйзамдын 6-беренесине ылайык, административдик органдарга ченемдик укуктук актыларда каралбаган административдик иш-аракеттерди жүргүзүүдө кошумча формалдуу талаптарды коюуга же эгерде бул талаптар административдик иштин туура чечилишине таасир этпесе, андай талаптарды коюуга тыюу салынат. Бул жерде Каттоо тууралуу жобонун 18-беренесине көңүл буруу керек. Эгерде маалымат каражаттарын каттоодо берилген документтерде төмөндө көрсөтүлгөн кемчиликтер аныктался, анда аймактык бөлүм бузууларды четтетүү үчүн мөөнөтүн 10 күнгө чейин жылдыруу жөнүндө буйрук чыгарат:

1) берилген документтерде формалдуу кемчиликтер табылса;
2) ушул Жободо белгиленген керектүү документтерди тапшырбаган болсо;
3) берилген документтерде Каттоо жөнүндө жободо каралган маалыматтар жок болсо.

Каттоого тыюу салуу жөнүндөгү соттун, кызмат адамынын (тергөөчү, сот аткаруучусу) сот актысы болгон учурда каттоону чектеген 20-беренеге да көңүл буруу зарыл. Соттун актысы түшүнүктүү – ал эркиндигинен ажыратуучу жайларда жаза өтөп жаткан уюмдаштыруучулар жөнүндөгү ченемге шилтеме берет, а бул жердеги тергөөчүнүн жана сот аткаруучунун ролу таптакыр түшүнүксүз. Маалымат каражаттарын каттоодон баш тартуу үчүн ушул кызмат адамдарында кандай документ болушу керек?

Жобонун 23 жана 24-беренелеринде жалпыга маалымдоо каражаттарын мамлекеттик каттоо тууралуу арыз боюнча сөз болот, анда белгилүү бир маалыматтар камтылып жана ага ЖМКнын жетекчисинин паспортунун же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, өздүгүн тастыктаган башка документтин көчүрмөсү тиркелиши керек. Келечектеги ЖМК органынын башкы редакторунун документи суралабы же

юридикалык жактын аткаруучу деректиринин документиби (анда ушуну көрсөтүш керек болчу) – кимдин документи керек экендиги белгисиз. Бирок уюмдаштыруучусу бар болсо, алардын эмне кереги бар эле?

Биздин оюбузча, каржы лоо булактарын жана программанын максаттарын жана милдеттерин көрсөтүү талабы ашыкча болгондой эле, ушул баскычта жогорудагыларды талап кылуу да ашыкча. Бул талаптар формалдуу, аларды текшерүү же андан ары кайрадан текшерип чыгуу эч кимдин функцияларына кирбейт. Анда эмне үчүн керек? Алар Жободон кыскартылышы керек.

“Арыз ээсине кемчиликтерди жоюу мүмкүнчүлүгүн берүү каттоонун акыркы мөөнөтүн үзгүлтүккө учуратат жана кемчиликтерди жоюу мөөнөтү каттоонун акыркы мезгилине кирбейт”. Арыз ээси кемчиликтерди толук жана өз убагында четтете албаса гана, каттоодон баш тартуу жөнүндө буйрук чыгарылат. Арыз ээси каттоодон баш тартууга негиз болгон себептерди жойгондон кийин аймактык бөлүмгө кайрадан кайрыла алат.

Административдик ишмердик жөнүндө мыйзамдын 10-бөлүмүнө ылайык, арыз ээси жана кызыкдар адам өз укуктарын коргоо максатында административдик органдын административдик актыларына, аракеттерине же аракетсиздигине даттанууга укуктуу. Административдик актыга карата административдик даттануу административдик актыны кабыл алган административдик органга же жогору турган административдик органга берилиши мүмкүн. Административдик органдын же кызмат адамынын аракетине же аракетсиздигине даттануу жогору турган административдик органга же жогору турган кызмат адамына берилет. Жогору турган администрациялык орган же жогору турган кызмат адамы жок болгон учурда, административдик органдын аракетине жана аракетсиздигине карата даттануу сот тартибинде жүргүзүлөт.

Практика көрсөткөндөй, жалпыга маалымдоо каражаттарын каттоодо олуттуу кыйынчылыктар жок. Бирок мамлекеттик орган белгиленген мөөнөттөрдү атайылап создуктурган учурлар көп эле кездешет. Мындай жагдайга буга чейин оппо-

зициялык маанайдагы жаңы маалымат каражаттарынын уюмдаштыруучулары туш болушкан.

> **Мисал.** 2010-жылдын февраль айында Фергана.Ру сайтында «МК-Кыргызстан» гезитинин башкы редактору У.Бабакуловдун каты жарыяланып, анда Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги тарабынан жаңы басылманы – орусиялык басылмалардын биринин Кыргызстандагы өкүлчүлүгүн каттоонун белгиленген мөөнөттөрүн бузулган фактылары жөнүндө баяндалган. Каттоо үчүн баштапкы документтер беш айдан ашык убакыт мурун берилген. Ушул мезгил аралыгында кемчиликтерди жоюу үчүн документтер арыз ээсине төрт жолу кайтарылып берилиптир. Арыз ээсинин айтымында, себептердин бардыгы "формалдуу"[31].

Басма сөз каражаттарын каттоо институту айрым өлкөлөрдө жок жана керексиз деп эсептелет, анткени ал мамлекеттик органдар тарабынан административдик өзүм билемдиктин пайда болушуна реалдуу өбөлгөлөрдү түзөт.

Ушуга байланыштуу "Артикль 19" эл аралык уюму – Сөз эркиндиги боюнча бүткүл дүйнөлүк кампания БУУнун Адам укуктары боюнча комитетине шилтеме жасап, Кыргызстанды басма сөз каражаттарын каттоодон өткөрүү талабынан баш тартууну сунуш кылат. Анда: "Жалпыга маалымдоо каражаттарына мындай көзөмөлдүн алдын алуу үчүн таасирдүү чаралар керек, бул ар бир адамдын сөз эркиндигине болгон укугун ишке ашырууга тоскоолдук кылат", – деп белгилеген[32].

Иш жүзүндө, эгерде жалпыга маалымдоо каражаттарынын аталышы мурун катталган маалымат каражаттарынын аталышын кайталаса, ыйгарым укуктуу орган мыйзамга эч кандай шилтеме жасабай эле каттоодон баш тартып коюшу мүмкүн.

---

[31] Кыргызстандагы сөз эркиндигинин бузулушуна 2010-жылдын февралында жүргүзүлгөн мониторинг, "Журналисттер" КУнун Бюллетени, Бишкек, 2010. http://media.kg/news/monitoring-narushenij-svobody-slova-v-kyrgyzstane-v-fevrale-2010-goda/ сайтында жеткиликтүү

[32] Кыргызстандын "Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө" жана "Журналисттердин ишмердиги жөнүндө" мыйзамдары тууралуу меморандум – Артикль 19, Лондон, 2005-ж., 14-б.

Бул тыюу салуунун максаты медиа рынокто башаламандык жаратпоо деп божомолдоого болот.

Бирок аталыштарды кайталоого тыюу салуу абсолюттук эмес, салыштырмалуу болуп эсептелет. Демек, бир эле аталыштагы гезит бир аймакта катталган болсо, анда бул ошол эле аймактагы журналга же телеберүүгө ушул аталыштын колдонулушуна тоскоол болбойт. Бирок интеллектуалдык менчик катары соода маркаларын жана тейлөө белгилерин коргогон эрежелерди билүү зарыл. Каттоодон өткөн бир топ гезит-журналдардын кыйласы окурмандарын таппай же басмадан чыгууда үзгүлтүккө учурап же таптакыр жарык көрбөй жатат. Анткен менен, алар Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин маалымат базасында кала беришет. Кандайдыр бир юридикалык жак сыяктуу эле, ЖМК органы өзүнүн ишин уюштуруучулук-укуктук түзүмүнө жана менчигинин түрүнө карабастан мыйзамга ылайык жүргүзөт.

Жалпыга маалымдоо каражаттарын каттоо жөнүндө жобого бир аз түзөтүү киргизилсе, анда белгиленген үлгүдөгү берилген арызды уруксат берүү эмес, кабарландыруу түрүндө кароого болот, бул өлкөнүн ички жана тышкы сөөлөтүнө оң таасирин тийгизет. Өкмөт биздин өлкө ратификациялаган эл аралык институттардын кабыл алынган сунуштарын, келишимдерди ишке ашырат.



# V БӨЛҮМ.

# РЕДАКЦИЯ ЖАНА ЖОБО

Авторлор учурдагы уюштуруучулук-укуктук боштукту толтурууну жана “редакция” жана “редакциялык кеңеш” түшүнүктөрүн “Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө” мыйзамга киргизүүнү сунушташат. Ошол эле учурда уюмдун (юридикалык жактын) уставы менен чаташып калбоосу үчүн, жалпыга маалымдоо каражаттарын чыгаруу гана эмес, функционалдык милдеттерин кеңири жайылтуу максатында, редакциянын уставы “редакциянын ички регламенти” (мындан ары устав же жобо) деп аталышы зарыл. Редакциялык кеңештин Жобосун кабыл алуу үчүн “редакциянын” өзүнө аныктама бериш керек.

Мындай жол менен редакция өз ишин кесиптик өз алдынчалык негизинде жүргүзөт.

Редакция ошондой эле мыйзамда жол берилген кандай гана формада болбосун уюштурулган юридикалык жак, өз алдынча чарбалык субъект боло алат. Эгер катталган жалпыга маалымдоо каражатынын редакциясы юридикалык жак катары уюшулган болсо, ал дагы юридикалык жактарды мамлекеттик каттоо жөнүндөгү мыйзамга ылайык катталышы керек. Ал жалпыга таратылуучу маалыматты өндүрүүдөн жана чыгаруудан тышкары белгиленген тартипте мыйзам тыюу салбаган башка ишмердикти да жүргүзө алат.

Редакцияны ушул Мыйзамдын, редакциянын уставынын, уюмдаштыруучу менен редакциянын (башкы редактордун) ортосундагы келишимдин негизинде өзүнүн ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырган башкы редактор башкарат. Башкы редактор уюмдаштыруучу, басып чыгаруучу, таратуучу, жарандар, жарандардын бирикмелери, ишканалар, мекемелер, уюмдар, мамлекеттик органдар менен болгон мамилелерде, ошондой эле сотто редакциялык кеңештин атынан чыгат. Ал “ЖМК жөнүндө” мыйзам жана башка мыйзам актылары менен жалпыга

маалымдоо каражаттарынын ишмердигине коюлган талаптардын аткарылышына жооптуу.

Редакция (башкы редактор) жалпыга маалымдоо каражаттарынын уюмдаштыруучусу, таратуучусу, дистрибьютору, редакциянын мүлкүнүн ээси боло алат.

Жалпыга маалымдоо каражаттары өзүнүн табияты боюнча катардагы уюм эмес, ал эми журналисттер өз кезегинде – жалданма кызматкерлер эмес, жалпыга маалымдоо каражаттарынын редакциясы менен анын уюмдаштыруучусунун ортосундагы мамилелердин толук укуктуу катышуучулары. Бул кесибине байланышкан чыгымдар, автордук жана жоопкерчилик маселелери сыяктуу көптөгөн факторлорго байланыштуу. Редакциянын ички регламентин кабыл алуу механизми бир тарап иш жүзүндө ММКнын өзүнө туура келбеген шарттарды экинчи тарапка таңуулай албайт дегенди билдирет.

Кээде журналисттер жамаатынын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын уюмдаштыруучусунун кызыкчылыктарынын ортосунда ажырым болот. Журналисттер адатта уюмдаштыруучунун редакцияга максималдуу түрдө кийлигишүү укугун чектөөгө жана ошол эле учурда ЖМКнын иш-аракетин каржылоонун ишенимдүү кепилдигин камсыз кылууга кызыкдар. Уюмдаштыруучу үчүн эң ыңгайлуу вариант – административдик жана финансылык жактан көзөмөлүндө турган редакциянын уставы. Бул өзгөртүүлөр ЖМК процессинин бардык катышуучуларынын ортосундагы жоопкерчиликти айырмалоо максатында сунушталууда.

Өлкөбүздүн жаңы тарыхында кылмыш иштери козголуп, адамдар өздөрүнүн функционалдык милдеттерине байланыштуу ЖМКнын кетирген каталары үчүн жооп бербеген, экстремисттик багыттагы сюжеттерди эфирге чыгаргандыгы үчүн анын ээси жоопко тартылган учурлар көп болгон.

Жалпыга маалымдоо каражаттарынын редакциясынын ички жобосу журналисттер жамаатынын – редакциянын кызматкерлеринин жалпы чогулушунда, көпчүлүк добуш менен

анын курамынын үчтөн экисинен кем эмес бөлүгү катышкан учурда кабыл алынат жана уюмдаштыруучу тарабынан бекитилет. Орусиянын тажрыйбасын карап көрөлү. Орусия Федерациясынын ЖМК жөнүндө мыйзамына ылайык, Редакциялык кеңештин жобосунда төмөнкү ченемдер аныкталууга тийиш:

1) уюмдаштыруучунун, редакциянын, башкы редактордун өз ара укуктары жана милдеттери;

2) журналисттер жамаатынын – редакциянын штаттагы кызматкерлеринин ыйгарым укуктары;

3) башкы редакторду, редакциялык кеңешти жана (же) башка редакциялык башкаруу органдарын дайындоо (шайлоо) тартиби;

4) маалымат каражаттарынын ишин токтотуунун жана токтото туруунун негиздери жана тартиби;

5) аталышты (ысымды) алып жүрүүгө укукту өткөрүп берүү жана (же) сактоо, уюмдаштыруучу өзгөргөн учурдагы башка юридикалык кесепеттер, тең уюмдаштыруучулардын курамынын өзгөрүшү, жалпыга маалымдоо каражаттарынын ишин токтотуу, редакцияны жоюу же кайра түзүү, анын уюштуруу-укуктук формасын өзгөртүү;

6) редакциялык кеңешменин жоболорун, ошондой эле тиешелүү мыйзамда жана башка мыйзам актыларында каралган башка ченемдерди бекитүү жана өзгөртүү тартиби.

Редакциянын жобосу бекитилгенге чейин, ошондой эле редакция ондон аз адамдан турган учурда, анын уюмдаштыруучу менен мамилелери, анын ичинде ушул берененин экинчи бөлүгүнүн 1-5-пункттарында келтирилген жагдайлар, уюмдаштыруучу менен редакциянын (башкы редактордун) ортосундагы Жобону алмаштырган келишим менен аныкталышы мүмкүн[33].

Юридикалык жак катары уюштурулган редакциянын жобосу бир эле учурда ушул юридикалык жактын уставы болушу мүмкүн. Бул учурда редакциянын уставы, юридикалык жактарды каттоо боюнча мыйзамдарга шайкеш келиши керек.

---

[33] Орусия Федерациясынын “Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө” мыйзамынын 2-беренеси, 1991-ж. http://www.consultant.ru/document/cons_doc_LAW_1511/ сайтында жеткиликтүү

Редакциянын уставынын же аны алмаштырган келишимдин көчүрмөсү ушул жалпыга маалымдоо каражаты алгачкы жарык көргөн (уктурулган) күндөн тартып үч айдан кечиктирилбестен каттоочу органга жөнөтүлөт. Ошол эле учурда редакция өзүнүн уставында же аны алмаштырган келишимде кандай маалыматтар чектелген маалымат болуп саналаарын белгилөөгө укуктуу.

Бул учурда кызыкчылыктардын кагылышуусу пайда болгон жагдай жаралса, каттоочу орган үчүнчү жак боло алат.

Редакция жана анын ички Жобосу мыйзам деңгээлинде бекитилиши керектигин тастыктоо иретинде, "Ош ТВ" жана "Мезон-ТВ" каналдарынын айланасында түзүлгөн кырдаалды карап чыгалы.

> **Мисал.** Кыргызстандын түштүгүндө 2010-жылдагы Июнь окуясынан кийин "Ош-ТВ" телекомпаниясынын ээси В Х.Худайбердиев компаниянын 51% акциясын жергиликтүү бийлик менен байланышы бар адамдарга өткөрүп берген. Кийинчерээк ал кысымдын негизинде аргасыздан ушундай кадамга барганын айткан. 2014-жылы март айында эки инстанциянын чечими менен 2010-жылдын 2-июлунан берки бардык келишимдер жана сот чечимдери жокко чыгарылып, Х.Худайбердиев кайрадан телеканалдын 100% ээси деп жарыяланган. Бирок ал саясий эмиграцияда жүрөт. Х.Худайбердиев экстремизм үчүн сыртынан соттолуп, мүлкү конфискацияланып, 20 жылга эркинен ажыратылган. Х.Худайбердиевдин жогорку инстанциядагы жазган апелляциялык арызы канааттандырылган эмес. 2014-жылы Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонд Ош-ТВнын уюмдаштыруучусу болуп калган жана учурда телеканал мамлекеттик деп эсептелет.
>
> "Мезон-ТВ" телеканалы да 2010-жылдагы Июнь окуясынан кийин башка ээлердин менчигине өтүп, "Башат-ТВ" деп аталып калган.

"Ош-ТВ" компаниясынын айланасындагы түзүлгөн мындай жагдай телеканалдын ээси коомдук жайылтууга жатпаган маалыматтарды тараткансы үчүн жоопко тартылгандыгынын мисалы болушу мүмкүн. Бул мисалды мыйзамдагы цензурага тыюу салуу бөлүмүнө да тиешелүү деп айтууга болот. Антке-

ни телерадио уюмун рейдерлик жол менен басып алуу, балким, телекомпанияны мыйзамсыз улутташтыруу көрүнүштөрү ачык-айкын байкалып турат. Бирок бул маселелерди арызданyy тартибинде эле, тиешелүү кызыкдар тараптардын катышуусуз чечүү мүмкүн эмес.

Редакция менен Жобонун мыйзамдуу бекемделиши функционалдык милдеттердин так бөлүштүрүлүшүнө, жоопко тартыла турган талаптагы субъектини аныктоого, тийиштүү түрдө, эгер адашуудан же кызматтык ыйгарым укуктарын кыянат пайдаланып жаңылыш чечим чыгарбашы үчүн укук сактоо органдарына да, сот органдарына да туура багыт берүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Укуктук жөнгө салуу укук колдонуу практикасын өзгөртүүгө мүмкүндүк берет жана туура чечимдерди кабыл алууга гана багыт бербестен, алардын аткарылышын камсыз кылууга мамлекеттик органдарды милдеттендирет.

Биздин журналистикага Жобону кабыл алуунун мазмунуна жана жол-жобосуна карата формалдуу мамиле жасоо мүнөздүү болушу ыктымал. Бул эмгек жамааттарынын мүмкүнчүлүгү чектелүү экенинен жана алардын укуктарын коргой турган кесиптик бирликтердин жоктугунан улам, бул өз кезегинде, көпчүлүк журналисттердин экономикалык абалынын оордугунан, ошондой эле уюмдаштыруучулардын ЖМК мыйзамдарынын талаптарын көзгө илбегендиктен да келип чыгышы мүмкүн.

Жобо уюмдаштыруучулардын же менчик ээлеринин редакциялык иш-аракеттерге кийлигишүү мүмкүнчүлүгүн, жок дегенде юридикалык жактан чектейт. Бул жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндиги ЖМК уюмдаштыруучуларынын жана ээлеринин эркиндиги менен алмаштырылбай тургандыгынын кепилдиги болуп саналат. Ал эми буга карама-каршы түзүлгөн кырдаал жараксыз, конституциялык эмес жана демократиясыз болоорун түшүнүү зарыл. Албетте, кээде журналисттер жеке кызыкчылыктары үчүн ЖМК эркиндигин тескөө укугун өздөрүнө ыйгарып алып жатышат деп каршы чыкса болот. Бирок бул жерде жок дегенде журналисттер уюмдаштыруучуларга караганда жүздөгөн эсе көп экендигин, алар калктын ар кандай катмарынын өкүлдөрү, социалдык багытты карманаарын жана аларды калктын күнүмдүк керектөөлөрү-

нөн обочолонуп калгандыгы үчүн айыптоо кыйыныраак болоорун эске алуу зарыл.

Авторлор журналисттин өзүнүн редакциясындагы кесиптик көз карандысыздыгына да көңүл бурбай коё алган жок. Ал, эреже катары, өзү даярдаган материалдарды өз атынан же псевдоним менен жайылтуу, журналисттин ишенимине каршы келсе, материалды даярдоодон жана жарыялоодон баш тартуу укугу; өз колу менен жайылтылууга тийиш болгон маалыматтарда жана материалдарда өзүнүн жеке пикири менен баасын билдирүү укугу, ошондой эле материалды, же редактордук даярдоонун жүрүшүндө мазмуну бурмаланган деп эсептесе, материалдан өз колун алып салуу укугу менен аныкталат.

Макалалардын авторлорун таптакыр көрсөтпөгөн ЖМК редакциялары да бар. Бул алардын аты-жөнүн көрсөтүү укугун бузушу мүмкүн.

# VI БӨЛҮМ.

# ЖМКнын ИШМЕРДИГИН ТОКТОТО ТУРУУ ЖАНА ТОКТОТУП САЛУУ

Жалпыга маалымдоо каражаттарынын пайдасына 8-берененин жобосу жарым-жартылай каралып, анда ЖМКнын иши мыйзам талаптары бузулган учурда уюмдаштыруучунун же соттун чечими менен токтото турулушу же токтотуп салынышы мүмкүн экени айтылган.

Мындай ченемдин болушу жалпыга маалымдоо каражаттарын коргоого алат жана мамлекеттик бийлик органдарынын өкүлдөрүнүн "жакпай калган" маалымат каражаттарын өзүм билемдик менен эле жаап салышына жол бербейт. Бул жаатта тажрыйба анча көп болбосо да, жалпыга маалымдоо каражаттарын мамлекеттик органдардын өзүм билемдигинен жана ЖМКны жабуу укугуна ээ болгон уюмдаштыруучунун да мыйзамсыз иш-аракеттеринен коргоо зарыл. Теориялык жактан алып караганда, "ЖМК жөнүндө" мыйзамдын аз эле бузулушу жалпыга маалымдоо каражатын жабууга алып келет. Мыйзамга шайкеш келбеген мындай чектен чыккан чара сөз эркиндигине болгон укуктун олуттуу бузулушуна алып келмек. Тактап айтканда, уюмдаштыруучу же сот ЖМКнын ишин жаап же токтото турган конкреттүү, ар тараптуу негиздерди көрсөтүү үчүн бул берене айрым тактоолорду талап кылат. Мындай негиздерди мүмкүн болушунча азайтуу кажет.

Иш жүзүндө, акыркы учурларда, аракеттеги мыйзамдын ченемдеринин бузулушунун негизинде ЖМКларды жабуу же алардын ишин токтотуу учурлары болгон эмес, бул, албетте, биздин укук коргоо кызматкерлерин актабайт, анткени алардын ишмердигин токтотуунун башка мүмкүнчүлүктөрү табылган эле.

Мисалы, "Сентябрь" жана "Апрель" телекомпаниялары талдоо жүргүзүлүп жаткан Мыйзамдын бир дагы ченемдерин бузбаса да, өз ишмердигин токтотушкан. Бирок, биздин оюбузча, ЖМКнын позициясын мыйзамдык жактан бекемдөө ашыкча болбойт эле. Эртедир-кечтир укук колдонуу практикасы мыйзамдуу нукка түшөт, ошондо бардык түзөтүүлөрдүн кереги тиет.

Биротоло жаап салган учурларды эске албаганда, ишмердигин токтото туруу жалпыга маалымдоо каражаттарына карата колдонула турган эң катаал жаза болуп саналат. Күн сайын жарык көрүүчү жалпыга маалымдоо каражаттары үчүн убакыт чоң мааниге ээ. Алардын ишмердигин токтото туруунун минималдуу мөөнөтү дагы ЖМКнын мындан аркы ишмердигине жана имиджине олуттуу таасир этет. Заманбап маалыматтык коомдо ЖМКнын ишмердигин токтото туруу, ырасында анын ишин токтотуп салууга барабар. Ошондуктан ишмердикти токтото турууга мүмкүн болгон негиздер кескин түрдө чектелиши же таптакыр болбошу керек.

Мындан тышкары, негизги тармактык мыйзамда жалпыга маалымдоо каражаттарынын ишмердигин токтотуунун жалпы эрежелеринин жана принциптеринин жоктугу айрым тармактык мыйзамдарда (мисалы, "Экстремизмге каршы аракеттенүү жөнүндө" мыйзамда) жалпыга маалымдоо каражаттарын токтотуп салуунун өтө катаал жол-жоболорун актоо үчүн колдонулат.

Маалыматтык материалдарды экстремисттик деп табуу жол-жобосу Кыргыз Республикасынын Жарандык процессуалдык кодексинин (мындан ары – КР ЖК) "Мындай иш-аракеттерди жүргүзүүгө чакырган, аны жүзөгө ашыруу зарылдыгын негиздеген же актаган маалыматтык материалдарды экстремисттик же террористтик деп таануу жөнүндөгү арыздар боюнча өндүрүш" аталышындагы 25.1-бөлүмүндө каралган айрым категориядагы иштер боюнча өзгөчө өндүрүштүк тартипте жүргүзүлөт.

Прокурордун материалдарды экстремисттик деп табуу жөнүндөгү билдирүүсү атайын өндүрүштү баштоого негиз

болот. Мындай учурларда өндүрүш биринчи инстанциядагы соттордун (райондук соттор, шаардагы райондук соттор, шаардык соттор) карамагында болот.

Кыргыз Республикасынын Жарандык процессуалдык кодексинин 261-1-беренесине ылайык, материалдарды экстремисттик деп таануу жөнүндө арыз сот тарабынан кыскартылган мөөнөттө каралышы керек:

арыз келип түшкөн күндөн тартып үч күн ичинде;

эгерде кошумча текшерүү талап кылынса, анда мөөнөт беш күнгө чейин узартылышы мүмкүн.

Мындай категориядагы иштерди кароонун тездетилген мөөнөттөрү мамлекеттик жана коомдук кызыкчылыктарды, тактап айтканда, мамлекетти жана коомду экстремисттик иш-аракеттерден коргоо зарылдыгы менен негизделет.

Арыздын мазмуну боюнча чечим кабыл алынганга чейин эле, эгерде мындай суроо-талап прокурор тарабынан берилген болсо, соттор маалыматтык материалдарды алуу мүмкүнчүлүгүн чектөө боюнча чараларды көрүүгө укуктуу (бул арыз Кыргыз Республикасынын Жарандык процессуалдык кодексинин "Доону камсыз кылуу" 14-бөлүмүнүн алкагында чечилет).

Талаштуу материалдардын жеткиликтүүлүгүн чектөө үчүн кийинки өтүнмөнү карап чыгуунун тездетилген жол-жобосу мамлекетке Интернет сегментинде "экстремисттик" контентинин пайда болушуна ыкчам жооп кылууга мүмкүндүк берет деп болжолдонууда. Бирок техникалык өзгөчөлүктөрдү эске алып, интернет ресурстарына жайгаштырылган материалдарды чектөө учурунда соттор башка жаңы маалыматтык материалдарды тийиштүү интернет-ресурста жайгаштырууну чектебөө үчүн чараларды көрүшү керек.

**Мисал.** Бишкек шаарынын Октябрь райондук сотунун 2017-жыл, 8-июндагы чечими менен "Фергана.Ру" сайтындагы маалыматтык материалдардын бири экстремисттик деп табылган. Сот материалды экстремисттик деп табуу менен бирге, www.fergananews.com маалыматтык ресурска толугу менен чектөө киргизди. Бирок Кыргыз Республикасынын "Экстремисттик иш-аракеттерге каршы ара-

кеттенүү жөнүндө" мыйзамында[34] жана Жарандык процессуалдык кодексте белгилүү бир маалыматтык материалдардын гана жеткиликтүүлүгүн чектөө каралган.

Бүтүндөй тармактык ресурстун бардык жарыялары экстремисттик маалыматты жайылтууга багытталган учурда гана аны бөгөттөө керек (мисалы, тыюу салынган экстремисттик же террористтик уюмдардын видеотасмаларын жайылткан сайттар ж.б.). Мындай чечимди кабыл алуу жөнүндө соттун чечими тийиштүү деңгээлде жүйөлүү болушу керек.

Процессуалдык мыйзамдар "мындай иш-аракеттерди жүзөгө ашырууга чакырган, анын зарылдыгын негиздеген же актаган маалыматтык материалдарды экстремисттик деп же таануу жөнүндө" чечимдер жарыялангандан кийин дароо мыйзамдуу күчүнө киրерин көрсөтөт.

Соттун чечимине кассациялык тартипте сот актысы чыккан күндөн тартып үч айдын ичинде даттанууга болот (Кыргыз Республикасынын Жарандык процессуалдык кодексинин 261.3-беренеси). Кыргыз Республикасынын "Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү жөнүндө" мыйзамынын 13-беренесине ылайык, соттун мыйзамдуу күчүнө кирген чечиминин көчүрмөсү сот тарабынан экстремисттик деп табылган маалыматтык материалдардын реестрин жүргүзүү функциялары жүктөлгөндүктөн, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлүшү керек.

Мисал. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын "Сентябрь" телерадиоберүү компаниясына койгон доо арызы боюнча, Бишкек шаарынын Биринчи Май райондук соту 2017-жылы 22-августта экстремисттик маалыматтык материалдарды (бул улут аралык кастыкты козутту делген жаран А.Капаров менен болгон маек) жарыялады. "Сентябрь" телеканалында 2015-жылы түз эфирде көрсөтүлгөн жана санариптик, аналогдук пакеттерде көрсөтүүгө тыюу салынып, Интернет колдонуучулары үчүн "Сентябрь" телекөрсөтүүлөрүнө чектөө киргизилди. Бул соттук териштирүү одоно мыйзам бузуулар менен коштолду.

[34] http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/1748 сайтында жеткиликтүү

Мисалы, "Маалыматтык материалдарды экстремисттик же террористтик деп табуу жөнүндөгү арыздарды карап чыгуу ..." деп аталган 25-1-бөлүмдүн процесстик ченемдеринде уюмдун ишине толук түрдө тыюу салуу каралбаган. Сот бул процессти «Сентябрь» телерадиокомпаниясынын программаларын толугу менен көрсөтүүнү чектөө процессинде кароого укугу жок болчу, анткени сот өндүрүшүнүн предмети А.Капаров менен болгон маектешүү гана болгон, буга кошумча прокурор мындай талаптарды койгон эмес.

Демек, прокуратура процессте толугу менен берүүнүн ишине тыюу салуу талабы менен тергөө үчүн бардык далилдерди көрсөтүп, жалпы талап боюнча жаңы доо арыз бериши керек болчу.

"Медиа полиси институту" Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна бул чечимге каршы кассациялык арыз берди https://www.facebook.com/media.kg/photos/pcb.557710574566483/557709851233222/?type=3&theater. 2017-жылы 25-декабрда Кыргыз Республикасынын Жогорку соту отурум өткөрүп, ал эми 27-декабрда коллегия иш боюнча өндүрүштү, соттук териштирүүнү баштабастан эле кыскартып салды. Биринчи инстанциядагы соттун чечими күчүндө калтырылды.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Жогорку соту телекомпаниянын мыйзамдуу кызыкчылыктарын сот аркылуу коргоого болгон конституциялык укугун одоно бузган. 2018-жылы 25-майда "Медиа полиси институту" Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна кассациялык даттануу берүүнүн процесстик мөөнөтүн калыбына келтирүү өтүнүчү менен Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна кайрылган. Бирок 2018-жылы 12-июлда Кыргыз Республикасынын Жогорку соту «Сентябрь» телеканалынын кассациялык даттануу берүүнүн өтүп кеткен мөөнөтүн калыбына келтирүү боюнча сунушун четке кагып, аны кароодон баш тарткан.

"Медиа полиси институту" «Сентябрь» телерадиокомпаниясынын атынан БУУнун Адам укуктары боюнча комитетине арыз даярдаган. Учурда арыз боюнча документтерди чогултуу процесси акыркы этапта турат.

"Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө" мыйзамдын 9-беренеси ЖМКга өзүнүн ишин токтото туруу же токтотуп салуу жөнүндө сотко даттануу менен өзүнүн бузулган укуктарын калыбына келтирүү мүмкүнчүлүгүн берет. Жалпыга маа-

лымдоо каражаттарынын ишин токтотуп салуунун негиздери жана жол-жоболору “Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында жазылып, ага төмөнкү компоненттер камтылышы керек:

1. Уюмдаштыруучу жалпыга маалымдоо каражатынын ишин редакциянын ички жобосунда каралган учурларда жана тартипте же уюмдаштыруучу менен редакциянын (башкы редактор) ортосундагы түзүлгөн келишимге ылайык токтотуп салууга же токтотуп турууга укуктуу.

2. Жалпыга маалымдоо каражатынын ишмердигин токтотуп салуу жөнүндө соттун ар кандай эле чечимине редакциянын бир жыл ичинде ушул Мыйзамдын 23-беренесиндеги талаптарды бир нече ирет бузгандыгы, ал боюнча ыйгарым укуктуу органдын (Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин Маалымат департаментинин) уюмдаштыруучуга же редакцияга (баш редакторго) жазуу жүзүндө эскертүүлөрдү жибергендиги, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражатынын ишмердигин токтото туруу жөнүндө соттун мурдагы токтомунун аткарылбагандыгы (эгер мындай ченем мыйзамда калтырылса) негиз болот.

Эскертүү ыйгарым укуктуу органдын ченемдик эмес актысы болушу керек, ал маалымат каражаттары жөнүндө мыйзамдардын бузулушун алдын алуу жана андайга жол берилбестигин көрсөтүү максатында берилет.

3. Тармактагы жөнгө салуучу милдеттерди ишке ашыруучу ыйгарым укуктуу жалгыз органды аныктоо зарыл. Көзөмөл жүргүзүү жол-жоболорунда жоопко тартуу үчүн негиздер кеңири жазылышы керек. Бир гана көзөмөлдөөчү орган ЖМКнын ишмердигин токтотуп салуу үчүн демилге көтөрүүгө укуктуу. ЖМКнын эркиндигине тиешелүү көзөмөлдөөчү органдардын кандай гана иш-чаралары болбосун, сот аркылуу четке кагылышы мүмкүн.

**Мисал.** Ушул жерден “Апрель ТВ” ЖЧК менен “Санарип технологиялары” (СТ) ЖЧКнын ортосундагы техникалык тейлөө келишимдери бөлүгүнө тиешелүү “Апрель ТВ” телекомпаниясынын жабылышы боюнча дагы бир орчундуу мисалды белгилебей коюуга болбойт. Бишкек шаарынын райондор аралык сотуна “Санарип технологи-

ялары" ЖЧКнын 21.11.2019-ж. чечимин (протоколун) жараксыз деп табуу доо арызы менен кайрылып, "Апрель ТВ" ЖЧКнын каналы үчүн эфирге уруксат сурашкан. "СТ" ЖЧКсы жеке менчик мультиплекстин телерадиоберүү оператору экендигин белгилей кетүү керек.

"СТ" ЖЧКнын 2019-жылдын 21-ноябрындагы жалпы чогулушунун протоколуна ылайык, "Апрель ТВ" ЖЧКсын эфирге кошуу чечими кабыл алынды.

Кыргыз Республикасынын Аскер прокуратурасынын тергөө тобу тарабынан Кыргыз Республикасынын экс-президенти А.Ш.Атамбаевдин кылмыш жолу менен алынган акчага сатып алган "Апрель ТВ" ЖЧКсынын уюмдаштыруучуларынын бири болгон коррупциялык иштери боюнча бир катар кылмыш иштерин тергөө жүргүзүлүүдө. Тергөө органы берген өтүнүч катка ылайык, Бишкек шаарынын Биринчи Май райондук сотунун 2019-жылдын 22-октябрындагы токтому менен "Апрель ТВ" ЖЧКнын уставдык капиталы камакка алынган. Соттун ушул эле чечими менен менчик ээсине, ээлик кылуучуга жана пайдалануучуга "Апрель ТВ" ЖЧКнын акцияларын тескөөгө жана пайдаланууга тыюу салынат.

Жогоруда келтирилген мүмкүнчүлүктөрдөн пайдаланып, Кыргыз Республикасынын Аскер прокуратурасы соттон телеканалды көрсөтүүгө тыюу салууну өтүндү. Жоопкер сотко кайрылып, доо арызы кароосуз калтырылууга тийиш экендигин көрсөттү, анткени Кыргыз Республикасынын Аскер прокуратурасы "СТ" ЖЧКсы жана "Апрель ТВ" ЖЧКсы боюнча талаптарды коюуга процессуалдык ыйгарым укуктарга ээ эмес жана бир катар себептер боюнча тиешесиз тарап болуп саналат. Анализ жазылып жаткан учурда бул даттануу боюнча соттун чечими чыга элек болчу.

Талданып жаткан мезгилде "Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө" Мыйзамында белгиленген тартипке ылайык, жалпыга маалымдоо каражаттарын жабуу үчүн эч кандай аракеттер көрүлбөгөндүгү (эгер бар болсо, анда ал бизге белгисиз экендиги) үчүн эле мындан ары ушундай аракеттер көрүлбөйт деп бекем айта албайбыз. Бул коркунуч биз көнүп калган мыйзамдардын тизмегин эле эмес, жалпыга маалымдоо каражаттарын жайылтууга тыюу салуу менен байланышкан башка жаңы мыйзам ченемдерин кеңейтүүгө демилге көтөрүлүп жаткан шартта көбүрөөк мааниге ээ деп эсептелет.

Мындай кооптуу жагдайдын бири көп күттүргөн жок – дүйнөлүк COVID-19 пандемиясы учурунда тез арада карап чыгуу талабы менен мыйзам долбоору демилгеленди.

2020-жылы 31-мартта Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети тарабынан мыйзам долбоорлорунун бирдиктүү топтому – "Кыргыз Республикасынын Жарандык процессуалдык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" жана "Терроризмге каршы аракеттенүү жөнүндө" мыйзам долбоорлору коомдук талкуууга коюлду.

Кыргыз Республикасынын "Терроризмге каршы аракеттенүү жөнүндө" мыйзамынын долбоорунун 13-беренесинин 1-бөлүгүндө терроризм актыларына жана терроризмге каршы иш-чараларга байланыштуу окуяларды чагылдырууда маалымат каражаттарынын кызматкерлери адамдардын жашоого жана коопсуздукка болгон укугу маалымат алуу эркиндигине жана анын жайылтылышына караганда жогору турарын эске алышы керек деп каралган. Журналисттер ушул мыйзамдын алкагында өз иш-аракеттеринин мүмкүн болгон кесепеттерин алдын ала билиши үчүн мыйзам долбоорунда коомдогу жүрүм-турумдун конкреттүү ченемдери жазылышы зарыл жана ар бир адам өз укуктарынын жана милдеттеринин мазмунун билиши керек деп эсептейбиз.

Мындай туюнтмада укуктук мамилелердин субъекттери үчүн атайын эрежелер камтылган эмес. ЖМКнын редакциясы жана журналисттер кайсы учурда алардын сөз эркиндигине болгон укугу чектелгени туура жана ченемге шайкеш болорун, ал эми кайсы учурда ашыкча кийлигишүүгө жатарын бул сунуш кылынган ченемден так түшүнө албайт. Мындай туюнтмада укуктук мамилелердин субъекттери үчүн атайын эрежелер камтылган эмес.

Буга чейин айтылгандай эле, кандай гана чектөө болбосун мыйзамдуулук, зарылчылык, шайкештик жана басмырлабоо критерийлерине ылайык негизделиши керек. Бирок жогорудагы мыйзам долбоорунун 13-беренесинин 3-бөлүгү бул критерийлерге жооп бербей тургандыгы көрүнүп турат. Бул ченем журналисттердин терроризм ишинде далил боло турган маалыматтарды берүү милдетин аныктайт. Бул туюнтмада жана ага тиркелген негиздеме маалымкатта мындай чектөө-

лөрдүн негиздүүлүгү жана ченемге шайкештиги эмнеде экендиги түшүндүрүлгөн эмес.

Мыйзам долбоорунда ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жарандык процессуалдык кодексинин 261-1-беренесине[35] төмөнкүдөй өзгөртүү киргизүү сунушталат: "Прокурор өзүнүн компетенциясынын чегинде ушул Кодекстин 4-бөлүмүндө белгиленген юрисдикция жөнүндө эрежелерди сактоо менен терроризмге жана экстремизмге каршы иш жүргүзүүчү мамлекеттик органдардын сунушу боюнча сотко уюмдарды экстремисттик же террористтик деп, ошондой эле мындай иш-чараларды жүзөгө ашырууга чакырган же аны ишке ашыруунун зарылдыгын же негиздегендигин же актагандыгын маалыматтык материалдарды экстремисттик же террористтик уюмдар деп таануу жөнүндө арыз менен кайрылууга укуктуу".

Башкача айтканда, үч-беш күндүн ичинде тездетилген тартипте тигил же бул маалыматка бөгөт коюу гана эмес, бүтүндөй уюмдун аракетине тыюу салуу сунушталат.

Негиздеме билдирүүсүндө "сунуш кылынган долбоор колдонуудагы мыйзамдардын ченемдерине каршы келбейт" деп белгиленген. Бирок бул таптакыр андай эмес. Материалдарды экстремисттик деп табуу тартиби жөнүндөгү ченемге укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктары түздөн-түз тиешелүү болгон уюмдар, анын ичинде жалпыга маалымдоо каражаттары кошумча түрдө киргизилет.

Жалпыга маалымдоо каражаттарын жабуу – бул жоопко тартуунун өтө оор түрү. Соттун чечими менен болсо да ЖМКнын ишмердигин күч менен токтотуу (токтото туруу) демократиялык коомдо алгылыксыз жол-жобо болуп саналат. Жалпыга маалымдоо каражаттарынын мыйзамдуу жана зарыл чектөөлөр жалпы колдонуудагы мыйзамдарда, мисалы, Жарандык

---

[35] 261-1-берене. Арызды берүү
Прокурор өзүнүн компетенциясынын чегинде, тийиштүү иш-чараларды жүзөгө ашырууга чакырган же мындай алардын зарылдыгын же негиздеген же актаган материалдарды экстремисттик же террористтик деп табуу боюнча алар табылган, таратылган же ошол чыгарган уюм жайгашкан жердеги сотко, ушул Кодекстин 4-бөлүмүндө белгиленген юрисдикция эрежелерин сактоо менен, кайрылууга укуктуу.
Прокурордун арызы боюнча сот чечим чыгарганга чейин ушул Кодекстин 14- бөлүмүндө каралган тартипте маалыматтык материалдардын жеткиликтүүлүгүн убактылуу чектөөгө укуктуу. http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111521 сайтында жеткиликтүү

же Жазык кодекстеринде орун алышы керек. Журналисттер, башкы редактор, жалпыга маалымдоо каражаттарынын ээси мыйзамды бузгандыгы үчүн кандайдыр бир деңгээлде жоопкерчилик тартат, бирок бул жоопкерчилик адилеттүү жана укук бузуу даражасына жараша болушу керек.

Өкмөттүн бул демилгеси Жогорку Кеңештин алтынчы чакырылыштагы депутаттарынын кароосу үчүн катталбай кала бергенин белгилей кетүү керек. Өкмөттө сунушталган иш-чаралардын Конституцияга каршы келери жөнүндө жарандык коом уюмдары[36] тарабынан айтылган жогорудагы жүйөлүү аргументтер өз таасирин тийгизген окшойт, ошондуктан өкмөт азырынча долбоорду демилгелөөдөн баш тартты.

[36] http://media.kg/wp-content/uploads/2020/05/predlozheniya-i-zamechaniya-k-proektu-zakona-kr-o-vnesenii-izmenenij-v-gpk-kr.pdf, http://media.kg/wp- content/uploads/2020/04/analiz-proekta-zakona-kr-o-vnesenii-izmenenij-v-grazhdanskij-proczessualnyj-kodeks.pdf сайтында жеткиликтүү

# VII БӨЛҮМ.

# ЖАЛПЫГА МААЛЫМДОО КАРАЖАТТАРЫНЫН ЭРКИНДИГИН КЫЯНАТТЫК МЕНЕН ПАЙДАЛАНУУГА ЖОЛ БЕРИЛБЕСТИГИ

Коомдук жайылтууга жатпаган маалыматтардын тизмеги Кыргыз Республикасынын “Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө” мыйзамынын 23-беренесинде камтылган. Ага ылайык, жалпыга маалымдоо каражаттарынын төмөнкүдөй иш-аракеттерине тыюу салынат:

а) мамлекеттик жана коммерциялык сырды ачыкка чыгаруу;

1. Прокурордун талабы боюнча, сот ушул Кодекстин 14-бөлүмүндө каралган тартипте чечим кабыл алынганга чейин маалыматтык материалдардын жеткиликтүүлүгүн убактылуу чектөөгө укуктуу.

б) учурдагы конституциялык түзүлүштү күч менен кулатууга же өзгөртүүгө, Кыргыз Республикасынын жана башка мамлекеттердин эгемендүүлүгүн жана аймактык бүтүндүгүн бузууга чакыруу;

в) согушту, зомбулукту жана ырайымсыздыкты, улуттук, диний өзгөчөлүктү жана башка элдерге жана улуттарга карата жектөө мамилесин үгүттөө;

г) элдин жарандык намысына шек келтирүү;

д) динге ишенгендердин жана сыйынуучулардын диний сезимдерин мазактоо;

е) баңги каражаттарын, психотроптук заттарды, адам органдарын жана (же) ткандарын сунуш кылуу, порнографиялык материалдарды, басылмаларды, сүрөттөрдү же порнографиялык мүнөздөгү башка нерселерди жайылтуу; ыктымал курмандыктарды, анын ичинде психологиялык жардамдын атын жамынып адам сатууга, сексуалдык мүнөздөгү кызматтарга тартууга, баарлашуу, эс алуу, укалоо, мыйзамдуу ишмердиктин атын жамынып көңүл ачуу, сексуалдык мамилелерге баруу максатында таанышууга багытталган маалыматтар;

ж) уят деп эсептелген сөздөрдү колдонуу;

з) мамлекеттик символикалардын атрибуттарын (герб, желек, гимн) кемсинткен, жарандык жана улуттук адеп ченемдерин бузган материалдарды жайылтуу;

и) адамдын ар-намысына жана кадыр-баркына шек келтирүү;

к) жалган маалыматты билип туруп жайылтуу.

Мыйзамдын бул беренеси кабыл алынган күндөн тартып, башка көпчүлүк беренелер сыяктуу эле, өзгөрүүсүз калган. 2014-жылдын май айында порнографияны жайылтуу жөнүндөгү "е" пункту кыйла кеңейтилген.

Ушул беренени талдап жатып, тыюулар тизмегинин айрым жоболору алардын укук колдонуу практикасында иштешине байланыштуу суроолорду жаратарын белгилей кетүү маанилүү. Атап айтканда, согушту, зордук-зомбулукту жана ырайымсыздыкты, улуттук, диний өзгөчөлүктү жана башка элдерге жана улуттарга болгон жиктөөчүлүктү үгүттөө – бул чындыгында эле коомдук коркунучтуу иш-аракеттер, алар Жазык кодексинде кылмыш деп таанылат.

Бул көйгөйдү чечүү үчүн Кыргыз Республикасынын "Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө" мыйзамынын 23-беренесинин "в" пунктун Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 313-беренесинин жоболоруна шайкеш келтирүү керек. Ушундай эле түзөтүү 23-берененин бир катар башка жоболоруна да киргизилиши керек: "б" пункту Жазык кодексинин 310-беренесинин, "з" пункту – Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндөгү кодексинин 175-беренесинин жоболоруна шайкеш келтирилиши зарыл.

Медиа эксперттер Н.И.Алишева, Д.А.Голованов жана Б.Д.Усенова "Кыргыз Республикасында медиа укуктун өнүгүшү" аттуу изилдөөлөрүндө ата мекендик мыйзамдын ушул беренесин талдоого алуу менен, биздин оюбузча, мыйзам чыгаруучулар үчүн да, укук колдонуу чөйрөсүнүн адистери үчүн да баарын камтыган сунуштарды беришти.

Атап айтканда, алар: "Жалпыга маалымдоо каражаттарынын мазмунуна коюлган талаптар боюнча "жарандык жана улуттук адеп ченемдери" сыяктуу баалуулуктарды коргоо жазык мыйзамдарында каралган эмес. Анын үстүнө мындай

жөнгө салуунун ишке ашырылышы өтө күмөн, анткени этикалык мамилелер юридикалык ченемдерге эмес, адеп-ахлак категориясына кирет жана укуктук алкактан тышкары болууга тийиш", – деп белгилешкен.

Тийиштүү иш-аракет жазык сот өндүрүш тартибинде кылмыштуу деп табылгандан кийин гана, ошондой эле тигил же бул маалыматтын коомдук кызыкчылыкты коргоо талабына байланыштуу же башка себептер менен жарыялангандыгын анализдеп көргөндөн кийин гана жогоруда айтылган жүйөлөр боюнча ЖМКга жоопкерчилик чараларын колдонууга жол берилиши мүмкүн.

Изилдөө авторлорунун көз карашы боюнча КР "Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө" мыйзамынын 23-беренесинин калган ченемдерин түп тамырынан кайра карап чыгуу зарыл. Жоболордун айрымдары мыйзамда сакталууга тийиш, бирок алар ЖМКнын ишмердигин токтото турууга, айрыкча ишмердигин такыр токтотууга негиз болбошу керек. Антпесе укук бузууга колдонулуучу жазанын ылайыктык принциби бузулат.

Алсак, инсандын кадыр-баркына доо кетирген жосун, албетте, ЖМКнын өкүлүнүн өз милдетин талаптагыдай аткарбагандыгы катары каралышы керек, бирок жалпыга маалымдоо каражатын ачык-укуктук жоопко тартуу үчүн негиз болбоого тийиш. Бузулган укуктарды калыбына келтирүүдө жекече укук институттарынын, атап айтканда, КР Жарандык кодексинин каралоо жөнүндөгү жоболору колдонулушу кажет.

Акарат сөздөрдүн колдонулушу боюнча да ушундай мамиле негиздүү болот. Албетте, адепсиз сөздөрдүн ЖМКда колдонулушуна жол берилбеши керек, бирок мындайда ишмердикти такыр токтотуп салуу жазасы туура келбейт. Салыштырып көрсөк, жарандын коомдук жайда ушундай сөздөрдү колдонушу административдик (жазык эмес) эреже бузуу катары каралат да, эң оор жаза 3 сутка камакка алуудан ашпашы керек.

ЖМК кызматкерлеринин кесиптик ишмердигин жүзөгө ашыруу убагында эреже бузуусу жоопкерчиликти курчутуучу

жагдай катары каралышы, тагыраагы, укук бузуунун квалификациялык курамын түзгөн деп табылышы керек. Мындайда айып пул өлчөмү да кыйла чоң болууга тийиш. Ошол эле учурда сөгүнгөн сөздөрдү колдонгондугу үчүн катуураак эрежелерди, мисалы, ЖМКны жоюп салуу ченемин бекитүүгө жол берилбеши керек.

23-berененин калган ченемдери аныктагандык, өлчөмдөштүк жана зарылдык боюнча тийиштүү талаптарга шайкеш деп табылышы мүмкүн эмес, мындай кадам атүгүл КР Конституциясына карама-каршы деп таанылышы ыктымал. Атап айтканда, "карандай калп маалыматты жарыялагандык" деген айыптын мааниси өтө эле кеңири, ошондуктан ЖМКнын ишмердигин токтотуп салууга чектелбеген мүмкүнчүлүк түзүп коёт. Ырас, жалпыга маалымдоо каражаттары таратып жаткан өтө көп маалыматтардын чын-төгүнүн текшериш дайым эле мүмкүн боло бербейт. Натуура маалыматты жайылтуу максатында журналисттерди адаштыргандар да болушу ыктымал. Негизги маселе маалымат таратуудагы каалагандай так эместикти шылтоолоп ЖМК ишмердигин токтотуп салуу мүмкүн экендигинде, анткени мыйзамда жосундун оордук даражасы жана көрсөтүлгөн туура эмес маалыматтын коомго тийгизер таасири сыпаттап берилбеген.

"Элдердин жарандык кадыр-баркына", "динге ишенгендердин жана дин кызматкерлеринин диний сезимине" акарат келтиргендик сыяктуу түшүнүктөр мыйзамдарда болбошу керек, анткени алар формалдуу туюнтулбай жана бекемделбей турган баалуулуктарга кирет. Динине карата басмырлоого жол берилбестик тууралуу конституциялык принципти бузбай туруп, элдердин кадыр-баркы же динге ишенгендердин сезими деген эмне экенин, динге ишенгендер менен ишенбегендердин сезими кандайча айырмаланарын так аныктоо же конкреттүү мисал менен көрсөтүү мүмкүн эмес. Дал ошондой эле "динге ишенгендердин сезими" деген бүдөмүк объектинин мамлекет тарабынан корголушу Кыргыз Республикасынын Баш мыйзамынын 1-беренесинин 1-бөлүгүндө жар салынган мамлекеттин конституциялык түзүмүнүн пайдубалы катары

жарыкчыл мүнөзүнө каршы келери жөнүндө маселе да коюлушу мүмкүн".[37]

Белгиленген сунуштар жана жалпы эле жогоруда келтирилген изилдөөлөр "Медиа полиси институту" коомдук фонду 2015-жылы жүзөгө ашырган "ЖМК көз карандысыздыгы жана плюрализм" долбоорунун алкагында жүргүзүлдү. Бул изилдөөнүн авторлору азыркыга чейин маанисин жоготпогон жана керектүү болгон ошол материалды, андагы көпчүлүгү биздин позициябызга да шайкеш келген сунуштарды колдонууну туура табышты.

[37] «Кыргыз Республикасында медиа укуктун өнүгүшү», Алишева Н.И., Голованов Д.А., Усенова Б.Д., Б.: 2015ж., «Медиа полиси институту» КФ. http://media.kg/publications/razvitie-media-prava-v-kr-2/ сайтында жеткиликтүү



## VIII БӨЛҮМ.

## МААЛЫМАТТЫН ЖЕТКИЛИКТҮҮЛҮГҮ. УКУКТАР ЖАНА МИЛДЕТТЕР

Таратылуучу маалыматты ар тараптуу текшерүү милдети биринчи кезекте укуктарын “ЖМК жөнүндө” мыйзамдар коргогон социалдык жоопкерчиликтүү журналистиканын негизин түзөт.

“ЖМК жөнүндө” мыйзамга 2017-жылы киргизилген айрым өзгөртүүлөрдө “жалпыга маалымдоо каражаттарынын органдары жалпыга керектүү маалыматты издегенге, алганга, өндүргөнгө жана таратканга укуктуу” деп каралган. Ошондой эле мамлекеттик органдардын, коомдук бирикмелердин жана кызмат адамдарынын карамагындагы маалыматты берүү тартиби да белгиленип, бул мамилелер маалыматтын жеткиликтүүлүгү жөнүндөгү мыйзамдар менен жөнгө салынары көрсөтүлгөн (“ЖМК жөнүндө” мыйзамдын 15-беренеси).

2006-жылы 28-декабрда “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагындагы маалыматтын жеткиликтүүлүгү жөнүндө” мыйзамдын кабыл алынышы чоң ийгилик жана жогоруда аталган “атайын” мыйзамдарга көмөкчү болду. Бул мыйзамды накта жол-жоболук мыйзам деп мүнөздөөгө болот. Мыйзамда белгиленген жарандардын маалымат алуусунун жол-жоболук өңүтү өтө маанилүү, анткени куду ушул тактап жазылгандыгы жарандардын маалыматты толугу менен мыйзамдуу жол менен алып турушуна жол ачты. Мыйзамда мындай жол-жоболордон бешөө каралган. Баарынан мурун буларды атай кетиш керек:

1. мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердиги жөнүндө тийиштүү маалыматты жарыялоо жана таратуу;
2. расмий маалыматты жарыялоо;
3. документтердин жана материалдардын тикелей жеткиликтүүлүгүн камсыздоо;
4. ачык чогулуштардын тикелей жеткиликтүүлүгүн камсыздоо;
5. ошондой эле жазуу жүзүндөгү жана оозеки суроо-талаптын негизинде жеке жана юридикалык жактарга маалыматты берүү.

Бул мыйзам актысында суроо-талапка жооп даярдоо мөөнөттөрү алгач ирет белгиленген. Бирок бул мамлекеттик маалыматка гана тиешелүү. Бул ченем көңүл буруугa арзыйт, бирок журналисттерге пайдасы тийген жок. Маалыматты ыкчам алуу жана керектөөчүгө (ЖМК аркылуу да) жеткирүү укугу аны жүзөгө ашыруунун эң маанилүү фактору болуп саналат. Коом орчундуу жана теңдеш каралган маалыматты өз убагында, мүмкүн болушунча кыска мөөнөттө ЖМК аркылуу алып туруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек.

"ЖМК жөнүндө" мыйзамга кошумча киргизип, журналисттин суроо-талабына мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жооп кайтаруусунун конкреттүү мөөнөтүн 5 күндөн ашпайт деп тактап жазуу зарыл. Эгер суроо-талап адам укуктары менен эркиндиктерин, айлана-чөйрөнү коргоого, болуп өткөн же болушу ыктымал, жарандардын жана мамлекеттин коопсуздугуна коркунуч келтирген аварияларга, кырсыктарга, кооптуу табигый кубулуштарга же башка өзгөчө кырдаалдарга тиешелүү болсо, жооп даярдоо мөөнөтүн 2 суткага чейин деп белгилеш керек. Жогоруда санап көрсөтүлгөн учурлардын тизмеги кеңейтилиши да мүмкүн.

Жеке менчик уюмдардын карамагындагы маалыматтын жеткиликтүүлүгү боюнча өзүнчө пунктта буларды тактап көрсөтүү зарыл: ишканалар, мекемелер жана уюмдар, алардын кызмат адамдары коомдун кызыкчылыгына, жарандардын

укуктарына, эркиндиги менен мыйзамдуу кызыкчылыктарына тиешелүү маалыматтар менен таанышуу мүмкүнчүлүгүн ЖМК-га түзүп бериши керек. Маалыматка ээлик кылуучулардын бул категориясы үчүн, юридикалык жак, жеке ишкер же аралаш ченемдеги менчиктүү акционердик коом экенине карабастан, бул мөөнөттү 10 күн деп белгилеш керек.

Маалыматтын жеткиликтүүлүгү чектелген учурларда аны берүүдөн баш тартуу мүмкүн. Маалыматты жеткиликтүүлүгү чектелген категорияга кошуу критерийлери жана жол-жоболору анча толук жазылган эмес. Маалымат берүү мөөнөтүн бузган же аны берүүдөн негизсиз баш тарткан кызмат адамынын ар бир иш-аракети же аракетсиздиги үчүн тартипке салуучу же административдик жоопкерчилик каралышы зарыл. Өзгөчө учурларда жазык жоопкерчилиги да келип чыгышы мүмкүн.

Мында Мыйзамга "коомдук маанидеги" маалымат түшүнүгүн тактап жазуу же ушундай маалыматтардын тизмегин көрсөтүү зарыл. Бул тизмек ЖМК жана журналисттердин суроо-талаптарына жооп кайтаруу ыкчамдыгына байланыштуу жогоруда айтылгандардан алда канча кеңири болууга тийиш. Мисалы, мындай маалымат саламаттык сактоодогу же санитариядагы жагдайга тиешелүү болушу мүмкүн.

Коомдук маанидеги маалымат тизмегин тактаганда биз керисинен баштап, жеткиликтүүлүгү чектелүүчү маалыматты аныктай турган мыйзамдык ченемдерди талдадык.

Алсак, маалыматтын жеткиликтүүлүгүн чектөө түрлөрүнүн бири "КР мамлекеттик сырларын коргоо жөнүндө" 1994-жылдын 14-апрелиндеги мыйзамы менен жөнгө салынуучу мамлекеттик сырлар болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сырлары үч категорияга бөлүнөт: мамлекеттик сыр, аскердик сыр жана кызматтык сыр.

Мамлекеттик сырга КРнын коргонуу жөндөмүнө, коопсуздугуна, экономикалык жана саясий кызыкчылыктарына тие-

шелүү, ар кандай каражаттарда сакталуучу жана ташылуучу маалыматтар кирет. Мамлекеттик сырга коомдук жана мамлекеттик турмуштун дээрлик бардык чөйрөлөрүнө тиешелүү кабарлардын кыйла эле кеңири түркүмдөрү камтылышы мүмкүн.

Бирок тигил же бул кабардын мамлекеттик сырга киргизилиши жөнүндөгү маселени чечкенде мындай укугу бар кызмат адамдары айрым кабарларды мамлекеттик сырга кошууга болбостугун эске алышы керек:

1. жарандардын коопсуздугуна жана ден соолугуна коркунуч келтирүүчү табигый кырсыктар жана өзгөчө окуялар жөнүндө;
2. кыйроолор жана алардын кесепеттери жөнүндө;
3. экология, жаратылыш ресурстарын пайдаланууда, саламаттык сактоо, санитарияда, маданият, айыл чарбасы, билим берүү, соода жана укук тартибин камсыздоодогу жагдай жөнүндө;
4. мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана уюмдардын, алардын кызмат адамдарынын мыйзам бузган фактылары жөнүндө;
5. жарандардын укуктарына жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына зыян келтирүүчү, ошондой эле алардын жеке коопсуздугуна коркунуч келтирүүчү фактылар жөнүндө (11-бер.).

Биз сырга айлантылбай турган, мыйзам боюнча коомдук маанидеги маалымат деп таанылгыдай кабарлардын ушул тизмегин келтирип, мыйзам чыгаруучуларга эске алуу, мүмкүнчүлүккө жараша кеңейтүү үчүн сунуштайбыз. Бул тажрыйбаны 1-беренесинде көрсөтүлгөн түшүнүк аппаратында экстремисттик иш-аракеттин 5 пункттан жана 9 пунктчадан турган аныктамасы келтирилген "Экстремисттик иш-аракеттерге каршы аракет кылуу жөнүндө" КР мыйзамына окшош колдонууга болот.

Орусия Федерациясынын Жогорку соту "Орусия Федерациясынын мыйзамдарын соттордун ОФ "Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө" мыйзамын колдонуу практикасы жөнүндө" пленумунун токтомунда коомдук кызыкчылыктарга эл кызыгып калган нерселердин баарын эле эмес, мисалы, демок-

ратиялуу укуктук коомго, жарандык коомго, коомдук коопсуздукка, айлана-чөйрөгө коркунуч келтирилип жатканын таап чыгып, ашкерелөө жагынан керектөөсүн кошуу керек деп көрсөтүлгөн. Бирок ал ушундай даана көрүнүп турган мисалдар менен эле чектелбей, кыйла кеңири чечмелеп берди.

Орусия Федерациясынын Жогорку сотунун токтомунда жарандардын жеке турмушу жөнүндөгү маалыматтарды жарыялоо боюнча териштирүүлөрдө минтип белгиленген: "соттор, мисалы, кызмат адамдарынын кызмат милдеттерин аткаруусуна тиешелүү, коомдо талкууланышы оң таасир этиши ыктымал фактылар жөнүндө билдирүү менен эч кандай жарыя ишмердик жүргүзбөгөн коомдук ишмердин иш-аракеттери жөнүндө кабарларды жарыялоонун айырмасын тактоо зарыл. Булардын биринчисинде жалпыга маалымдоо каражаттары жарандарга коомдук кызыкчылыкка тиешелүү маалымат жеткирүү жагынан коомдук парызын аткарат, экинчи учурда алар мындай роль ойнобойт"[38].

Бул анализдин авторлору Орусия Федерациясынын мыйзамдарынан жана 2011-жылга чейин болгон Орусия Федерациясынын сотторунун укук колдонуу практикасынан мисалдарды келтирет. Орусия Федерациясынын медиа укук жаатындагы алдыңкы эксперттери дал ошол кезге чейин мыйзам чыгаруучулар кабыл алган жана укук колдонуучулар чечмелеген мыйзамдардын баары эң прогрессивдүү, туура жана калыс болгондугун белгилешет.

Журналисттин маалымат алуу укугуна байланыштуу жогоруда айтылган маселелерден тышкары ЖМК кызматкерлеринин ишиндеги айрым укуктук өңүттөр мыйзам боюнча дегеле корголбогондугуна көңүл буруу керек.

Мисалы, журналисттин юридикалык макамын аныктаган бир дагы мыйзам актысы тымызын тасмага же аудиого тартып алуу укугуна уруксат бербейт. "ЖМК жөнүндө" мыйзамда аудио жана видео жазманы жарандын уруксаты менен гана жүр-

[38] РФ Жогорку сотунун Пленумунун «РФ соттору тарабынан РФ ЖМК жөнүндө мыйзамынын колдонулуу практикасы тууралуу» токтому. – 2010-ж.

гүзүүгө уруксат берилет (20-бер.). КР "Журналисттин кесиптик ишмердигин коргоо жөнүндө" мыйзамынын 7-беренеси маалымат булагынын же автордун уруксатысыз аудио жана видео жазма курумдарды колдонууга тыюу салат.

Албетте, ЖМК өкүлүнүн жана анын кабарчыларынын өз ара мамилеси куду ачык-айкын диалогго, аудио жана жазма тартуу боюнча алдын ала макулдашууга негизделиши керек. Бирок коомдук маанидеги маселелерди көтөрүп чыгуу жана аларга элдин көңүлүн журналисттик иликтөөнү жүргүзүү убагында да буруу үчүн басма сөз кызматкерлери тымызын аудиовидео техниканы колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу зарыл.

Мисалы, коррупцияга каршы репортаждарды же баңгизаттар мыйзамсыз таратылган жерлерди алалы, мында журналисттер күнүмдүк опузалап акча алууга мисал келтириши керек. Видео же фотону бул учурларда ачык тартса, журналисттин иликтөөсү эч нерсеге жарабай калышы ыктымал.

Бул жерде орусиялыктардын тажрыйбасы кызыктуу. Орусия Федерациясынын "ЖМК жөнүндө" мыйзамынын 50-беренесинде тымызын тартууга уруксат берилген учурлардын чектелген тизмеги аныкталган.

Биринчиси – эгер тартуу убагында адамдын жана жарандын конституциялык укуктары менен эркиндиктери бузулбаса.

Экинчиси – эгер бул коомдун кызыкчылыктарын коргоо үчүн зарыл жана бөтөн кишилердин ким экенин аныктоого каршы чаралар көрүлгөн болсо.

Үчүнчүсү – тымызын тартууга соттун чечими менен уруксат берилсе.

Ырас, тымызын тартуу журналист үчүн эреже эмес, аргасыздык болуп саналат. Бирок жогорудагы биринчи эки учурда биздин журналистика үчүн жаңы мыйзамдарга көнүгүшүү өтө зарыл деп ойлойбуз.

Орусия Федерациясынын ЖМК жөнүндө мыйзамынын 49-беренеси 50-беренесине кайчы келет. Анда журналисттин милдеттерине булар кирет деп белгиленген:

- Жарандын жеке турмушу жөнүндөгү кабарларды жалпыга маалымдоо каражаттарында жайылтуу үчүн жарандын өзүнөн же анын мыйзамдуу өкүлүнөн уруксат алуу (коомдук кызыкчылыктарды коргоо үчүн зарыл болгондон башка учурларда);

- Жарандардан жана кызмат адамдарынан маалымат алып жатканда аудио жана видео жазма жүргүзүлүп жатканын аларга эскертүү.

Жарандын жеке турмушу жөнүндөгү кабарларды жалпыга маалымдоо каражаттарында жайылтуу үчүн жарандын өзүнөн же анын мыйзамдуу өкүлүнөн уруксат алуу тууралуу ЖМК жөнүндө мыйзамдын талаптарына карабастан, бул мыйзамда, мисалы, ушундай маалыматтарды чогултууга же сактоого тыюу салынбайт. Бул мүмкүнчүлүк журналисттердин тымызын тартышына жол берүү үчүн түзүлгөн окшойт.

Тымызын тартуу дегенде бирөөнүн иш-аракетин (аракетсиздигин) өзүнө айтпай, (байкатпай, көрсөтпөй), макулдугун сурабай эле техникалык каражаттарды жашыруун колдонуп тартууну түшүнөбүз[39].

Практика көрсөткөндөй, укук сактоо органдары журналисттердин ар кайсы иш-аракеттерин түркүмдөштүрүүгө деле баш оорутпайт.

**Мисал.** 2019-жылы 28-сентябрда саат 08.00дө Ош шаарында чакан учар аппаратты (дронду) колдонуп видео тартып жаткан учурда «Азаттык Медиа» мекемесинин оператору Айбек Кулчумановго белгисиз кишилер кол салган. Таңкы саат 7лерде журналист РМ менен байланышкан журналисттик иликтөө үчүн шаардын Ленин көчөсүндө видео тартып жүргөн эле. Айбек Кулчумановдун арызы Жосундар жана кылмыштардын бирдиктүү реестринде КР ЖК 210-беренеси ("Каракчылык") боюнча катталган.

Өз кезегинде "Азаттык Медианын" операторуна каршы арыз КР ЖК 186-беренеси ("Жеке турмуштун кол тийгистиги") боюнча катталган. Укук сактоо органдары азыркы кезге чейин арыз берүүчү жөнүндө, анын дрон табылган жеке менчик чөлкөмгө кандай тиешеси бар экени жөнүндө расмий маалымат бере элек (жабырлануучу катары ошол үйдүн ээси же ошол үйдө жашап жаткан үй-бүлөсүнүн мүчөлөрү гана таанылышы мүмкүн экендиги талашсыз чындык).

[39] Журналистиканын укуктук негиздери. Окуу китеби. А. Г. Рихтер – 2016-ж.

Анүстүнө белгилүү жердин үстүндөгү аба мейкиндиги жеке турмуштун объекти деп таанылбайт. Аба мейкиндигине карата толугу менен жана бирден бир эгемен укук Кыргыз Республикасына таандык.

КР ЖК 186-беренесиндеги ченем боюнча "адамдын жеке турмушу жөнүндө маалыматты анын макулдугусуз мыйзамсыз чогултуу, сактоо, пайдалануу жана таратуу аракети" үчүн жоопкерчилик каралган. Ошондуктан тергөөдө оператордун журналисттик иликтөө алкагында видео тарткани маалыматты мыйзамсыз чогулткандык деп таныларын же таанылбастыгын аныкташы керек эле.

КР "Журналисттин кесиптик ишмердигин коргоо жөнүндө" мыйзамына ылайык, мамлекет маалыматтын эркин түрдө алынуусуна жана таратылуусуна кепилдик берет, кесиптик ишин жүргүзүү учурунда журналисттин корголушун камсыздайт. Мыйзам боюнча журналисттин иликтөө убагында алган материалдарын жана документтерин тартып алууга же текшерүүгө жол берилбестигин аныктайт.

# IX БӨЛҮМ.

# ЖМКнын БАШКА ЖАКТАР МЕНЕН МАМИЛЕСИ

“ЖМК жөнүндө” мыйзамдын 18-беренесине ылайык, журналистке маалымат берген адамдын аты-жөнү ачыкка чыгарылышы керек (эгер сот талап кылбаса). Бул журналисттин пайдасына иштеген пункттардын бири экенин, калгандары ЖМКга жана журналисттин өзүнө олуттуу зыян келтириши ыктымалдыгын айта кетүү керек. Алар жөнүндө толугураак төмөндө сөз болот.

18-берененин биринчи пунктунда журналистке жаран купуя шартта берген кабарларды таратууга, журналисттин маалымат алган булактарын коргоо ж.б. байланышкан маселелер каралат. Маалымат булактарын коргоо институту кат алышуунун, телефондо сүйлөшүүнүн, почта, телеграф ж.б. аркылуу кабарлоонун купуялыгына тиешелүү конституциялык укукка негизделет.

Маалымат булагын ашкерелөөнү сот талап кылган учурлар буга кирбейт.

Бул ченемдин журналистке маалымат берген жаранды коргоого тиешеси жок, бирок ал маалымат булагын айтып берүүгө мажбурлоодон редакциялар менен журналисттерди белгилүү даражада коргойт. Журналисттердин маалымат булактарын коргоо цензурага тыюу салуу, журналистиканын кесиптик өз алдынчалыгынын презумпциясы жана анын ишмердигине мамлекеттин кийлигишпөөсү сыяктуу эле жалпыга маалымдоо эркиндигинин маанилүү кепилдиги болуп саналат.

Бирок 18-берененин кийинки эле пункту “жашы жете элек укук бузуучуга тиешелүү ар кандай маалыматты анын мый-

замдуу өкүлүнүн макулдугусуз ачыкка чыгарууга" тыюу салат. "Ар кандай" маалыматты жарыялоого чек коюлгандыгы кооптондурат. Демек, укук бузуу фактысын жөн эле айтууга да тыюу салынат. Мыйзамда жашы жете элек укук бузуучу жөнүндө гана айтылып, жашы жете элек жабырлануучу жөнүндө айтылбай калган.

Бул berененин дагы бир пунктунда тыюу бар. ЖМК органынын "тактоонун, алдын ала же соттук тергөөнүн маалыматтарын бул иш-чараларды жүргүзгөн органдардын, прокурордун жана соттун жазуу жүзүндөгү уруксатысыз ачыкка чыгарышына тыюу салынат". Бул ченемге ылайык, алдын ала тергөөгө жана сот өндүрүшүнө байланышкан каалагандай материал үчүн жазуу жүзүндө уруксат суроо зарыл.

Медиа тармагындагы юристтер жана адвокаттар бул ченем журналисттер коомчулугу үчүн цензура болуп саналат деп эсептешет. Журналисттер өздөрү жогоруда аталган органдардан уруксат алуу дегеле мүмкүн эмес дешет. Жооптун баары өтө кечиктирилет да, маселенин орчундуулугу жоголот. Ишинин бөтөнчөлүгүнө байланыштуу журналисттер уруксат сурабай эле документтер менен маалыматтарды алуунун ыкчамыраак жолдорун табышат.

Бир караганда дурус эле берене, бирок жакшыраак көңүл бурганда коомдук мааниdeги маалыматтарды таратууга конкреттүү тоскоолдуктарды жаратат. Беренедеги "тактоо маалыматтары" деген сөздөргө көңүл буруу керек. Мыйзамда "түшүнүксүз" сөздүн колдонулушуна жол берилбеши керек, анткени ал маселени даана ачып бербейт, ал эми бүдөмүк туюнтмалар ушул мыйзамдын алкагында так иш-аракет жасоого мүмкүндүк бербейт. Мыйзамдын өзү конкреттүү учурларда эмнелерди "маалыматтарга" кошуу керектигин аныктабайт, ошондуктан анын ордуна алдын ала тактоо, алды ала тергөө жана соттук тергөө органдары "чечишет". Демек, эгер мыйзамда документтер менен маалыматтардын так тизмеги жок болсо, кызмат адамдары бийликти кыянат колдоно алышат.

КР ЖПК 7-бөлүмүндө тергөө амалдарына тартылган белгилүү категориядагы адамдардан белгиленген тартипте тергөө сырын ашкерелебөө жөнүндө кол койдуруп алынары көрсөтүлгөн. Булар: күбөлөр, эксперттер жана адистер, котормочу, ошондой эле кээ бир башка катышуучулар.

Бирок бул топко кирбесе да, зарыл маалыматтын баарын билген башка адамдар да бар. Мисалы, жазык мыйзамдарынын тергөө маалыматтарын ачыкка чыгарбоо жөнүндөгү ченемдери жайылтыла турган айыпталуучулар же шектүүлөр ушундай. Кандайдыр бир маалыматты ачыкка чыгарууга тергөөчү, прокурор же сот чек койгон учурда бул амалдардын каалагандай катышуучусу (журналист үчүн – маалымат булагы) журналистке бул же тигил маалыматтын канчалык бөлүгүн беришти өзү чечиши керек.

Журналисттин маалымат алуу үчүн сырды ачыкка чыгарбоого тиешелүү милдеттенме менен чектелбеген башка булактары бар экенин эске алганда, 18-беренеде көрсөтүлгөн органдарга жазуу жүзүндө суроо-талап жиберүүнүн зарылдыгы болбойт.

Мына ушул эле негизги себептерге байланыштуу ушул пунктту мыйзамдан алып салуу зарыл.



# IX БӨЛҮМ.

# ЖМКнын ЖООПКЕРЧИЛИГИ ЖАНА АНДАН БОШОТУУ УЧУРЛАРЫ

Кадыр-баркты же ишкер абройду каралаган маалыматтарды төгүндөө боюнча жоопкерлер – аларды тараткан адамдар.

КР ЖПК 60-беренесинин талаптарына ылайык, доогер өзүн каралаган маалыматтарды доо коюлган адам тараткандыгына далилдерди келтирүүгө милдеттүү. Ал эми жоопкер таратылган маалыматтардын чындыкка туура келерин далилдөөгө милдеттүү.

Эгер доодо маалыматтарды ЖМКда төгүндөө талабы коюлган болсо, жоопкер катары автор, тийиштүү жалпыга маалымдоо каражаты (редакция), маалымат материалын берген адам чакырылат.

Мындай маалыматтарды авторун көрсөтпөй жарыялаганда (мисалы, редакциялык макалада) же башка жол менен таратканда иш боюнча жоопкер болуп жалпыга маалымдоо каражаты (редакция) чакырылат.

КР “Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө” мыйзамынын 25-беренесине ылайык, мыйзам ченемдерин бузгандыгы үчүн жалпыга маалымдоо каражатынын уюмдаштыруучусунун атынан жетекчи, жалпыга маалымдоо каражатынын органынын атынан редактор же маалымат материалын берген адам жоопко тартылат.

Талаптагы жоопкерди аныктоо үчүн жалпыга маалымдоо каражатынын укук бекитүүчү документтерин текшерүү, ошондой эле ЖМКнын катталгандыгын аныктоо керек (КР “Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө мыйзамы”, КР Өкмөтүнүн 1992-жылдын 19-августундагы № 410 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында жалпыга маалымдоо каражаттарын каттоо тартиби жөнүндө” жобо).

"Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө" мыйзамды кынтыксыз дешке болбойт. Анын текстинде так эместиктер жана карама-каршылыктар кездешет. ЖМК ишмердигинин айрым маселелери дегеле чагылдырылган эмес. Бирок анын ушунча жылдан бери жалпыга маалымдоо каражаттарынын жакшы иштеп келишине өбөлгө түзгөн дурус жактары да бар.

Алсак, мыйзамда чындыкка дал келбеген маалыматтарды тараткандыгы үчүн ЖМК жооп бербейт деп белгиленген (26-бер.). Бул берене "Чындыкка дал келбеген маалыматтарды тараткандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотуу учурлары" деп аталат. Анда ЖМКны жана журналисттерди күнүмдүк иште коргой турган төрт позиция аныкталган:

а) эгер бул маалыматтар расмий документтерде жана билдирүүлөрдө камтылган болсо;

Расмий документтер жана билдирүүлөр – бул мыйзамда аныкталган тартипте мамлекеттик бийлик органдарынан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан чыккан каалагандай документтер жана билдирүүлөр.

Ачык сөз – жалпыга кабарлоо үчүн чыгарылган билдирүү, ал каалоочулар үчүн ачык жерде, демейки үй-бүлө чөйрөсүнө тиешелүү эмес, олуттуу сандагы кишилер катышкан, билдирүүнүн калайыкка жарыя айтылып жатканын күбөлөндүрүп турган жагдайда тикелей же техникалык каражаттар аркылуу угузулган билдирүү (КР "Терминдердин расмий чечмелениши жөнүндө" мыйзамы[40], КР "Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө" мыйзамы).

Мисалы, расмий документтерге алдын ала пландалган, тийиштүү органдын, уюмдун атайын бөлүнгөн жайында, бекитилген күн тартибине ылайык, журналисттердин катышуусу менен уюштурулган отурумда кызмат адамынын чыгып сүйлөгөн сөзүн кошууга болот[41].

Эгер сот кызмат адамынын расмий чыгып сүйлөгөнгө ыйгарым укугу болбогондугун, өзүнүн эле жеке көз карашын

[40] http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/139 сайтында жеткиликтүү

[41] "Ар-намысты, кадыр-баркты, ишкердик беделди коргоо тууралуу талаштарды чечүү боюнча соттук тажрыйба жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленумунун №4 токтому, 2015-жылдын 13-февралы

айткандыгын аныктаса (бул жөнүндө жалпыга маалымдоо каражатынын редакциясы, редактор, журналист билген болсо), анда жалпыга маалымдоо каражатынын редакциясы, редактору, журналист жоопкерчиликтен бошотулбайт.

Расмий сөздөрдү жана документтерди ЖМКда жарыялоонун милдеттүүлүгү КР "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ишмердигин мамлекеттик жалпыга маалымдоо каражаттарында чагылдыруу тартиби жөнүндө" 2007-жылдын 13-июнундагы №86 мыйзамында аныкталган, демек, мындай билдирүүлөр жана документтер расмий мүнөзгө ээ.

б) эгер алар маалымат агенттиктеринен же мамлекеттик жана коомдук органдардын басма сөз кызматтарынан алынган болсо.

Мында суроо-талап боюнча алынган жооптордо камтылган же мамлекеттик органдардын эле эмес, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын басма сөз кызматтарынан алынган материалдарда камтылган кабарларды да эске алуу керек.

в) эгер алар ачык айтылган сөздүн дал өзүндөй кайталанышы болсо. Ачык сөздүн (же анын келкилеринин) дал өзүндөй кайталанышы – автордун сөзүнүн, билдирүүлөрдүн, материалдардын, алардын келкилеринин мааниси өзгөртүлбөй цитаталанышы дагы.

Басма сөздө же башка ЖМКда маалыматты бергенде кайталаганда редакциялоо процесси жүрөрүн – кеп оңой кабылданышы үчүн жөнөкөйлөтүлүшү мүмкүн экенин эске алуу керек. Мындай цитаталоо ойдун мазмуну сакталган оригинал сөздөн анча-мынча айырмаланышы ыктымал.[42]

Бирок айрым учурларда сүйлөнгөн сөздүн, билдирүүнүн, материалдын дал өзүндөй цитаталанышы ошол сөздө, билдирүүдө, материалда берилген мааниге толугу менен каршы келип калышы да ыктымал.

Эгер сүйлөнгөн сөздү, билдирүүнү, материалды жана алардын келкилерин кайталап бергенде аларга жалпыга маалым-

[42] "Ар-намысты, кадыр-баркты, ишкердик беделди коргоо тууралуу талаштарды чечүү боюнча соттук тажрыйба жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Пленумунун №4 токтому, 2015-жылдын 13-февралы

доо каражаты кандайдыр бир өзгөртүүлөрдү жана түшүндүрмөлөрдү кыстарып, маанисин бурмалаган болсо, анда жалпыга маалымдоо каражатынын редакциясы, редактор, журналист жоопкерчиликтен бошотулбайт.

г) эгер анда жарандардын алдын ала жазылбай эле эфирге чыккан сөздөрү камтылса.

Бул тизмек толук түзүлгөн жана кеңейтип чечмеленбейт.

Мисалы, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү жарыя жарнама иретинде берилип жатат десе эле жоопкерчиликтен бошотулбайт.

Мындай иштер боюнча кабардын чындыкка туура келерин аны берген жаран, жеке ишкер же юридикалык жак далилдеши керек. Эгер доо канааттандырылса жалпыга маалымдоо каражатынын органына соттун чечими жөнүндө маалымдоо милдети гана жүктөлүшү мүмкүн.

Бул ченем кошумча жагдайларды эске алуу менен кеңейтилсе жакшы болмок.

Көрүнүп тургандай, мындай учурлардын бири “Теле көрсөтүү жана радио уктуруу жөнүндө” аралык мыйзамдагы ченем болушу мүмкүн. Бул мыйзамдын 45-беренесинде “телерадио уюм жана анын кызматкерлери чындыкка туура келбеген маалыматты тараткандыгы үчүн төмөнкүдөй учурларда жооп бербейт: башка жалпыга маалымдоо каражаты же маалымат агенттиги тараткан маалыматты ага шилтеме жасоо менен сөзмө-сөз кайталаган болсо” деп белгиленген.

Орусия Федерациясынын ЖМК жөнүндө мыйзамынан да ушундай ченемди кездештирдик (57-бер.): “редакция, баш редактор, журналист чындыкка дал келбеген же жарандардын жана уюмдардын кадыр-баркына жана аброюна доо кетирүүчү, же болбосо жарандардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын басынтуучу, же балдардын ден соолугуна жана/же жетилишине зыян келтирүүчү маалыматтарды тараткандыгы, же болбосо жалпыга маалымдоо эркиндигин кыянат пайдалангандыгы үчүн төмөнкүдөй учурларда жоопко тартылбайт: эгер алар жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндөгү мыйзамды бузгандыгы аныкталып, жоопко тартылышы мүмкүн болгон башка жалпыга маалымдоо каражаты тараткан

маалыматтардын, материалдардын же алардын келкилеринин сөзмө-сөз кайталанышы болуп саналса".

Орусия Федерациясынын "ЖМК жөнүндө" мыйзамынын 57-беренесиндеги ченем биздин ЖМК жана телерадио берүү жөнүндөгү мыйзамдардын 26 жана 45-беренелериндегиге салыштырмалуу кыйла кенен экенин белгилеп коюу зарыл.

Орусиянын мыйзамдары редакцияны, баш редакторду жана журналистти чындыкка дал келбеген маалыматтардан тышкары жарандардын башка укуктарына жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына (мисалы, жеке жана үй-бүлөлүк сырды сактоо укугуна) же балдардын ден соолугуна жана жетилишине зыян келтирген маалыматтарды да тараткандыгы үчүн, ошондой эле жалпыга маалымдоо укугунан жана/же журналисттин укуктарынан кыянат пайдалангандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотот (бул жагынан КР "ЖМК жөнүндө" мыйзамынын 23-беренесинде жарыяланбай турган маалымат түрлөрүнүн кеңири тизмегин камтыган 10 пункт бар).

Орусиянын ченеминин чечмелениши жоопкерчиликтен бошотулуучу субъекттер боюнча да кененирээк берилген. КРнын "ЖМК жөнүндө" мыйзамында жалпыга маалымдоо каражаттарынын органдары гана айтылса, Орусияныкында редакциядан тышкары баш редактор жана журналист да көрсөтүлгөн.

Биздин оюбузча, бул маселе боюнча медиа укук жаатындагы чоң эксперт, филология илимдеринин доктору А. Г. Рихтер өз пикирин абдан таасын билдирген (анын эмгектерине жана позициясына биз далай ирет шилтеме келтиргенбиз):

"Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндөгү мыйзамды бузгандыгы аныкталып, жоопко тартылышы мүмкүн болгон башка жалпыга маалымдоо каражаты жөнүндө айтканда, мыйзамда каалагандай эле жарыяларды жана ресурстарды (мунун ичинен Интернетти) эмес, катталган ЖМКларды гана эске алат. Чет элдик булактардан алып бастырган учурдагы жоопкерчиликтен бошотуунун принципиалдуу мүмкүнчүлүгүнө көңүл бурабыз. "ЖМК жөнүндө" мыйзамдын 57-беренесинин 6-п. ченемди колдонгондо, Жогорку сот "башка жалпыга маалымдоо каражаты катары" биздин өлкөдө катталбаган

ЖМКларды да эске алууну талап кылат. Ал орусиялык ЖМК чет өлкөлүк ЖМКнын материалдары да кайталап жарыялашы жана бул үчүн 57-беренеге ылайык жоопко тартылбашы мүмкүн экенин көрсөтөт. Буга байланышуу кеп катталган чет өлкөлүк ЖМКлар жөнүндө эместигин айта кетели, анткени ЖМК чет өлкөдө адатта каттоодон өтпөйт"[43].

Автор өзүнүн "Журналистиканын укуктук негиздери" эмгегинде көбүнчө Жогорку сотко, тагыраагы, Орусия Федерациясынын Жогорку сотунун пленумунун "Орусия Федерациясынын сотторунун "ЖМК жөнүндө" мыйзамын колдонуу практикасы тууралуу" токтомуна шилтеме жасайт.

Китебинин кириш сөзүндө ал өзүнүн эмгеги жөнүндө мындай дейт (биз эң кызыктуу деп ойлогон тезистерди келтиребиз):

"Мазмуну Орусиянын мыйзамдарында жана сот өндүрүшүндө соңку жылдарда жүргүзүлгөн өзгөртүүлөргө шайкеш келтирилди. Айрыкча Орусия Федерациясынын  Жогорку сотунун пленумунун ЖМК жөнүндөгү мыйзамдарга тиешелүү орчундуу токтомдоруна көңүл бурулду.

Мурдагы басылыштарда чыккан "Интернет жана анын укуктук жөнгө салынышы" бөлүмү алып салынды, анткени жаңы технологиялардын өнүгүүсү менен Орусиянын ЖМКлары онлайн жашай баштады, ал эми желе басылмалардын укуктук жөнгө салынышын салттуу ЖМКлардыкынан жана керисинче айырмалоо барган сайын кыйын болууда.

Чет өлкөлөрдө, мунун ичинен постсоветтик мамлекеттерде ЖМК жана журналисттердин ишмердигинин кандай жөнгө салынып жаткандыгы тууралуу мисалдар да алып салынды. Анткени чет өлкөлөрдүн тажрыйбасы Орусиядагы ЖМКлардын укугу үчүн теориялык жана практикалык маанисин жоготту".

Орусия Федерациясынын Жогорку сотунун пленумунун 2010-жылдын 15-июнундагы "Орусия Федерациясынын  сотторунун "ЖМК жөнүндө" мыйзамын колдонуу практикасы тууралуу" токтомунда сөз эркиндигин жана жалпыга маалымдоо

[43] Журналистиканын укуктук негиздери. Окуу китеби. А. Г. Рихтер – 2016-ж.

эркиндигине тиешелүү маселелерди жөнгө салуучу чечмелөөлөр басылган.

Орусия Федерациясынын Жогорку сотунун пленумунун бул токтому жалпыга маалымдоо каражаттарынын ишмердигине байланышкан иштерди чечүүдөгү соттук практиканы бирдей нукка салууга багытталган. Токтомдо, атап айтканда, Интернет желесиндеги сайттарды (интернет-ЖМК) каттоо, жалпы маалыматты өндүрүүгө жана таратууга катышуучу жактардын курамын аныктоо, соттордун ишмердиги жөнүндө маалыматтарды берип туруу, пикир айтуу эркиндигин жана жалпыга маалымдоо эркиндигин кыянат пайдалангандык болуп саналган кабарларды тараткандык үчүн жоопкерчиликти аныктоо маселелери каралган.

Мисалы, Интернет желесиндеги сайттар жалпыга маалымдоо каражаттары катары милдеттүү түрдө каттоодон өткөрүлбөй тургандыгы көрсөтүлгөн. Мында соттордун көңүлү каттоочу орган ЖМКны мамлекеттик каттоодон баш тартуу үчүн мыйзамда белгиленген толук негиздин жоктугуна байланыштуу Интернет желесиндеги сайтты жалпыга маалымдоо каражаты катары каттоодон баш тартууга акысы жок экенине бурдурат.

Расмий катталган интернет-ЖМКлар окурмандардын форумда жазган, жалпыга маалымдоо эркиндигин кыянат пайдалануу болуп саналган (мисалы, социалдык, улуттук же диний кастыкты үгүттөгөн) комментарийлери үчүн жөнгө салуучу органдын комментарийди алып салууну же редакциялоону талап кылуусунан кийин да ордунда калтырган учура гана жооп берет.

Токтомдо ЖМКда жарандардын жеке турмушу жөнүндөгү маалыматтарды таратууга, ЖМКдагы жарыяга негиз болгон маалымат булагын ачыкка чыгарууга тиешелүү талаштарды караштыруу тартиби боюнча да түшүндүрмө берилген. Биринчи маселе боюнча сотторго кызмат адамдарынын жана коомдук ишмерлердин иш-милдеттерин аткаруусу жөнүндөгү билди-

рүүлөр менен эл алдындагы ишмердик менен алектенбеген адамдын жеке турмушуна тиешелүү билдирүүлөрдү айырмалоо керектиги сунушталган.

Биздин оюбузча, бул модель айрым учурларда маалыматтык укук мамилелеринин, мыйзамдык базанын жана укук колдонуу практикасынын негизин түзсө туура болмок. Бирок укук колдонуу практикасы укук нугунда иштеши үчүн мыйзамдык платформаны кыйла тактап жазуу керек. Эгер азыр ЖМК жөнүндө мыйзамга прогрессивдүү ченемдер киргизилсе, кийинки кадамда КР Жогорку сотунун пленуму чечим чыгарышы керек. Демек, бул багытта да кыйла күч-аракет талап кылынат. Мыйзам бул эмгекте айтылган бардык жагдайларды камтый албайт, бирок Орусия Федерациясынын Жогорку сотунун пленумунун токтомунда сунушталган кээ бир ченемдерди биздин "ЖМК жөнүндө" мыйзамыбызга да киргизүүгө болот.

Чечмелениши жана түшүндүрүлүшү зарыл маселелер көп. Ошондуктан "ЖМК жөнүндө" мыйзамды өзгөртпөй эле тармактагы айрым оош-кыйыштуу мыйзам актыларына өзгөртүүлөр менен толуктоолорду киргизүү менен абалды оңдоо мүмкүн эмес. Анткени аларды негиздөө жана талкуулоо жолжоболорунан өткөрүү кыйын.

# ТЫЯНАК

## КР “ЖМК ЖӨНҮНДӨ” МЫЙЗАМДАГЫ ТҮШҮНҮКТӨРДҮН АНЫКТАМАЛАРЫ

КР “ЖМК жөнүндө” мыйзамынын колдонуудагы редакциясында эң башкы өксүк – “жалпыга маалымдоо каражаты” деген бирдиктүү түшүнүктүн жоктугу.

КР “ЖМК жөнүндө” мыйзамынын 1-беренесиндеги “ЖМК” аныктамасы анын башка беренелериндеги ченемдер менен толук шайкеш эмес. Бир жеринде ЖМК тийиштүү укук мамилелеринин объекти катары, башка жеринде субъекти катары каралат. Табияты башка болгондуктан, “китептер” жана “бир жолку басылмалар” сыяктуу категориялар ЖМК түркүмүнө киргизилбеши керек эле. Аларды мыйзамдан чыгарып салуу зарыл. Жалпыга маалымдоо каражаттары түшүнүгүнө аныктама бергенде маалыматтык укук мамилелеринин бул объектилерин алып салып, квалификациялоочу белгилери бар аныктама же индикаторлору бар критерийлер тизмеги менен алмаштыруу керек.

Бул жерде эки ык же стандарт сунушталат: Орусиянын тажрыйбасы жана Европанын үлгүсү (Европа Кеңешинин стандарттары).

Орусиялык нукта жалпыга маалымдоо каражаттары деп чектелбеген чөйрөдөгү адамдарга арналган, туруктуу аталышы бар жана жыл сайын бир жолудан кем эмес ирет жарык көрүп туруучу басма, аудиовизуалдык же башка формалардагы мезгилдик таркатма каражаттар таанылат.

Орусияда мыйзамга ылайык жалпыга маалымдоо каражаты катары катталган маалымат-телекоммуникация желесиндеги

сайт деп түшүнүлүүчү желе басылмаларын каттоо мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен жаңы ЖМКлар мыйзамдаштырылды.

Европанын нугунда бул маселе кыйла кызыктуудай көрүнөт, анткени салттуу ЖМК эле эмес, жаңы катышуучуларды да эске алган медиа сектордун өзгөрүүлөрүн канчалык терең жүргөнүн изилдегенге жол ачууда.

Катышуучу мамлекеттердин министрлер комитетинин ЖМК боюнча жаңы түшүнүк жөнүндө CM/Rec(2011)7 нускамасы (Министрлердин туруктуу өкүлдөрүнүн 2011-жылдын 21-сентябрындагы 1121-отурумунда кабыл алынган). Өкмөттөргө ЖМК чөйрөсүндөгү стандарттарды жаңы жалпыга маалымдоо каражаттарынын ишмердигине же катышуучуларына карата кантип колдонуу керектиги боюнча нускамалар берилет (Европа Кеңешинин колдонуудагы стандарттарына таянып).

ЖМК чөйрөсүндөгү саясатты аныктай турган жетекчилерге конкреттүү ишмердик, тейлөө түрлөрүн же катышуучуларда ЖМК катары кароо керектигин же керек эместигин талдаганда белгилүү бир критерийлерди эске алуу сунушталат.

Европадагы тажрыйбаны иликтеп көрүп, авторлор бул ык өтө ийкемдүү жана ЖМКга карата критерийлерди окшоштугу боюнча кароону сунуштайт экен деген жыйынтыкка келди.

Алты критерийдин баарын жалпыласак, Европанын стандарттары бизге ЖМК жөнүндө төмөнкүдөй түшүнүктү берерин көрөбүз: бул – кесипкөй стандарттар боюнча, жалпы кабыл алынган адептик ченемдерди сактап иштеген, редакциялык саясаты бар, ЖМК катары катталган болушу да ыктымал (ыктыярдуу катталган), аталышы бар, маалыматты кеңири таратуучу (нускасы, көрүүчүлөрүнүн же пайдалануучуларынын саны), кыйла тез-тез жана ар түрдүүчө, жеткиликтүү маалымат берип турган (жаңылыктарды чыгаруучу) журналисттер жамааты.

"Маалымат агенттиктеринин" (МА) макамын так аныктап, аныктама берүү керек. Мында түшүнүк аппаратындагы аныктама берип эле койбостон, өзүнчө берене кылып бөлүү кажет. Ошенткенде Европа Кеңешинин тажрыйбасы боюнча жогорудагы критерийлер колдонулушу мүмкүн.

Жогоруда айтылгандарды жыйынтыктап, мындай аныктамага токтосок болот деп ойлойбуз: чыныгы маалымат агенттиги – бул, биринчи кезекте, аймактарда кабарчы пункттары же кабарчылары бар, ЖМК режиминде иштеген, жаңылык маалыматтарын чыгарып туруучу редакция.

## Цензурага тыюу салуу

КР "ЖМК жөнүндө" мыйзамынын 1-беренесинин 2-пунктуна ылайык, "жалпыга маалымдоо каражаттарын цензуралоого жол берилбейт".

Цензура деп маалыматты таратууга тоскоолдук кылуу максатында тикелей кысым көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн эле эмес, ЖМКнын мазмундуу ишине кийлигишип, өзгөртүү максатында кыйыр түрдө таасир этүүнү да түшүнүү керек. Ар түрдүүчө, ЖМК активдерин мыйзамсыз улутташтыруу же өткөрүп берүү учурларында, кадыр-баркты жана ишкер абройду коргоо иштери боюнча өтө оор айып салуу, мүлктү камакка алуу да ушундайча жүзөгө ашырылат деп таануу керек.

ЖМК ишмердигин жүргүзгөн чөйрөдө чектөөлөрдү киргизүү, жарандык жүгүртүүгө чыгарылган маалыматтын таралышын чектөө (талаптагыдай эмес делген маалыматтын таралышын токтото туруу же токтотуп салуу), кесиптик милдетин аткарышына чек коюу үчүн журналисттерге карата күч колдонуу же опуза кылуу, жалпыга маалымдоо каражаттарын рейдерлик басып алуу – булардын баары цензура максатында жасалат.

Колдонуудагы мыйзамга бир гана берене менен чектеп койбой, цензура түшүнүгүнө арналган атайын бөлүмдү кирги-

зүү зарыл. Анда буга чейин боло келген ыктымал учурлардын баарын тыкыр сыпаттап көрсөтүү керек.

Мыйзам чыгаруучуларга ыктымал түзөтүүлөрдөн кийин КР "ЖМК жөнүндө" мыйзамында аныкталган түшүнүү боюнча цензура жасагандык үчүн жазык жоопкерчилигин орнотууну сунуш кылуу кажет.

Журналисттик ишмердикти жүргүзүүгө тоскоолдук кылгандык үчүн да административдик жоопкерчиликти караштыруу керек (муну журналисттердин ишине жазык кылмыш болуп саналбагандай тоскоолдук кылуу аракети деп түшүнүү кажет). Же Жосундар жөнүндөгү кодекстин колдонуудагы 89-беренесине укук бузуулардын (мисалы, маалыматты тараткандыгы үчүн эле эмес, аны чогулткандыгы (митингдерди, жүрүштөрдү ж.б.у.с. чагылдыруудагы) жаңы курамдарын толуктоо зарыл. Ошентип, укук бузуу субъекттеринин чөйрөсүн кеңейтүү кажет.

## ЖМКны каттоо

Соттун, кызмат адамынын (тергөөчүнүн, сот аткаруучунун) чечими бар болсо, каттоого чек коё турган 20-беренеге көңүл буруңуз. Эгер сот актысы боюнча баары түшүнүктүү болсо, мыйзам бизди эркиндигинен ажыраткан жайларда жазасын өтөп жаткандыгына байланыштуу уюмдаштыруучу болбошу ыктымал негиздөөчүлөргө назар салдырат. Бирок тергөөчүнүн жана сот аткаруучунун ролу такыр түшүнүксүз. ЖМКны каттоодон баш тартылышы үчүн бул жактарын кайсы документ болушу керек?

Жобонун 23- жана 24-беренелеринде белгилүү маалыматты камтып, ЖМК жетекчисинин паспортунун же Кыргыз Республикасынын мыйзамдары боюнча өздүктү тастыктоочу документ деп таанылуучу башка документинин көчүрмөсү тиркелген, ЖМКны мамлекеттик каттоо жөнүндө арыз тууралуу айтылат.

Бул документ кимдики экени түшүнүксүз – ЖМКнын болочок баш редакторунукубу же юридикалык жактын аткаруу деректириникиби (анда ушундай деп көрсөтүү керек эле)? Эгер

уюмдаштыруучусу бар болсо, беркилер эмне үчүн керек? Биздин оюбузча, булар жок дегенде азыркы кезде ашыкча. Каржылоо булактарын жана программалык максаттары менен милдеттерин көрсөтүү талабы да такыр ашыкча. Бул талаптар формалдуу сыяктанат – аларды текшерүү жана кийин кайра текшерүү эч кимдин иш-милдетине кирбейт. Демек, булар эмне үчүн керек? Жободон буларды чыгарып салуу кажет.

## Редакция жана Жобо

Учурдагы уюштуруучулук-укуктук кенемтени толуктап, “ЖМК жөнүндө” мыйзамга “редакция” жана “редакциянын уставы” түшүнүктөрүн киргизүү керек. Мында уюмдун (юридикалык жактын) уставы боюнча чаташууга жол бербеш үчүн редакциянын уставын “редакциянын ички жобосу” (андан ары устав же жобо) деп атоо кажет. Функционалдык милдеттерди жөн эле ЖМК чыгаруудан кененирээк кылган оң болушу мүмкүн.

Редакциянын жобосун кабыл алуу үчүн редакция түшүнүгүнө аныктама бериш керек. редакция мыйзамда уруксат берилген каалагандай формадагы юридикалык жак да, өз алдынча чарба субъекти да болушу мүмкүн.

Редакцияны баш редактор жетектейт, ал өзүнүн ыйгарым укуктарын ушул мыйзамдын, редакциянын уставынын, негиздөөчүлөр менен редакциянын (баш редактордун) ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде жүзөгө ашырат. Баш редактор редакциянын атынан уюмдаштыруучулар, басып чыгаруучу, таратуучу, жарандар, жарандардын бирикмелери, ишканалар, мекемелер, уюмдар, мамлекеттик органдар менен мамиле түзөт, ошондой эле сотко да барат. Ал жалпыга маалымдоо каражаттарынын ишмердигине “ЖМК жөнүндө” мыйзам жана башка мыйзамдык актылар тарабынан коюлуучу талаптардын аткарылышы үчүн жооп берет.

Редакция (баш редактор) жалпыга маалымдоо каражатынын уюмдаштыруучусу, басып чыгаруучусу, таратуучусу, мүлк ээси боло алат.

Редакциянын ички жобосу журналисттердин жалпы жамаатынын (штаттагы кызматкерлеринин) чогулушунда көпчүлүк добуш менен – курамынын үчтөн экисинен кем эмес бөлүгү катышканда – кабыл алынат.

Юридикалык жак катары уюшулуучу редакциянын жобосу бир эле учурда ушул юридикалык жактын уставы да болушу мүмкүн. Мындайда редакциянын уставы юридикалык жактарды каттоо жөнүндөгү мыйзамдарга да шайкеш келиши кажет.

## ЖМКнын ишмердигин токтото туруу жана токтотуп салуу

ЖМКнын ишмердигин токтотуп салууга негиздер жана мунун жол-жоболору КР "Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө" мыйзамында жазылып, бул компоненттерди камтууга тийиш:

1. Уюмдаштыруучу редакциянын ички жобосунда же уюмдаштыруучу менен редакциянын (баш редактордун) ортосунда түзүлгөн келишимде каралган учурларда жана тартипте гана жалпыга маалымдоо каражатынын ишмердигин токтото турууга же токтотуп салууга укуктуу.

2. Жалпыга маалымдоо каражатынын ишмердигин сот токтотуп салышы үчүн бир жыл ичинде редакциянын ушул Мыйзамдын 23-беренесиндеги талаптарды бир нече ирет бузгандыгы, ал боюнча ыйгарым укуктуу орган (биз үчүн – Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин Маалымат департаменти) уюмдаштыруучуга же редакцияга (баш редакторго) жазуу жүзүндө эскертүүлөрдү жиберип тургандыгы, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражатынын ишмердигин токтото туруу жөнүндө сот тарабынан мурда кабыл алынган токтомду аткарбагандыгы (эгер ушундай ченем мыйзамда калтырылса) негиз болууга тийиш. Эскертүү ыйгарым укуктуу органдын жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө мыйзамдын бузулушун алдын алуу максатында берилүүчү, буга жол берилбестигин көрсөтүүчү ченемдик актысы болушу керек.

3. Тармактагы иш-милдеттерди жөнгө салууга ыйгарым укуктуу жалгыз органды аныктоо керек. Көзөмөл жүргүзүү жол-жоболорунда жоопко тартуу үчүн негиздер тыкыр жазылышы кажет. Көзөмөлдөөчү орган гана ЖМКнын ишмердигин токтотуп салуу жөнүндө демилге көтөрүүгө укуктуу. Жөнгө салуучу органдардын ЖМКга тиешелүү каалагандай иш-чаралары сот тартибинде жокко чыгарылышы мүмкүн.

## ЖМКнын эркиндигин кыянаттык менен пайдаланууга жол берилбестиги

Ачык жарыяланбай турган маалыматтардын тизмеги КР “Жалпыга маалымдоо каражаты жөнүндө” мыйзамынын 23-беренесинде келтирилген.

Тыюулар тизмегиндеги айрым жоболор укук колдонуу практикасында иштеши боюнча талаш жаратат. Атап айтканда, согушту, зомбулукту жана таш боордукту, улуттук, диний жиктешүүнү, башка элдерди жана улуттарды жектөөнү үгүттөө коомдо өтө коркунучтуу жосундар болуп саналарын, алар Жазык кодексинде кылмыш деп эсептелерин белгилей кетүү керек.

Бул маселени чечүү үчүн КР “Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө” мыйзамынын 323-беренесинин “в” пунктун КР Жазык кодексинин 313-беренесинин жоболоруна шайкеш келтирүү керек. Ушундай эле түзөтүүлөрдү 23-берененин башка жоболоруна да киргизүү кажет: “б” пунктун Жазык кодексинин 310-беренесинин жоболоруна, “з” пунктун Жосундар жөнүндө кодекстин 175-беренесинин жоболоруна шайкеш келтирүү абзел.

“Жарандык жана улуттук адеп ченемдери”, “элдердин жарандык кадыр-баркына”, “динге ишенгендердин жана дин кызматкерлеринин диний сезимине” акарат келтиргендик сыяктуу жоболорду бул беренеден алып салуу керек, анткени алар формалдуу туюнтулбай жана бекемделбей турган баалуулуктарга кирет.

## Маалыматтын жеткиликтүүлүгү.
## Укуктар жана милдеттер

Таратылуучу маалыматты ар тараптуу текшерүү милдети социалдык жоопкерчиликтүү журналистиканын негизин түзөт, аны "ЖМК жөнүндө" мыйзам коргоого алат.

"ЖМК жөнүндө" мыйзамга кошумча киргизип, журналисттин суроо-талабына мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жооп кайтаруусунун конкреттүү мөөнөтүн 5 күндөн ашпайт деп тактап жазуу зарыл.

Эгер суроо-талап адам укуктары менен эркиндиктерин, айлана-чөйрөнү коргоого, болуп өткөн же болушу ыктымал, жарандардын жана мамлекеттин коопсуздугуна коркунуч келтирген аварияларга, кырсыктарга, кооптуу табигый кубулуштарга же башка өзгөчө кырдаалдарга тиешелүү болсо, жооп даярдоо мөөнөтүн 2 суткага чейин деп белгилеш керек. Жогоруда санап көрсөтүлгөн учурлардын тизмеги кеңейтилиши да мүмкүн.

Жеке менчик уюмдардын карамагындагы маалыматтын жеткиликтүүлүгү боюнча өзүнчө пунктта буларды тактап көрсөтүү зарыл: ишканалар, мекемелер жана уюмдар, алардын кызмат адамдары коомдун кызыкчылыгына, жарандардын укуктарына, эркиндиги менен мыйзамдуу кызыкчылыктарына тиешелүү маалыматтар менен таанышуу мүмкүнчүлүгүн ЖМК-га түзүп бериши керек. Маалыматка ээлик кылуучулардын бул категориясы үчүн, юридикалык жак, жеке ишкер же аралаш формадагы менчиктүү акционердик коом экенине карабастан, бул мөөнөттү 10 күн деп белгилеш керек.

Мыйзамга коомдук маанидеги маалымат түшүнүгүн так жазып коюу зарыл. Мисалы, тигил же бул кабардын мамлекеттик сырга киргизилиши жөнүндөгү маселени чечкенде мындай укугу бар кызмат адамдары айрым кабарларды мамлекеттик сырга кошууга болбостугун эске алышы керек: 1) жарандардын коопсуздугуна жана ден соолугуна коркунуч келтирүүчү табигый кырсыктар жана өзгөчө окуялар жөнүндө; 2) кыйроолор

жана алардын кесепеттери жөнүндө; 3) экология, жаратылыш ресурстарын пайдаланууда, саламаттык сактоо, санитарияда, маданият, айыл чарбасы, билим берүү, соода жана укук тартибин камсыздоодогу жагдай жөнүндө; 4) мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана уюмдардын, алардын кызмат адамдарынын мыйзам бузган фактылары жөнүндө; 5) жарандардын укуктарына жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына зыян келтирүүчү, ошондой эле алардын жеке коопсуздугуна коркунуч келтирүүчү фактылар жөнүндө (11-берене).

Сырга айлантылбай турган маалыматтардын бул тизмегин биз мыйзам боюнча коомдук маанидеги маалыматтарга кошууну, аны мүмкүнчүлүккө жараша кеңейтүүнү мыйзам чыгаруучуларга сунуштайбыз.

Коомдук маанидеги маселелерди ачуу жана аларга көңүл бургузуу үчүн журналисттик иликтөө учурунда дагы басма сөз аудиовидео техниканы тымызын колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу зарыл.

## ЖМКнын башка жактар менен мамилеси

“ЖМК жөнүндө” мыйзамдын 18-беренесине ылайык, эгер сот талап кылбаса, журналистке маалымат берген адамдын аты-жөнүн ачыкка чыгарбоо укугу берилген. Бул берененин ушул пункту журналисттин пайдасына иштээрин, калгандары ЖМК ишмердигине жана журналисттин өзүнө кыйла зыян келтириши ыктымал экенин белгилей кетүү керек.

Бул берененин экинчи пунктунда ЖМК органынын “тактоонун, алдын ала же соттук тергөөнүн маалыматтарын бул иш-чараларды жүргүзгөн органдардын, прокурордун жана соттун жазуу жүзүндөгү уруксатысыз ачыкка чыгарышына тыюу салынат” деп көрсөтүлгөн. Бул ченем журналисттер коомчулугу үчүн цензура болуп саналат, ошондуктан мыйзамдан алып салуу зарыл.

## ЖМКнын жоопкерчилиги жана андан бошотуу учурлары

Мыйзамда чындыкка дал келбеген маалыматтарды тараткандыгы үчүн ЖМК жооп бербейт деп белгиленген (26-берене). Бул берене "Чындыкка дал келбеген маалыматтарды тараткандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотуу учурлары" деп аталат. Анда ЖМКны жана журналисттерди күнүмдүк иште коргой турган төрт позиция аныкталган. Бул ченемди кошумча учурлар менен толуктоо зарыл.

Мындай учурлардын бири жок дегенде "Теле көрсөтүү жана радио уктуруу жөнүндө" аралык мыйзамдагы ченем болушу керек. Бул мыйзамдын 45-беренесинде "телерадио уюм жана анын кызматкерлери чындыкка туура келбеген маалыматты тараткандыгы үчүн төмөнкүдөй учурларда жооп бербейт: башка жалпыга маалымдоо каражаты же маалымат агенттиги тараткан маалыматты ага шилтеме жасоо менен сөзмө-сөз кайталаган болсо" деп белгиленген.

Редакцияны, баш редакторду жана журналистти чындыкка дал келбеген маалыматтардан тышкары жарандардын башка укуктарына жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына (мисалы, жеке жана үй-бүлөлүк сырды сактоо укугуна) же балдардын ден соолугуна жана жетилишине зыян келтирген маалыматтарды да тараткандыгы үчүн, ошондой эле жалпыга маалымдоо укугунан жана/же журналисттин укуктарынан кыянат пайдалангандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотуу зарыл (бул жагынан КР "ЖМК жөнүндө" мыйзамынын 23-беренесинде жарыяланбай турган маалымат түрлөрүнүн кеңири тизмегин камтыган 10 пункт бар).

Орусиянын тажрыйбасы кыйла кызыктуу, анткени тийиштүү ченемдин чечмелениши жоопкерчиликтен бошотулуучу субъекттер боюнча да кененирээк. КР "ЖМК жөнүндө" мыйзамында жалпыга маалымдоо каражаттарынын органдары гана айтылса, Орусияныкында редакциядан тышкары баш редактор жана журналист да көрсөтүлгөн.